КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ЖАЛАЛ - АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Диссертациялык кеңеш К.08.12.024

Кол жазма укугунда
**УДК: 346 543 1**

САДЫРАЛИЕВ ЖАНДАРАЛЫ

# РЕГИОНДУН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОТЕНЦИАЛЫН БААЛООНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖАНА АНЫ ПАЙДАЛАНУУНУ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ

**(Кыргыз Республикасынын Жалал -Абад облусунун мисалында).**

08.00.05 "Экономика жана эл чарбасын башкаруу";
(экономика жана ишканаларда, тармактарды, комплекстерди уюштуруу жана башкаруу)

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертация

Илимий жетекчи: экономика илимдеринин
доктору, профессор А.Зулпукаров

Жалал -Абад ш.-2013 ж.

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**................................................................................................ 3

**1-БАП. РЕГИОНДУН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОТЕНЦИАЛЫН ПАЙДАЛАНУУНУ ЖАКШЫРТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ ..............................................................** 11

**1.1.** Инвестициялык ресурстарды тартуунун негизинде регионду өнуктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү ........................................................................11

**1.2.** Региондогу инвестициялык потенциалды баалоонун методикасы ...... 26

**2-БАП. РЕГИОНДУН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮН ЖАНА АНЫН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОТЕНЦИЯЛЫН ТАЛДОО ..................................................................** 44

**2.1.** Региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн абалы .................... 44

**2.2.** Региондун инвестициялык потенциалын интегралдык коэффициент аркылуу баалоо.......................................................................... ......... 66

**2.3.** Региондун инвестициялык жагымдуулугуна экономикалык приоритеттердин тийгизген таасирин изилдөө ... .......................................85

**3- БАП. ИНВЕСТИЦИЯЛЫК РЕСУРСТАРДЫ КОЛДОНУУНУ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ ..............................................................**99

**3.1.** Региондогу жылуулук- энергетикалык комплексинин өнүгүүсүнүн приоритеттери ...............................................................................................99

**3.2.** Инвестициялык ишмердүүлүктү активдештирүү шартында агроөнөржай өндүрүшүн жана туризмди жакшыртуунун жолдору ...........120

**3.3.** Кыргыз Республикасынын инвестициялык саясатынын алкагында Жалал-Абад облусунун өнүгүүсүнүн кээ бир багыттары .............................156

**КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР..................................................**170

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ...........................................................**173

**ТИРКЕМЕЛЕР ..........................................................................................**184

# КИРИШҮҮ

**Изилденген теманын актуалдуулугу.** 1991-жылы СССРдин тарашы менен Кыргызстан, социалдык-саясий түзүлүшү, экономикалык жана геосаясаттык абалы боюнча да түп тамырынан өзгөрүүгө туш болгон, көз каранды эмес мамлекетке айланды.

Республиканын көз карандысыздыкка жетиши - өлкөнүн рыноктук мамилелерге өтүшү жана экономиканы либералдаштыруу менен кошо жүрдү. Өндүруштүк мамилелерде гана түп тамырынан бери өзгөрүүлөр болбостон, өндүрүштүн (чарба жүргүзүүнүн) ыкмаларында, потенциалды пайдалануунун методдорунда жана жолдорунда да түп тамырынан бери өзгөрүүлөргө туш болду.

Потенциалдардын ичинен өзгөчө орунду инвестициялык потенциалга ыйгарууга болот, анткени ал инвестициялык климат, инвестициялык жагымдуулук, инвестициялык керектөөнүн сунушу жана башка кубулуштар аркылуу мүнөздөлөт жана алар менен толукталат. Туура, инвестициялык потенциалды пайдалануу татаал процесс, себеби инвестицияны тартуу менен гана чектелүүгө болбойт, андан сырткары да инвестицияны пайдалануунун стратегиялык максаттарын жана милдеттерин белгилөө керек, инвестицияны пайдалануунун натыйжалуулугун инвестор үчүн да, пайдалануучу үчүн да камсыз кылуу зарыл. Ал үчун инвестициялык процессти белгилүү бир мейкиндик менен убакыттын чегинде, инвестициялык иш аракеттердин ишке ашуу деңгээлине жараша боло турган процесс катары кароо керек. Эреже катары, инвестициялык иш аракеттердин ишке ашуу деңгээлин бүтүндөй өлкөнүн, региондордун, тармактардын, ишканалардын жана башка деңгээлинде жүрөрүн бөлүп кароого болот. Бул деңгээлдердин ар кими өзүнө жараша мүнөздөмөгө, мүнөзгө ээ. Мисалга, регионалдык денгээл дегенде тиешелүү инвестицияны тартуу үчүн, ошол аймактын же региондун инвестицияга болгон керектөөсүн, суроо талаптарын, ошол аймактык инвестициялык проекттерди ишке ашырууга керек болгон инвестициянын денгээлин тушүнүүгө болот. Бул жерде инвестицияга болгон керектөө же суроо талап ушул конкреттүү

аймактагы, конкреттүү экономикалык иш аракеттердин түрлөрүнө тартыла турган инвестициянын көлөмү менен мүнөздөлөт. Ушундай жол менен тармакка, ишканага жана башкаларга, бүтүндөй өлкөгө, тартыла турган инвестицияны же инвестициялык иш аракеттердин денгээлин да аныктап алса болот.

Ошол эле мезгилде, региондун өнүгүшү үчүн анын жаратылыш-климаттык, социалдык-экономикалык, өндүрүштүк жана башка шарттарынын мүнөздүү болгон белгилерин эсепке алып инвестиция салуу да өзгөчө кызыгууну туудурат.

Башкаларды эске албаганда да аймактар ушул мезгилге чейин бүтүндөй экономикалык, анын ичинде инвестициялык иш аракеттер боюнча өз алдынча чечим кабыл алмак турсун, өз алдынча жөнөкөй чечимдерди кабыл алышка чектелип калышкан. Муну рыноктук механизди экономикалык иш аракеттердин бардык сфераларына жеткиликтүү киргизе албагандыктын натыйжасы катары кароого болот.

Бөлүп айтканда ушул мезгилге дейре административдик-аймактык бирдиктерге тиешелүү болгон аймактык киреше, аймактык өзүн өзу каржылоо, аймактык өзүн өзү камсыздоо жана башка түшүнүктөр аймактар үчүн колдонулбайт. Бул бир жагынан рыноктук механиздин жоктугу экинчи жагынан Кыргыз Республикасынын көп аймактары мурункудай эле республикалык бюджетте дотацияда турушат дегенди билдирет.

Жогоруда айтылгандар аймактарда инвестициялык жагымдуулукту түзүү гана эмес, жер жерлердеги өзүн өзү башкаруу органдарынын бул багыттагы иш аракеттерине кедерги болгонсуйт.

Белгилеп кетчү нерсе, инвестициялык потенциал сапаттык жана сандык көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт. Сандык көрсөткүчтөр болуп инвестициялык суроо талаптын көлөмү, түрдүү деңгээлдеги башкарууга жараша негизги фондко капиталдык салымдардын суммасы ж.б. эсептелсе, сапаттык көрсөткүчтөргө инвестиция тармагында кабыл алынган мыйзамдык актылар, укуктук-нормативдик жоболор, тигил же бул башкаруу тепкичтеринин

инвестиция тартууга кылган мамилеси же имиджи, алардын инвестициялык процессти жүргүзүүгө даяр экендигин жана жөндөмдүүлүгүн кошууга болот.

Тилекке каршы, Кыргызстанда өзгөчө анын региондорунда жүргүзүлүп жаткан инвестициялык иш аракеттер ага карата өсүп бараткан талапка жооп бере албай жатат. Тактап айтканда, региондордун инвестицияга болгон суроо талаптарынын көлөмү такталбай, эске алынбай, алардын инвестициялык потенциалы жеткиликтүү бааланбай, жалпы өлкөбүздүн социалдык-экономикалык өнүүгүүсүндө алардын ролу, орду аныкталбай натыйжада, инвестицияны тартуу жана пайдаланууда региондордун өзгөчөлүктөрү эске алынбай калууда.

Ошондуктан региондордун социалдык-экономикалык ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун проблемаларын бизде үч позициядан (категориядан) иштеп чыгуу керек: **биринчи** - региондун статусун аныктоо, регионалдык саясатты жүргүзүү категориясынан, **экинчи-** социалдык экономикалык өнүгүүнү, инвестициялык потенциалды баалоо, анализдөө, башкаруу категориясынан, **үчүнчү-** инвестицияны тартуу проблемаларын ар тараптан ачып берүүгө аракет жасоо, изилдөөгө тандап алынган теманын актуалдуу экендигинен кабар берип турат.

Ушул жогоруда келтирилген проблемаларды чечүү, жооп табуу максатында региондордун жана жалпы эле республиканын инвестициялык потенциалын пайдалануунун илимий методикалык концепциясын изилдөөнүн зарылчылыгы чыгып олтурат.

**Проблемалардын иштеп чыгылышынын абалы**. Регионалдык өнүгүү процессин изилдөө жана региондук экономиканы божомолдоо маселеси Россиялык (мурунку СССР) экономикалык жана социалдык география илимдеринин көңүлүнүн чордонунда болуп келген. Региондун жаратылыш ресурстук проблемаларын окуп үйрөнүү орус окумуштуулары А.Арбатовдун, Ю.Дмитревскинин, О.Литовканын, экономикалык потенциал жөнүндө- А.Адамескунун, П.Баклановдун, А.Гранбергдин, О Пчелинцеванын, эмгек ресурстары жөнүндө А.Котлярдын, А Вишневскийдин, инвестициянын

проблематикалары Г.Бирмандын, В.Красовскинин, В.Лившицтин, А Шахназарованын эмгектеринде чагылдырылган. Чет элдик методикалардан Гарварддын бизнес мектебинин жана Тейна-Уолтердин, Котлер-Хейзлердин методикаларын баса белгилөөгө болот. Россиянын методикасы негизинен региондор ортосундагы социалдык экономикалык потенциалды пайдалануу менен инвестициялык потенциалды, жагымдуулукту аныктоого багытталган. Алардын арасынан Россиянын региондорунун социалдык-экономикалык климатын мониторинг кылган “Коммерсант” (1993) газетасындагы методиканы айтса болот. Азыркы рыноктук экономиканын шартында региондордун социалдык экономикалык потенциалын, ал аркылуу инвестициялык жагымдуулугун изилдөө мурунку традициялык жолдордон айрымаланып, жаңы изилдөөнүн методикаларын талап кылды. Кыргызстанда экономиканы инвестициялык жактан колдоо, ал үчүн инвестициялык жагымдуу шарттарды түзүү, социалдык-экономикалык потенциалды ийкемдүү пайдалануу маселелери Койчуев Т.К., Орузбаев А.У., Мусакожоев Ш.М., Балбаков М.Б., Лайлиев Дж.С., Идинов К.И., Камчыбеков Т.К., Сарыбаев А.С.Савин В.Е., Купуев П.К., Зулпукаров А.З.,Мусабаев.А., ж.б. окумуштуулардын эмгегинде чагылдырылган. Өнүккөн көп чет өлкөлөргө салыштырмалуу биздин өлкөнүн коомдук- саясий жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсү бир топ артта калган жана алардан өтө эле айрымаланып турат.

Региондун инвестициялык потенциалын аныктоо боюнча чет өлкөлөрдө жана Россияда да жеткиликтүү методикалар бар. Региондордун социалдык экономикалык потенциалын аныктоодо Кыргызстан негизинен Россиялык методикаларды колдонуп келебиз. Мындан сырткары өндүргуч күчтөрдү окуп үйрөнүү боюнча Кеңештин автордук жамааты, РФ экономикалык өнүгүү министрлиги жана Россиянын илимдер академиясынын курамына И.И.Ройзман, И.В.Гришина, А.Г.Шахназаровдор кирген окумуштуулары менен бирдикте иштеп чыккан ”РФнын субьекттеринин инвестициялык жагымдуулугун баалоо боюнча методикалык жолдомолор” (2001ж.) деген методикасы, Кыргызстанда да кеңири колдонулунат..

**Диссертациялык иштин илимий изилдөөлөрдүн планы менен байланышы.** Диссертация инвестициялык потенциалды пайдалануунун Концепциясынын, өлкөнүн 2025-жылга чейинки өнүгүү стратегиясынын алкагында иштелип чыккан жана изилдөө жүргүзүлүп жаткан Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштеринин планына шайкеш келет.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп кыйла деңгээлде инвестициялык салымдарды талап кылган Жалал-Абад облусунун экономикасы эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп инвестициялык потенциалды түзүү жана пайдалануу процессинен келип чыккан экономикалык мамилелер эсептелет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** болуп Жалал Абад облусунун социалдык-экономикалык, жаратылыш-климаттык, эмгектик жана башка ресурстарын изилдөөнүн негизинде инвестициялык потенциалды пайдалануу, инвестициялык ишмердүүлүктү жакшыртууну өркүндөтүү боюнча усулдук жоболорду жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:**

- инвестиция тартуу үчүн рыноктук экономиканын шартында региондун өнүгүү өзгөчөлүгүн изилдөө;
- инвестициялык потенциалдын түрлөрүн жана анын эволюциясынын мүнөзүн ачып көрсөтүү;
- ивестициялык потенциалды баалоонун методикаларын изилдөө;
- региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, инвестициялык потенциалды пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрүнө жана анын резервдерине талдоо жүргүзүү;
- инвестициялык факторлорду колдонуу менен региондун жылуулук – энергетикалык секторун өнүктүрүүнүн жолдорун сунуш кылуу;

- инвестициялык ресурстарды тартуу жана аларды рационалдуу пайдалануу менен агроөнөржай өндүрүшүн жана туризмди өнүктүрүүнүн негизги багыттарын сунуштоо;
- өлкөнүн келечектеги инвестициялык саясатынын алкагында региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жолдорун белгилөө;

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыктары** төмөндөгүлөрдөн турат:

-Инвестициялык ресурстарды тартуу жана аларга болгон керектөөнүн (суроо талаптар) түзүлүш өзгөчөлүгүн аныктоо максатында региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө комплекстүү изилдөө жүргүзүлгөн;

- жалпы өлкөнүн жана региондун шарттарына туура келген инвестициялык потенциалдын түрлөрү жана анын эволюциясынын мааниси такталып көрсөтүлгөн;

- региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн өсүшүн камсыз кылуу үчүн инвестициялык ресурстарга болгон керектөөнү баалоонун методикалары изилденген;

- региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жана өндүрүш секторлорунун резервдеринин азыркы абалына изилдөө жүргүзүү менен анын экономикасына инвестиция тартуунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган;

- инвестициялык ресурстарды колдонуу аркылуу региондун жылуулук – энергетикалык секторун өнүктүрүүнүн негизги жолдору сунуш кылынган;

-инвестициялык ресурстарды тартуу жана аларды рационалдуу пайдалануу менен агроөнөржай өндүрүшүн жана туризмди өнүктүрүүнүн жолдору сунуш кылынган;

-өлкөнүн келечектеги инвестициялык саясатынын алкагында

региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги жолдору белгиленген;

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жүрүшүндөгү алынган илимий жоболорду региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн программаларын иштеп чыкканда пайдаланса болот.

Изилдөөнүн негизги натыйжалары өзүн өзү башкаруу органдарынын, региондун өндүрүштүк жана жылуулук –энергетикалык структураларынын практикалык иши менен тыгыз байланышкан.

**Диссертациялык изилдөнүн экономикалык мааниси.** Изилдөөнүн жүрүшүндөгү алынган илимий жоболорду региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн божомолдорун түзүүдө жана жүргүзүлүп жаткан иш чаралардын экономикалык жактан натыйжалуулугун аныктоодо колдонсо болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автор тарабынан региондо экономикалык өсүштү камсыз кылууга инвестициялык иш аракеттердин тийгизген таасири тууралуу жоболор практикалык жана теориялык жактан системалаштырылды, жалпыланды, такталды, толукталды. Экономикалык изилдөөлөрдү, анализдерди жүргүзүүдө автор тарабынан тандалган статистикалык көрсөткүчтөр сунуш кылынды жана регион жөнүндө автордун өз пикири келтирилген. Инвестициялык потенциалды баалоону пайдалануу менен инвестициялык жактан жагымдуу региондор аныкталды жана алардын экономикалык жактан приоритеттүү тармактары аныкталып аларга инвестиция тартуу менен өнүктүрүүнүн жолдору көрсөтүлдү.

**Коргоого коюлуп жаткан диссертациянын негизги аныктамалары:**

1.Изилдөөнүн теориялык-методологиялык бөлүгү:

-теориялык анализдөөнүн жана инвестициялык процесстин маани-маңызын тактоо аркылуу инвестициялык ресурстарга болгон керектөөнүн (суроо-талап) түзүлүш жобосу сунуш кылынат;

-региондун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүн камсыз кылуу үчун тартылган инвестицияны баалоонун методикасы негизделген;

2.Изилдөөнүн аналитикалык бөлүгү:

-инвестициялык ресурстарды пайдалануунун азыркы абалына баа берилип, анализ жасалды жана инвестициялык ресурстардын резервдери аныкталды.

-региондун инвестициялык иш аракеттерин баалоонун абалы каралды жана автор тарабынан Жалал Абад облусунун практикасында бул баалоонун методикасына тактоолор киргизилди.

3.Изилдөөнүн практикалык бөлүгү:

- инвестициялык ресурстарды пайдалануу менен өлкөнүн жылуулук-энергетикалык комплексин өнүктүрүүнүн негизги багыттары иштелип чыгылды;

- өлкөнүн инвестициялык саясатына ылайык инвестицияларды тартуу менен региондун өнүгүүсүнүн негизги жолдору сунуш кылынган;

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы жана аларды өндүрүштө колдонулушу.** Изилдөөнүн айрым жоболору жана жыйынтыктары Ош мамлекеттик университетинде өткөн 2011 ж. илимий конференцияда жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинде 2011-жылдын 2-декабрындагы “Илимий техникалык прогрес: экономиканы өнүктүрүүнүн негизги багыттары” деген республикалык илимий–практикалык конференцияда билдирүү жасалды. Жалал-Абад облусунун “2013-2017-жылдарда туруктуу өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасын” түзүүгө облустук, шаардык администрациялар тарабынан диссертациялык иштин айрым бөлүктөрү пайдаланылды. Диссертациялык иштин темасы боюнча 7 статья 3 печаттуу баракта жарыяланды.

**Диссертациянын көлөмү жана курамы.** Диссертация киришүүдөн, үч баптан, жыйынтыктоодон, тиркемелерден, пайдаланылган илимий булактардын

жана адабияттардын тизмесинен турат. Курамында 29 таблица жана 6 сүрөт, бир тиркеме бар.

# 1-БАП. РЕГИОНДОГУ ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОТЕНЦИАЛДЫ ПАЙДАЛАНУУНУ ЖАКШЫРТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ.

## 1.1 Инвестициялык ресурстарды тартуунун негизинде регионду өнуктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү.

“Регион” деген сөз латын тилинин “region” деген сөзүнөн келип чыгат жана өлкө же облус дегенди, кыргызча жакындаштырып, сөзмө сөз которгондо “аймак, чөлкөм, дубан” деген түшүнүктөргө жакындашып кетет.

Географиялык адабиятта төмөндөгүдөй түшүнүктөр кезигишет.

Регион бул жаратылыштын бир аймагы (геотория),башка аймактан өзүндөгү жайгашкан элементтеринин бирдиктүүлүгү, алардын бири бири менен болгон өз ара тыгыз байланышы, бүтүндүгү менен айрымаланат жана бул бүтүндүк ошол аймактын өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдүү жана обьективдүү (адамга баш ийбеген) шарт, көрүнүш.

“Регион –бул жерден, абадан, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнөн, адамзаттан турган комплекс, алар бири бирине болгон өзгөчө мамилеге карабастан бирдикте турган аянттын өзгөчө окшош мүнөздүү бөлүгү болуп эсептелинет”[47].

“Регион-бул географиялык элементтер бири-бири менен аныкталган жана туруктуу өз ара мамиледе байланышкан, айланабызды курчап турган белгилүү бир чөйрөнү түшүндүргөн географиялык термин” [47] болуп саналат.

Америкалык изилдөөчүлөр П.Джеймс жана Дж.Мартин өздөрүнүн “Бирдиктүү дүйнө” деген монографиясында мындай деп жазышат: ”Адатта регион дегенде жалпы аянттын ичинен айрым бир бирдейлиги менен айрымаланган, бирок, так чек арасы аныкталбаган белгилүү бир бөлүгүн (участок) түшүнөбүз. Мындан сырткары бул сөз континенттерди түзүүчү, анын

курамына кирген абдан чоң аянттарды белгилөө үчүн да колдонулат. Географтардын кесиптик тили менен алганда “регион” же “район” деген сөз ар кандай чоңдуктагы аймактардын аянтына айтыла берет, бирок бул аянттарды бири биринен айрымалап турганга негиз болгон кандайдыр бир өздөрүнө гана таандык бирдейлиги, өзгөчөлүгү бар экендиги менен айрымаланып турушат.

“Регион” деген сөздүн экономикалык адабиятта төмөндөгүдөй түшүнүктөрү кездешет: “Регион”дегенде өлкөнүн эл чарба комплексинин географиялык шарты менен айрымаланган жана жаратылыш ресурстары боюнча адистешкен айрым бир бөлүгүн түшүнүшөт.... Бул райондор өндүрүштүк-техникалык жактан кандай болушса, экономикалык мамилелерде да ошондой салыштырмалуу жабык болушат. Экинчи түшүнүк-өлкөнүн административтик аймактык бөлүнүшүнүн бирдиги катары: край, облус, шаар деп түшүнүшөт [32].

“Регион” дегенде өлкөнүн аянтынын бирдей жаратылыш шарты бар чоңураак бөлүгүн түшүнүшөт эң башкысы - жаратылыш ресурстары, аларды пайдаланууга керек болгон калыптанган жана келечектүү социалдык инфраструктурасы менен комплекстүү байланышкан өндүргүч күчтөрүнүн максаттуу алдыга багытталган өнүгүшү десе болот [32].

“Регион”–бул бүтүн бирдиктүү коомдук системаны чагылдырган, административдик, чарбалык-экономикалык, социалдык-маданий өз алдынчалыкка ээ болгон, өзүнө таандык турак жай, маданий жана турмуш тиричилик шартта жашап жаткан социалдык- аймактык жалпылык [32].

Атайын адабияттарда “регион” деген түшүнүккө изилдөөлөр кандай максатта жана мүнөздө жүргүзүлгөнүнө жараша ар кандай аныктамалар берилип келет. Бирок кандай аныктама берилгенде да регион деген түшүнүктү эки негизги түшүнүккө бөлүүгө болот.

1.Регион бул белгилүү бир аймактын аянты.

2.Регион бул социалдык конструкция.

Л.Н.Коган “Прикладдык социологиянын сөздүгү” деген китебинде регион деп “...аймактык жана эл чарбалык бүтүндүктү түзгөн бир нече облустардын

группасын, крайды, республикаларды түшүнөбүз дейт. Бул Орус федерациясынын шартында өтө туура келүүчү көрүнүш. Кыргызстандын шартында регион деп бир нече облустардын группасы эмес бир облусту бир регион деп айтсак болчудай. Айрым авторлор азыркы убактагы түшүнүк менен регион деген-бул өзүнүн чектелген ички ресурсуна, өндүрүшүнүн курамына ээ болгон, сырткы чөйрө менен белгилүү бир байланыш кылууга керектөөсү бар татаал аймактык-экономикалык комплекс деп аныкташууда [95].

Ал эми "Регионалдык кайра өндүрүү теориясынын негиздери" деген китептин авторлору "Регион өлкөнүн социалдык-экономикалык комплексинин подсистемасы гана эмес, кайра өндүрүүнүн бүткөн цикли бар, кайра өндүрүүнүн стадиялары өзгөчө формаларда кайталанган, социалдык экономикалык процесстер атайын өзгөчөлүктөр менен агып өткөн салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ болгон анын бир бөлүгү болуп саналат деп аныктама беришүүдө.

Айрым авторлор регионду функционалдык ролу жана социалдык-экономикалык мазмуну боюнча административдик – чарбалык багыттагы жана өндүрүштүк-экономикалык багыттагы региондор деп бөлүшүүдө.

Биздин оюбузча Кыргызстанда регион деп официалдуу түрдө жети административдик территориялык облустарды айтсак болот. Буга негиз болуп облустардагы территориялардын чектелиши, социалдык-экономикалык абалынын масштабы, облустардын райондорго бөлүнүшү жана калктын жайланыш абалы эсептелинет. Албетте бир топ облустарды бириктиришип, мисалы Баткен, Ош, Жалал-Абад облустарын түштүк региону, ал эми калган территориясын түндүк регион деп да атап келишкен.

Анткен менен биздин оюбузча облустарды регион деп атаган туура болот себеби, бир облустун аба-ырайы, жаратылыш шарттары башка облустан кескин айырмаланган жактары көп кездешет, мисалы Нарын облусунун шарттары бир да облустун шарттарына окшош эмес. Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан Баткен, Жалал-Абад, Ош облустарынын да өзүнө таандык шарттары, социалдык-экономикалык тармактары жана башка көп өзгөчөлүктөрү бар.

Тактап айтканда Кыргызстанда регион дегендин төмөндөгүдөй аныктамасын бөлүп караса болот:

1. Башкалардан муруntан келе жаткан табигый жана тарыхий биримдиги, калыптанган экономикалык-географиялык өзгөчөлүгү (климаты, жайгашкан орду) ошого жараша көп учурда калкынын тиричилик кылууда өзгөчөлүгү менен айрымалаган- аймак, өлкөнүн бир бөлүгүн, облусту айтууга болот.

2. Ошол аймактагы калктын окшош турмуш тиричилиги, каада салты бар, бир саясий административдик борборго баш ийет, ал аймактагы калк социалдык саясий турмушта өз укуктарын, чыныгы өзүн өзү башкаруунун көп түрдүү байланыштары аркылуу кылымдардан бери чечип келет.

3. Өлкөнүн өндүрүштүк - аймактык түзүлүшүнүн бир бирдиги катары эсептелет, бул жердегы калктын өндүрүштүк-коомдук турмушу башкалардан аймактын геоэкономикалык, геосаясаттык, өндүрүш-чарбалык, маданий-этникалык мүнөздөмөлөрүнөн көз каранды болот.

4. Регион- Кыргыз Республикасынын субьектилеринин административтик чек аралары менен аныкталып өзүнүн толуктугу, бүтүндүгү, адистештирилгендиги жана башкарууга ыңгайлуулугу, б.а. башкаруунун саясий-административдик органынын бардыгы менен мүнөздөлөт. Демек, Кыргызстанда да жогоруда келтирилген аныктоолорго толук туура келбесе да административдик аймактык бөлүүлөргө ылайык 7 облусту 7 регион деп атаса жана бул бөлүүнү саясий жана экономикалык жактан көп жылдарга туруктуу кармаса, Кыргызстандагы регионалдык саясат жакшырып, регионалдык илимге салым кошулар эле жана бул илимдин тармагын мындан ары өнүктүрүүнүн өзөгү (предмети) калыптанмак.

Ал эми биздин изилдөөлөр үчүн регион деген түшүнүк бир жагынан административтик-аймактык чек арасы бар, улуттук экономиканын подсистемасы же татаал система болгон улуттук экономиканын бир бөлүгү, ошол эле мезгилде өз аймагындагы социалдык-экономикалык ресурстарды өстүрүү, натыйжалуу пайдалануу аркылуу бири бири менен конкуренцияга баруучу улуттук экономиканын обьектиси катары кызыктырат. Азыркы

мезгилдеги дүйнөлүк глобализация процесстери айрым бир өлкөнү гана эмес, региондорду конкуренцияга жөндөмдүү болууга түртүүдө. Өлкө конкуренцияга жөндөмдүү болуш үчүн, регион конкуренцияга даяр болуш керек.

Өлкөнүн жана анын региондорунун социалдык экономикалык өнүгүүсүнүн негизги жолдорунун бири- бул инвестицияларды тартуу жана аларды туура колдонуу болуп саналат. Дүйнөлүк тажрыйбага таянсак инвестицияны тартуу жана пайдалануу ар бир региондун өзгөчөлүктөрүнө жана шартына ылайыктуу болот. Ошондуктан келечектеги инвестициялык стратегиялык чаралар региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуусу зарыл.

Ошондо регион мамлекеттик, региондук, тышкы, ички, ири капиталдын кызыкчылыктары (саясаттары) келип байланган уюлга айланат, болгондо да ал уюлдун ичинде борбордук орун стратегиялык инвестициянын рыногуна берилет. Ири капиталдардын, корпорациялардын рыноктук пайдубалы, негиздери бириккен регионалдык рынокторго таянып түзүло баштайт. Натыйжада тармактардын аймактык өнүгүүсүнө приоритеттер бериле баштайт. Ошондо рынок экономикасынын азыркы шартында регион өз алдынча экономикалык саясат жүргүзө алган, өзүнүн конкуреттик позициясын жакшыртууга керектүү экономикалык инструменттерди колдоно алган, дүйнөлүк рынокко дүйнөлүк атаандаштык процесстердин катышычуусу катары чыга алат. Регион экономикалык субьект катары чарбалык иш аракеттерди жүргүзүүгө, ошол эле мезгилде бул иш аракеттерден киреше алууга жана алган кирешени пайдаланууга укук алышы керек. Бизге эң керектөөсү бардык чарбалык иш аракеттер социалдык экономикалык ресурстардын бардык түрүн табуу, баалоо, пайдалануудан же инвестициялык потенциалдан көз каранды. Бирок Кыргызстандын шартында региондорго бюджет-салыктык тескөө, салык саясатын аныктоо анын өнүгүшүнө баа берүү, региондордун инвестициялык потенциалын салык аркылуу түзүү жана турмушка ашыруу жана банктык-кредиттик системаны жакшыртуу жана башка бир топ маселелер боюнча финансалык өз алдынчалык берилбей калган. Бул өз мезгилинде региондордун финансалык ресурстарын натыйжалуу пайдалануу маселесине кызыкчылыгын

төмөндөтөт жана финансалык жактан борборго көз каранды саясат кала берет. Кыргызстандын шартында регионалдык саясат толук түрдө жүргүзүлөт деп айтууга али эрте.

Бардык эле аянты бар аймактык түзүлүш экономикалык регион деп аталбайт. Демек регион деген сапатка-рыноктун шартында жеткиликтүү деңгээлде өз алдынча чарба жүргүзүүгө керектүү социалдык-экономикалык потенциялы бар экономикалык субьекттерди айта алабыз. Кыргызстандын бардык региондорунда да чарба жүргүзүүгө боло турган, керектүү деңгээлде жаратылыш кен байлыктары, минералдык-сырьелук, эмгек ресурстары (каржы саясатын эске албаганда) бар. Жыйынтыктап айтканда, колдо болгон “социалдык-экономикалык потенциалды” кантип чарбалык иш аракеттерди жүргүзүүгө натыйжалуу пайдалана алабыз, ага аныктама берүү, аларды баалоо, инвестициялык проекттерге киргизип пайдалануу маселеси али алдыда. Региондун өнүгүүсүн башкарган башкаруу системасы региондогу бардык колдо бар ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга шарт түзүп берүүсү зарыл экендиги ачыктан ачык көрүнүүдө. “Ушул убакка чейин региондордун стратегиялык өнүгүү планы, мамлекеттик тармактар боюнча өнүгүү планына шайкеш келбейт, макулдашылбаган. Мындан сырткары региондорго өндүргүч күчтөрдү оптималдуу жана пландуу жайгаштыруу боюнча илимий негизделген экономикалык райондоштуруу маселеси ушул мезгилге чейин биздин өлкөдө иштелип чыга элек"[60] . Алиге дейре борбордук бийлик менен жергиликтүү аткаруу бийликтеринин ортосунда региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн чектөө боюнча башкаруу аппараттынын бийликтери такталып бөлүнуп берилбеген. Ушуга байланыштуу региондун социалдык-экономикалык же инвестициялык потенциалы деген түшүнүктү тактоо маселесинин зарылчылыгы келип чыгууда.

Дагы бир өзгөчөлүккө региондордун калыптанып келген өндүрүш күчтөрүн башкаруу системасын жана чарбаны жүргүзүүдөгү салттар жана тартиптер кирет. Айтылгандардын баары инвестицияны тартууда жана пайдаланууда таасири бар. Мисалы айыл чарбадагы дыйканчылык жана мал

чарбачылык ыкмалар калктан келген тажрыйба жана башка ушул сыяктуу нерселер инвестицияны пайдаланууда чоң роль ойнойт.

Эмки өзгөчөлүктөргө региондогу социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлин айтсак болот. Инвестициялык ресурстардын салыштырмалуу өнүккөн өлкөлөргө же региондорго тартылуусу жеңилирээк болот. Тескерисинче өнүкпөгөн региондорго инвестициялык каражаттарды тартуу көбүрөөк тобокелчиликтерди туудурат.

Инвестициялык потенциал -бул инвестициялык процесстин негизги чечүүчү көрсөткүчтөрүнүн бири жана бул көрсөткүч негизинен башкаруу чечимдерин кабыл алууга туура жол көрсөтөт. Региондун инвестициялык потенциалын башкаруу, өркүндөтүү деген сөз бүтүндөй өлкөбүздүн инвестициялык потециалын башкаруу, өркүндөтүү деп түшүнүү менен, экономиканы жакшыртуунун негизги милдеттеринин бири деп кароого туура келет. Социалдык-экономикалык ресурстар дегенде биз өлкөнүн, региондун же чарбанын социалдык-экономикалык потенциалын түшүнөбүз жана инвестициялык процесстин жүрүшүндө булар баары биригип инвестициялык потенциал катары чыгат. “Социалдык-экономикалык потенциал” деген түшүнүк адабияттарда жана практикада кеңири колдонулат жана көп пайдаланылат. Бирок анын мазмунуна ар кандай илимий булактарда ар кандай аныктама беришүүдө, ошонун өзү бир эле экономикалык системадагы экономикалык потенциалды баалоонун көп түрдүүлүгүнүн келип чыгышына шарт түзөт.

Потенциал деген түшүнүк физика илиминен келген жана потенциал дегенде бир обьекттин аныкталган өлчөмдөгү ишти өз күч аракети менен аткаруунун сан менен өлчөнгөн мүмкүнчүлүгү.

Ал эми экономикалык илимде экономикалык же социалдык-экономикалык потенциал (мындан ары СЭП) дегенде чарба жүргүзүүнүн тигил же бул тармагында чарба жүргүзүү үчүн керек болгон ресурстук мүмкүнчүлүктөрдүн кошулган жыйындысын айтышат. Статистикалык сөздүктө (М.,1965,446 б.) “экономикалык потенциал” деген түшүнүк

төмөндөгүдөй аныкталат: ”өндүргүч күчтөрдүн учурдагы өнүгүү деңгээлин натыйжалуу пайдалануу менен жалпы эл чарбасынын же мамлекеттин бир экономикалык районунун белгилүү өлчөмдө керектөө наркын түзүүгө керек болгон, топтоштурулган мүмкүнчүлүктү ,“экономикалык потенциал” деп түшүнөбүз. Ушул өңүттөн алганда чоң советтик энциклопедияда (3-бас.,т.29 б.627) “белгилүү тарыхый убакыттын ичинде өнөр жай жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү, капиталдык курулуштарды куруу, жүк ташуу, элге кызмат көрсөтүүнү турмушка ашыруу боюнча эл чарбасынын бирдиктүү жөндөмдүүлүгүн” экономикалык потенциал деп аныктама берет.

Көп учурда социалдык-экономикалык потенциалды улуттук байлыкка теңештиришет (материалдык байлык + жаратылыш ресурстары). СЭПтин бир нече аныктамаларын келтирели:

Акбердин Р.З -“Негизги продукцияларды чыгарган өндүрүштүн көлөмдөрүн мүмкүн болушунча максималдуу өстүрүү” (*Стержень экономики, М.,1979,с.32*).

Белоусов Р.А -“коомдук керектөөнү канаатандыруу үчүн чарбалык системанын, улуттук байлыкты өздөштүрүү жана кайра иштетүү жөндөмдүүлүгү “ *(Рост экономического потенциала ,М.,1972,с.3)*.

Самоукин А.И..”...эл чарбасына пайдаланууга тартылган ошол эле мезгилде кандайдыр бир себептер менен пайдаланылбай турган ресурстардын топтому потенциал деп мүнөздөлөт [108].

Жогоруда айтылган потенциалдык аныктамаларга толук кошулуу мүмкүн эмес, себеби инвестициялык потенциал бул инвестицияны тартуу жөндөмү. Улантып айтсак инвестициялык потенциал иш жүзүнө качан гана инвестицияны тартканда жана аны пайдаланганда билинет. Ошондуктан инвестициялык потенциал бул эсептөөнүн же башка негиздер менен аныкталган инвестицияларды тартуудагы- мүмкүнчүлүктөр.

Биздин оюбузча инвестициялык потенциал жана ушуга жараша тартылган инвестициялар максатка жараша пайдаланылат. Биздин мисалда инвестициялар региондун социалдык экономикалык бөлүгүн камсыздоо болуп

эсептелинет. Ушуга байланыштуу инвестицияларды пайдалануунун негизги натыйжалары тууралуу сөз болуу керек.

Рынок шартында инвестицияларды пайдалануунун негизги натыйжалары болуп инвестицияны керектөөчүлөрдүн жумуш аракеттери жана алардын натыйжаларын айтууга болот. Мисалы инвестиция айыл чарбасынын чийки заттарын кайра иштетүүгө жумшалса натыйжа деп сапаттуу конкуренцияга жөндөмдүү чыгарылган товарларды эсептейбиз.

Жогоруда айтылганга жараша инвестицияны пайдалануу бир топ этаптарга бөлүнүп акырында товар чыгаруу менен бүтөт. Рынок шартында бүт өндүрүштүк мамилелер товардык акча жана керектөө жана сунуштоо катнаштарына ылайык болгондуктан инвестициялардын натыйжалары керектөөчүлөрдүн муктаждыгын канааттандыруу менен байланыштуу.

Ушул себептен совет мезгилиндеги экономикалык эң негизги катачылыктардын бири деп талаптардын жана сунуштардын бири бирине дал келбестигин эсептөөгө болот.

Улуттук байлык автоматтуу түрдө же өзүнүн сакталышын, же калктын жогорку жашоо деңгээлин камсыздоону гарантиялай албайт. Базар экономикасы, рыноктук реформалар, маданиятуу конкуренция, рыноктун көптүгү, баанын эркин кое берилиши гана социалдык-экономикалык структуралардын туруктуулугу жөнүндөгү маселени күн тартибине коюп, экономикалык өнүгүү менен жашоо деңгээлин ортосундагы байланышты жаңыча баалоого шарт түзөт. Сөз бул жерде социалдык-экономикалык системанын ийкемдүүлүгүнүн (түрдүү деңгээлде) даражасы, анын өзгөрүп жаткан шарттарга жараша адаптация кылуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө кетип жатат. Ушуга байланыштуу келечектеги өнүгүүнүн багыттарын аныктоо милдети чоң зарылчылык катары чыгат анткени, ошол багыттарга жараша СЭПтин компоненттеринин баалоо мүнөздөрү аныкталат.


Ушундай кылып экономикалык потенциалды баалоодо аны түзгөн, курамындагы ар бир элементине , максималдуу товар өндүрүүчү жөндөмүнө гана эмес, өзү өнүгүүгө жөндөмү бар инвестициялык потенциалдын

жыйындысы, бүтүндөй экономикалык система катары баалоо милдети келип чыгууда.

Жогоруда айтылгандан тышкары инвестициялык потенциалды жана инвестицияларды пайдаланууда өндүрүлүп чыгарылган товарларды керектөөчүлөрдүн пикирин дагы эске алуу керек. Башкача айтканда инвестицияны тартуу, инвестицияны пайдалануу, товар чыгаруу жана аны керектөө бирдиктүү процессти түзөт. Ошого байланыштуу, ушул изилдөөнүн алкагында региондун социалдык-экономикалык потенциалы деген түшүнүктү - потенциалдын бардык элементтеринин (ресурстардын) кошулмасы катары кабыл алууга болот жана ага инвестиция тартууга, натыйжалуу продукция өндүрүү, кызмат көрсөтүү аркылуу жана регионалдык бийликтин иш аракети менен калктын жашоо деңгээлин туруктуу өнүктүрүүгө жөндөмдүү мүмкүнчүлүк деп аныктама берсе болот.

СЭПтин түзүлүш элементтери жана түрлөрү жөнүндө төмөндөгүлөрдү айтууга болот. Социалдык-экономикалык потенциалды (СЭП), бир жагынан, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жеткен деңгээли, экинчи жагынан, белгилүү бир сырткы жана ички ресурстар жана шарттар болсо, ошол деңгээлди андан ары өстүрүү, жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ деген көз караштан да мүнөздөөгө болот. Башкача айтканда СЭПти толук пайдалана алдык, региондо жеткен өнүгүүбүз ушул десе да болот же резервдерди, жолдорун (жаңы технологиялар) таап регионду экономикалык жактан дагы өнүктүрсө болот.

Сүрөт 1. 1



СЭПдын чоңдугү жана өзгөрүшүнүн динамикасы, төрт топтун бири бирине болгон көз карандылыгы, байланышы менен аныкталат: потенциалдык негизди түзгөн сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөр; подсистемалар ортосундагы өз ара байланыш (системанын сапаты); сырткы факторлордун таасири.

1.1-сүрөттө көрүнгөндөй өнүгүүгө таасирин тийгизген (же өзгөрткөн) ички ресурстар бул **регионалдык өнүгүүнүн факторлору** деп аталат. Регионалдык өнүгүүнүн факторлорунун биримдиги **регионалдык өнүгүүнүн потенциалын** түзөт. Регионалдык өнүгүүгө өз таасирин тийгизип же өзгөртүп, бирок ошол региондун сыртында жайгашкан ресурстар жана ж.б кубулуштар **регионалдык өнүгүүнүн шарттары** деп аталат.

Ушундай кылып, өнүгүү потенциалы деп өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу факторлорунун биримдигин атайбыз. Бүгүн ушул аймакка ишкана жайгаштырууга жагымдуу факторлор, эртең инвестиция тартууга кошумча мүмкүнчүлүктөр, иш менен камсыз кылуу, өндүрүштү өстүрүү жана башка регионалдык проблемалардын чечилиши, жалпылап айтканда региондун СЭПы же инвестициялык потенциалы өстү дегенди билдирет.

Ресурстарды жана мүмкүнчүлүктөрдү тышкы жана ички деп экиге бөлүүгө болот. Ошол эле мезгилде алар бирин бири алмаштыра алат, биринин ордун бири баса алат, эгерде ички сырье, энергия, жумушчу күч, капитал жетишпей калса аларды сырттан алып келүүгө болот. Ошондой болгону менен социалдык институттарды, айлана чөйрөнү коргоонун абалын алмаштырып алууга мүмкүн эмес. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй коомдук түзүлүштүн элементтерин да башка өлкөгө көчүрүп баруу мүмкүн эмес, анткени окшош болгонуна карабастан ар бир өлкөнүн маданияты, менталитети ар түрдүү. Ошондой эле жаратылыш чөйрөсүн, кен байлыктарын каалаган жерге жаратып алууга мүмкүн эмес, бирок аларды кайра калыбына келтирсе болот.

Биздин оюбузча жогоруда айтылган факторлордон башка инвестицияны тартууга ал же бул регионго таандык артыкчылыктарды белгилөө керек, себеби

рынок мамилелери конкуренция негизинде болгондуктан ар кандай артыкчылыктар конкуренттик жөндөмдүлүктү жогорулатууда көмөкчү болот.

Өзүнө гана таандык өзгөчөлүгү бар ресурс бул башкаруу-ал тышкы ресурстарды тартуунун мүмкүнчүлүгүн жана өнүгүү багытын, ички ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну көрсөтөт жана аныктайт.

Азыркы мезгилдеги “тышкы” экономикалык чөйрөнүн ылдам темптеги өзгөрүүсү, регионалдык өнүгүүнүн шарттарына, ал болсо өз мезгилинде региондун социалдык экономикалык потенциалынын абалына, ал болсо көп кечикпей эле инвестициялык потенциалга таасирин тийгизүүдө.

СЭПтин курамы негизинен төмөндөгү түзүлүштөрдөн турат:

-негизги жаратылыш ресурстары менен камсыз болушу, айлана чөйрөнүн абалы;

-калктын саны жана эмгек ресурстары (жашы, жыныстык курамы, эл чарба тармактары боюнча ишке жайгашуунун деңгээли , динамикасы);

-өндүрүштүк потенциал (негизги капиталдын абалы жана анын тармактар боюнча износунун абалы, негизги капиталдын технологиялык, кайра өндүрүү боюнча курамы, өндүрүштүн адистештирилиши, технологиялык жактан жабдылышынын деңгээли, продукциялардын атаандашууга жөндөмдүүлүгү);

-илимий-техникалык жана кадрдык потенциал (илимий институттардагы, мекемелердеги ресурстук, технологиялык жана кадрдык базалар, илимий жана ойлоп табуучулук иштердин жыйынтыгы, прогрессивдүү, традициялык жана илим менен айкалышкан технологиялар, инновациялык иш аракеттердин жыйынтыгы) ;

-СЭПтин регионалдык жана геосаясий жактары ( социалдык-экономикалык өнүгүүнүн деңгээлин дифференциялаштыруу, жаратылыш-аба ырайындагы өзгөчөлүктөр, региондун экономикасынын аймактар аралык эмгекти бөлүштүрүүдөгү орду, экономикалык интеграциялардын багыты);

-социалдык потенциал (коомдун социалдык курамы, айрым бир социалдык катмарлардын жашоо деңгээли, калктын дифференциалынышынын даражасы, калктын кирешесинин жана айлык акысынын структурасы, эмгек

акынын кирешедеги салыштырма салмагы, иш менен камсыз болуунун деңгээли, калктын физикалык, психикалык жана ички жан дүйнөсүнүн абалы, коомдук жана жеке коопсуздуктун деңгээли, социалдык инфраструктуранын абалы);

-инфраструктура (транспорт, байланыш, коммуникация, кызмат көрсөтүү, банк системасы, биржалар, фонддор ж.б.); Бир сөз менен айтканда региондун инвестициялык потенциалы – бул ушул аймакта жайгашкан өнөр жай ,айыл чарба, транспорт, ж.б тармактардагы ишканаларга, тышкы жана ички каржылоо булактарынын эсебинен тартылган инвестициянын көлөмү катары эсептелет жана ал инвестиция кылынуучу обьектилердин бар экендигинен, көптүгүнөн, жаратылыш байлыктарынан, географиялык абалынан, инфраструктурадан жана социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жеткен деңгээлинен көз каранды болот.

Жаратылыш ресурстарынын негизги түрлөрү бул жер (пайдаланууга жарактуу жер), жаратылыштык рекреациялык ресурстар, пайдалуу кен байлыктар, жер түбүндогү суулар, жер үстүндөгү көлдөр, көлмөлөр, суу тосмолор, аймактык ресурстар болуп эсептелинет.

Жаратылыш ресурстарын баалоонун методикасы -аларды пайдалануудан алынган экономикалык баалуулуктардан алынуучу дифференциялык рентанын көлөмү менен өлчөнөт.

Жаратылыш ресурстарын баалоого таасир берүүчү факторлор:

-жаратылыштык- ресурстун бар экендиги, саны, сапаты, өндүргүч күчтөр менен балансташтырылганы жана айкалышы, геологиялык жайгашышы, географиялык жайгашышы;

-технологиялык фактор-минералдык-сырьелук комплекстеги технологиянын деңгээли, эл чарбасынын технологиялык структурасынын деңгээли, өндүрүүнүн толуктугу (комплекстүүлүк) жана калдык ресурстарды калтырбай пайдалануу;

-экономикалык факторлор;

Ошону менен бирге региондун жаратылыш жана аба ырайынын потенциалын пайдалануу, рыноктогу суроо талапка да жараша болот. Мисалы, регион жер байлыктары менен айырмаланат дейли, бирок ошол байлыктарды баалоо же болбосо керектигин аныктоо ошол байлыктарга болгон суроо-талаптарга жараша болот. Эгерде жаратылыш байлыктарына кандайдыр бир мезгилинде суроо болбосо ал байлыктардын баалоо ыргагы төмөн болот. Ушуга байланыштуу жаратылыш ресурстарын баалоо да суроо- талаптарга жараша болот.

СЭПтин дагы бир негизги тутумунун бири бул адамдык, эмгектик фактор же жумушчу күчү эсептелинет. Экономикалык өнүгүүнүн негизги факторлорунун бири, жумушчу күчүнүн адистик (квалификация), интеллектуалдык, чыгармачылык потенциалы болуп калары көп жолу кайталанып келе жатат. Адам баласынын интелекти эч түгөнбөй турган бирден бир ресурстардын бири. Бириккен Улуттар Уюмунун изилдөөлөрүндөгү адамдык потенцалдын өнүгүү индексинин тутумунда төмөндөгүдөй көрсөткүчтөр бар:

адам жашоосунун күтүлүүчү узактыгы;

билим деңгээли;

бир жанга туура келүүчү ички дүң продукция (ИДП);

Адамдык, эмгектик потенциалдын жайылтылган кенен структурасын төмөндөгүөй элестетсек болот (табл.1.1)

**Таблица 1.1- Эмгек потенциалынын структурасы**

| Эмгек потенциалынын кошулмалары | Тиешелүү көрсөткүчтору |
|---|---|
| Ден соолук | Жашоонун күтүлүү узактыгы, саламаттыкты сактоого кеткен чыгымдар,жашы боюнча өлүмдөр. |
| Чыгармачылык потенциал, активдүүлүк | Автордук укуктан түшкөн кирешелер,1 жашоочуга патенттин жана эл аралык сыйлыктын саны, техникалык прогресстин өсүү темпи. |
| Билим | ЖОЖдордо жана мектептерде орточо канча жыл окуйт, билимге кеткен чыгымдар. |

| | |
|---|---|
| Кесипкөйлүк (профессионализм) | Экспорттон түшкөн кирешелер, авариядан жоготуулар, класстык чин, кесиптерди алгандардын саны. |
| Жумуш убактысынын ресурсы | Эмгекке жарамдуу калктын саны, иш менен камсыз болгондор, ишсиздиктин деңгээли,1 жылдагы жумуш убактысынын сааттарынын саны. |

Источник: БУУнун изилдөөлөрү

СЭПдын дагы бир негизги элементи бул өндүрүштүк потенциал (ӨП) – бул деген сөз белгилүү бир типтеги, техникалык деңгээли жана сапаты бар продукцияны чыгара алуу жөндөмдүүлүгү деп айтылат. Өз мезгилинде өндүрүштүк потенциал төмөндөгү элементтерден турат: иштеп жаткан эмгек каражаттарынан (негизги өндүрүштүк фонддордон же (НӨФ)); тармактын же ишкананын жаратылыш ресурстары, эмгек предметтеринин ресурстары, илимий техникалык потенциал, инновациалык иш аракеттер ж.б.турат.

Өндүрүштүк потенциал, тигил же бул продукциянын түрүн чыгарууга катышкан жандуу эмгек менен жансыз (буюмдаштырылган) эмгектин наркы аркылуу аныкталат б.а. жумушчулардын саны (жандуу) кошулган ңегизги өндүрүш фонддорунун (буюмдаштырылган) наркы.

Колдонуп жаткан чен бирдиктерине карап өндүрүштүк потенциалдын бааланышы керек учурда айрым техникалык-экономикалык көрсөткүчтөр менен шайкеш бирдей келип калат:

а) нарк боюнча ченегенде -өндүрүштүк ишмердүүлүк аркылуу керектүү ресурстук чыгымдарды (өндүрүштүн факторлорун) жумшап, өндүрүлүп чыгарылган продукциянын көлөмү -өндүрүштүк потенциалды (ӨП) туюнтуп калат..

б) натуралай чен менен алганда өндүрүштүк потенциал деп өндүрүштүк кубаттуулукту түшүнүүгө болот.

в) эмгектик чен бирдиги менен алганда ӨП эмгектин сыйымдуулугу (трудоемкость) же, канча эмгек жумшалган деген көрсөткүчтөр аркылуу өлчөнөт.

Накталай түрдө өндүрүлгөн дүң продукциянын акчалай суммасынын потенциалдуу кубаттуулукта өндүрүлө турган дүң продукциянын акчалай суммасына болгон катышы өндүрүштүк потенциалды (кубаттуулукту) кайсыл даражада пайдаланып жатканыбызды көрсөтүүчү көрсөткүч катары кароого болот. Айрым изилдөөлөрдө бул чоңдук өндүрүштүн интенсивдүүлүгү катары же өндүрүштү туура уюштуруу аркалуу техникалык мүмкүнчүлүктөрдү кандай пайдаланып жатканыбызды мүнөздөйт.

Биздин оюбузча өндурүштүк мүмкүнчүлүктөр жана товар чыгаруу рынок мамилелери менен дагы байланыштуу, анткени өндүрүлгөн продукциялар сөзсүз түрдө өндүрүштүк же жеке керектөөлөргө жумшалат. Ушуга байланыштуу өндүрүлгөн товарлар өндүрүш каражаттары жана керектөөчү (адамдардын жеке керектөөсу) буюмдарга бөлүнөт.

## 1.2. Региондун инвестициялык потенциалын баалоонун методикасы.

Региондордун өндүрүшүн өнүктүрүүнүн дагы бир аныктоочу мүмкүнчүлүктөрүнүн бири бул анын **экономикалык-географиялык абалы (ЭГА)** эсептелинет. Тигил же бул региондун социалдык-экономикалык обьекттери башка региондордукуна салыштырмалуу кандай жайгашышкан б.а. жайгашуу маселеси боюнча бардык мамилелерди камтыйт. Анткени регионалдык өнүгүүнүн негизги шарттарынын бири болуп региондун транспорт жолдоруна, өндүргөн товарларын сата ала турган рынокторго карата жайгашкан абалы эсептелинет. Ошол эле мезгилде ЭГА аймактык обьекттердин (шаар, район, ишканалардын) да башка социалдык-экономикалык обьекттер менен байланышынын ыңгайлуулугу, ал өнүгүүгө түрткү береби же чектеп койобу ушул маселелерди да камтыйт.

**Транспорттук-географиялык абалы** (ТГА) бул региондун транспорттук магистралдар, транспорттук түйүндөр, башка региондор менен болгон бардык байланыштын абалын мүнөздөйт. ТГА ошол регион аркылуу өткөн транспорттук магистралдын санынан, кандай транспорттун турлөрүн пайдаланыларынан, байланыштын түрлөрүнөн (интернет да кошо), алардын

өткөрүү жөндөмдүүлүгүнөн, борбордук же чет жакадагы районбу, жогорку же төмөнкү потенциалдагы региондор кошуна жайгашканбы, ошолордон көз каранды болот.

**Сатып өткөрүү - географиялык абалы** бул товарларды сатып алуучу жана өткөрүүчү негизги өндүрүштүк жана керектөөчү рынокторго карата региондун орун алышын айтсак болот. Бул фактор белгилүү денгээлде кирешеси бар сатып алуучулардын топтолгон жерине, суроо талаптын өскөн жерине карата региондун жайгашышын мүнөздөйт. Буга кошумча, рыноктук инфраструктурага карата жайгашышын же складдык жана сорттоочу жайлардын кубаттуулугун, пайдаланууга ыңгайлуулугун ж.б. айтсак болот.

**Демогеографиялык абалы** бул негизинен калктын отурукташы, жайгашышы, ошол региондо жумушчу күчүнүн рыногунун бар экендигин аныктайт.

**Экономикалык-географиялык абалды баалоо.** *Пайдалуулук жана натыйжалуулук.*. Чарба жүргүзүүгө тартылган кандай ресурс болсо да ал баары бир чектелүү, ошондуктан жумшалган ресурс пайда алып келиши керек жана аны иштетүүдө негизги көңүл ушуга бурулушу максатка ылайыктуу болот. Тигил же бул ишкердүүлүктү өнүктүрүүчү бир нече ыңгайлуу орундардын арасында аларды өздөштүрүү боюнча жана өнүктүрүү боюнча чоң айрымачылыктар (дифференциациялоо) чыгып калат. Бул айрымачылыктар төмөндөгүдөй: борборго жакын же чет жакаларда жайгашкандык, инфраструктуранын даярдыгы, жумушчу күчтүн сапаты, аймактын транспорт менен камсыз болушу ж.б. көп факторлор менен шартталат.

Ушул факторлордун баары продукцияны чыгаруу боюнча жалпы чыгымга кошулушат. Албетте кандайдыр бир жерде (орунда, аймакта) жайгашкан ишкана продукциянын бир бирдигин чыгарууга жана керектөөчүгө жеткирүүдө эң минималдуу чыгым кетирсе ошол аймактагы башка ишканалардын арасынан артыкчылыкка ээ болуп, өзүнүн иш аракетин ачыкка чыгара алат.

Демек тиешелүү продукцияны чыгарууга кеткен бир орундагы эң минималдуу чыгым менен ушул эле продукцияларды чыгарууга кеткен башка жер жерлердеги чыгымдардын ортосундагы айрыма ошол продукцияны өндүрүүдөгү же кызмат көрсөтүүдөгү натыйжалуулук деп аталат.


Адатта экономикалык-географиялык абалга бардыгын жөнгө салуучу, корректировка кылуучу фактор катары карашат, анткени ал белгилүү бир чарба жүргүзүүнүн түрүн уюштурууга же шарт түзөт же бут тосот, ал тугүл кененирээк алганда коомдук турмушка да ушундай таасир этет. Рыноктук экономиканын шартында ЭГАнын ролу ого бетер өсөт, анткени рента аркылуу рынокту жөнгө салуучу бардык системага ЭГАнын тийгизген таасири күчөйт. Обьекттин жайгашкан абалы аракеттин чордону катары кабыл алынганда, функционалдык мамилелердин өз ара байланышы төмөндөгүдөй болот: Обьекттин экономикалык географиялык абалы жерге болгон рентанын деңгээлин, жергиликтүү ресурстарды пайдалануудагы таза кирешенин потенциалдуу нормасын аныктайт. Таза кирешенин нормасынын деңгээли, капиталдын айланышынын ылдамдыгы өз кезегинде коммуникациялык инфраструктуранын ыкчам түзүлө башташына таасирин тийгизет, ал эми алардын масштабынын өнүгүшү курулуш рентасынын нормасын көбөйтөт. Ошол байланыштардын чынжырчасы айланып келип жайгашкан абалдын рентасына келип такалат да, ошол региондогу бардык экономикалык, социалдык ж.б. мамилелерге таасир этет. Бул өз кезегинде, ушул аймакка капиталл тартылабы же түртүлөбү ошону көрсөтөт жана региондун жайгашкан абалынын инвестициялык потенциалын зор же начар экендигин аныктайт. Ушул жерде Кыргыз Республикасы рынок шартына өткөндө кабыл алган “КР инвестициялар жөнүндөгү” (акыркы редакциясы 22-октябръ,2009-ж.,№ 284) мыйзамында инвестиция бул таза киреше же пайда таап алуу үчүн ишкердүүлүккө багытталуучу акчалай каражаттар, баалуу кагаздар, башка мүлктөр (кыймылсыз,кыймылдуу, а.и. акчалай баасы бар мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктар,концессиялар) деп аныкталган. Ушул эле мыйзамда капиталдык

салымдар, инвестициянын бир формасы катары же негизги каражатка инвестиция деп аталып келүүдө.

Биздин оюбузча жогорудагы мыйзамдын инвестиция тууралуу аныктамаларына кээ бир толуктоолорду киргизүүгө болот. Инвестиция жалаң гана пайда алып келүүгө жумшалбайт. Мисалы калктын кээ бир катмарларынын (пенсионерлер, майыптар, жумушка жараксыздар жана башкалар) социалдык абалын жакшыртууга салынган каражаттын натыйжасын, пайда аркылуу аныктоо кээ бир тартышты туудурат. Ушул эле катарда баа менен эсептелбеген жумуштарды айтсак болот (мисалы: кайрымдуулук инвестициялар). Демек инвестиция негизинен пайда алуу үчүн жумшалса дагы алардын бир бөлүгү акчалай каражат аркылуу социалдык же болбосо кайрымдуулук чөйрөгө да тартылат.

Региондун инвестициялык потенциалын аныктоо үчүн кээде схематикалык түрдө чагылдыруу оң деп эсептейбиз.(сүрөт 1.2.)

Сүрөт 1.2




Маалымат булагы: түзгөн автор.

Сүрөттө региондогу эмгектин бөлүнүшү, тигил же бул өндүрүштүк багытка адистештирилиши негизинен, региондун социалдык-экономикалык потенциалынан көз каранды экендигин жана анын эсебинен жогорку темп

менен өз ара аракет кылуучу өндүрүш системасын жана материалдык-информациялык агымдарды түзүүгө боло тургандыгы көрсөтүлгөн.

Бул ромбадагы (сүрөт 1.2) күчтөрдүн орду азыркы мезгилде өтө эле өзгөргүч келет. Ошол эле мезгилде региондун аймагында аракеттенген экономикалык агенттерден, тез алмашып жаткан шарттарга адаптация болуу үчүн, жогорку деңгээлдеги ийкемдүүлүктү талап кылат. Ошондой болгон учурда да массалык продукция чыгарганда кеткен чыгымды минималдаштыруу маанилүү бойдон калат же маанисин жоготпойт. Бирок, улам барган сайын жаңы технологияларды ишке киргизүү аркылуу, жаңы продукцияларды өндүрүү андан да чоң мааниге ээ боло баштайт, натыйжада “билимге болгон монополияны” пайдаланып, өндүрүштүн уникалдуулугу камсыздалат. Ушундай шартта өнүгүүнүн чечүүчү фактору болуп инновацияны киргизүү жана пайдалануу алдыңкы орундарга чыгат.

Социалдык-экономикалык потенциал болсо анын эсебинен жогорку темп менен өз ара аракет кылуучу системаны түзүүго боло тургандыгын жогоруда теориялык жактан айттык. Бирок экономикалык теориянын классиктеринин пикири боюнча бизге белгилүү болгондой системанын потенциалдуу мүмкүнчүлүгү жалгыз гана атаандаштык (конкуренция) аркылуу ачылат, анткени ал өндурүш факторлорун бириктирүүнүн жаңы ыкмаларын, жаңы технологияларды, жаңы продуктыларды жана жаңы рынокторду ачуунун б.а. инновациянын катализатору катары чыгат. Ошол үчүн дагы социалдык-экономикалык системанын өнүгүшүн аныктоочу бирден бир чечүүчү фактору болуп, атаандаштыктын (конкуренциянын) денгээли жана экономикалык агенттердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк даражасы эсептелинет. Социалисттик экономиканын мезгилинде атаандаштык көбүнесе капиталисттик системанын өндүрүшү, чыгарган продукциясы менен жүргүзүлсө, рыноктук экономиканын шартында андай чектелүү жок, дүйнолүк экономикадан тартып товар өндүргөн эки ишкердин ортосунда да атаандашуучулук жашай берет. Рыноктук экономика гана атаандашуучулукту, байлыкты өндүрүүчү, рынокту тескөөчү потенциалга айландырды. Биздин оюбузча мындан ары

атаандаштыктын (конкуренциянын) денгээлин жана экономикалык агенттердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк даражасын региондун социалдык-экономикалык потенциалынын ичине, а.и. өндүрүштүк потенциалынын тутумуна кошууга болот.

Атаандашууга жөндөмдүүлүктү аныктоочу факторлордун катарына, адамдык, жаратылыш-климаттык ресурстар жана физикалык капиталлдан сырткары, билим ( илимий,техникалык жана экономиалык информация) жана финансалык ресурстарды да кошууга болот, анткени-алар өнөр жайды каржылоого багытталган капиталлдын санын жана наркын дагы түзүшөт. Финансалык ресурстар бир өңчөй эмес, алар, камсыздалбаган алаза, карыз, камсыздалган карыз, алып сатканга мүмкүн болгон тобокелчилиги жогору жана жогорку кирешелүү баалуу кагаздар, акциялар, венчурдук капиталлдар болуп эсептелинет. Бул формалардын иш аракетинде ар биринин өзүнүн шарты бар. Өлкөдогү капиталлдын жалпы көлөмүнө жана анын жайгашуу формасына, калктын сактык акчаларынын көлөмү, жана капиталлдын улуттук рыногунун курамы да таасир берет.

СЭПдын факторлорун негизги жана өнүккөн, (инфраструктура, кадрлардын адистиги, НИОКР) жалпы жана атайын факторлор деп ажыратып бөлүүгө болот.

Жалпылап айтканда аймактын инвестициялык потенциалы бул, ошол аймакта инвестициялоону ишке ашырууга катыша турган бардык объективдүү шарттардын тутамын мүнөздөйт жана алардын ар бири сандык көрсөткүчтөр менен өлчөнөт өз алдынча мааниге ээ.Түзүлгөн аныктамага таянып, региондун инвестициялык потенциалын баалоого түздөн түз байланышкан маселелерге өтсөк болот.

Инвестициялык потенциалдын чоңдугу, региондун аймагындагы бар ресурстардын комплексин ишке сала алгандагы мүмкүнчүлүктөр, анын курамынын өзгөчөлүгүн, географиялык абалын, экономикалык өсүштүн инерциясын, социалдык-институционалдык факторлорду пайдалана алгандагы потенциалдык резервдер менен мүнөздөлөт.

**Рыноктук экономиканын шартында аймактын СЭПын же инвестициялык потенциалын баалоо биринчи кезекте аймактын атаандашуучулук артыкчылыгын чагылдырган регионалдык өнүгүүнүн факторлорун баалоодо турат.**

Региондун инвестициялык потенциалын анализдөө аймактык-экономикалык системанын сандык жана сапаттык үч компонентин карап чыгуудан куралышы керек алар-аймак, калкы, чарбасы.

Калкты- турмушунун сапатын, жашоо деңгээлин аныктаган көз караштан мүнөздөөгө мүмкүндүк бар. Ал эми экономиканы анын масштабынын көрсөткүчтөрү жана алардын натыйжалуулугунун деңгээли менен өлчөөгө болот. Негизинен бул көрсөткүчтөр сандык жагынан бааланат, өлчөнөт. Аймак боюнча бул маселе татаалыраак. Биздин көз карашыбызда, анын мүнөздөөчүсү болуп экономикалык-географиялык абалы (сырткы чөйрө менен атаандашууга жөндөмдүүлүк абалын мүнөздөө) жана инфраструктуралык өздөштүрүлгөндүк (ички чөйрөнүн өнүгүү деңгээли) эсептелинет. Бардык көрсөткүчтөр башка аймактык обьекттер менен салыштырмалуу алынышы керек, анткени аттаандашууга жөндөмдүүлүк түшүнүгү салыштырмалуу түшүнүк жана өз маанисине, тигил же бул экономикалык агенттин же башка бир аймактык системанын ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнө салыштырганда чыгат.

Инвестициялык потенциалдын негизин түзгөн СЭПдын көрсөткүчтөрүнүн абсалюттук маанисинен сырткары анын элементтеринин ортосундагы тен салмактуулук дагы маанилүү, анткени ал СЭПдын бүтүндөй жана ар бир түзүлүшүнүн өнүгүү деңгээлин жана дагы региондор аралык тең салмактуулукту мүнөздөйт.

Өлкөдө жүрүп жаткан өнүгүү процесттерин эске алып жана СЭПдын эсеп-кысаптарынын натыйжасын колдонуп, экономикалык өнүгүүнүн негизги максаттарын болжолдоого болот. Ошондон улам аймактын өнүгүүсүнүн-жашап кетүү (выживаемость), рыноктун шарттарына ыңгайлашуу, чарбалык түзүлүштөрдүн атаандашууга жөндөмдүүлүгүн аныктоо, коомдук топтордун кызыкчылыктарын турмушка ашырууга жагымдуу шарттарды түзүү, сыяктуу

**башкы багыттары** аныкталат. Жогорудагы б**ашкы багыттарды** аныктоо үчүн региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө баа берүү керек, ал маселе өтө оор жана оордугуна карабастан азыркы мезгилдеги фундаменталдуу илимий проблеманын бири катары кала берет.

Экономикалык потенциалды баалоо эки бөлүктон турат. Биринчиси, түздөн түз экономикалык-социалдык потенциалдын өзүн баалоо, экинчи, аны кандай турмушка ашыруу деңгээлин баалоо;

Региондун потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү накталай канчалык деңгээлде колдонулуп жатса, ошону потенциалды пайдалануунун даражасы деп түшүнөбүз. Потенциалды түздөн түз пайдалануунун (же пайдаланбоонун) абалын билүү үчүн, потенциалдын абсалюттук маанисин эсептебегенде статистикалык жана эксперттик мүнөздөгү методдор колдонулат. Айрым учурларда потенциалды пайдалануунун даражасын гана баалоого мүмкүн болуп, потенциалдын өзүнүн маанисин баалай албай калууга болот.

Жогоруда СЭПды баалоонун мүмкүн болгон эки жолу белгиленүүдө- кайта өндүрүүчүлүк жана өз ара мамилелүүлүк (поведенческий). Биринчи баалоонун алкагында регион өз алдынча туюк, бүтүн, система катары каралып, өзүндө бар гана өндүрүш факторлорунун продуктуулугунун көрсөткүчтөрү менен мүнөздөлөт. Ал эми экинчисинде региондордун байланышын же биргелешип аракеттенүү, алардын ортосундагы ресурстарды бөлүштүрүү, пайдалануу процесстерин анализдөө мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Биринчи жолду колдонуу боюнча “Социалдык-экономикалык потенциал: баалоонун көйгөйлөрү, пайдалануу, башкаруу” деген монографияда [114] Уралдын социалдык-экономикалык потенциялын изилдеген мисалды келтирсе болот. Бул жерде потенциалдын курамында өндүргүч күчтөр (ӨК)-калк, эмгек күчтөрү (предмет),электр энергиясын жана жылуулукту пайдалануу, пайдаланылып жаткан негизги фонддор жана запастар-материал жана отун, пайдаланылбай жаткан негизги фонддор, ишсиздер, эркин акча каражаттары киргизилген. ӨК= С1+С2+У (С1-эмгек күчтөрүн жыл ичи пайдалануу баасы акчалай, С2-негизги фонддордун жылдык орточо баасы, У-жумушчу күчүнүн

чыгымы жылдык эмгек акынын суммасында көрсөтүлөт. Экономикалык потенциал (ЭП) = ӨК+запастар, Иэп =ӨК/ЭП бул жерде, Иэп- потенциалды пайдалануунун даражасынын көрсөткүчү, потенциалды канчалык деңгээлде пайдалана алдык дегенди билдирет [106].

Башка илимий иштерде өндүрүштүк потенциалды мүнөздөөчү катары төмөндөгүлөрдү пайдаланууну сунуш кылышат: өнөр жайдын көлөмү жана натыйжалуулугу, өндүрүштүк кубаттуулукту пайдалануунун деңгээли, камсыздандыруу жана алып сатуунун абалы, продукциянын технологиялык деңгээли, продукциянын атаандашуу жөндөмдүүлүгү, экспорттук потенциал, иштеп жаткандардын салыштырма салмагы, инновацияны киргизүү жөндөмдүүлүгү, инфраструктуранын өнүгүү деңгээли, информатташтыруунун абалы, региондун ички өз ара аракети. Бул көрсөткүчтөрдүн көбү Кыргызстандын шартында так жана толук өлчөнө албайт, анткени керектүү статистикалык маалыматтар жок. Биз улам кийинчереек ушул көрсөткүчтөргө маанисин коюп берүүгө аракет жасайбыз. Бул багытта Г.А. Унтура регионду баалоо үчүн региондун социалдык-экономикалык өнүүгүсүнүн комплексттик индикаторлоруна рейтингтик баа берүүнү колдонсо [123], Р.И. Шнипер 20 атаандашуучулук позициядан [125] баа берүүнү сунуштайт. И.Тихомированын “Россиянын региондорунун инвестициялык рейтинги” [121] деген китебинде инвестициялык потенциалды баалоо үчүн 100 гө жакын көрсөткүчтөр пайдаланылган бирок алар кандай кылып жыйынтыкталат кайдан алынат ачык келтирилбеген. Карап көргөндө бул изилдөөлөрдүн негизги жетишпестиги-алар колдонгон көрсөткүчтөрдү алууга жетишерлик статистикалык база бизде эле эмес Россияда да жокко эсе, ал эми авторлор көп учурда эксперттик баалоонун гана натыйжасына таянышат. Ошон учүн да изилдөөлөрдүн көбүндө субьективизмдин элементтери орун алган.

Жогору жакта айтылгандарды жыйынтыктап “экономикалык потенциал” деген түшүнүк белгилүү бир деңгээлде өзгөрүүгө эволюцияга туш болду десек туура болот. Алгач пайда болгондо ресурстардын же кубаттулуктардын жыйындысы катары чыкса, кийин ал ошол ресурстарды пайдалануунун жолун

көрсөткөн уюштуруучулук жана социалдык факторлор менен толукталды. Эгер башталышында потенциалды өнүктүрүү түшүнүгү негизинен ресурстардын сан (негизги фонд, жумушчу күчү, чийки заттар) жагынан көбөйтүү милдетин алса, ал эми интенсификацияга жаңы технология, эмгек ресурстарынын сапатын көтөрүүчү катары карашса, кийинчереек интенсификацияга социалдык шарттардын, башкаруунун жакшырышынын, анын жаңы формаларынын киришинин натыйжасы катары карап калышты, ошол эле мезгилде ресурстун сан жагынан өсүшү экинчи планга калып калды. Негизинен колдо бар ресурстарды сапаттуу пайдалануу биринчи орунга чыкты.

Ушул эле учурда биздин изилдөөлөрдүн максаты инвестициялык потенциалды баалоо жана ошого жараша инвестицияларды келтирүү болуп эсептелет. Албетте инвестициялык потенциал менен социалдык-экономикалык потенциал менен тыгыз байланыш болгон менен алардын ортосунда айырма бар.

Айтсак, социалдык-экономикалык потенциал өндүрүш күчтөрүн жаратылыш, аба-ырайы жана башка ушул сыяктуу потенциалдарды камтыса инвестициялык потенциал кайсыл көлөмдөгү, кайсыл убакытка жана кайсыл жерде инвестицияны тартуу зарылчылыгын көрсөтөт. Мындан улам инвестициялык потенциал инвестициялык суроо-талапка барабар деп айтсак болот. Ушуну менен бирдикте инвестициялык суроо-талаптар, ошолордун кайрымдуулук жөндөмдүлүгү менен дагы айырмаланат. Башкача айтканда инвестициялардын өз убагында тийиштүү көлөмдө кайрымдуулук жөндөмү барбы же жокпу ?.  Демек биздин оюбузча инвестициялык потенциал жалаң гана суроо талап эмес инвестициялык кайрымдуулукту камсыз кылуу да эсептелет.

Экинчи айырма эгерде социалдык-экономикалык потенциалды турмушка ашырууда өндүрүш күчтөрдүн башкача айтканда материалдык-техникалык база, жумушчу күч, материалдар жана жаратылыш жана аба-ырайы шарттары керек болсо инвестициялык потенциалды турмушка ашыруу үчүн инвесторлордун макулдугу жана алардын шарттары кирет.

Рыноктук экономика, чарбалык иштердин либерализация болушу-экономикалык потенциалдын мазмун -маанисине жаңы түшүнүк киргизди, ал мындан ары социалдык-экономикалык система катары чыгат жана атаандашуунун шартына шайкеш келүүгө жана өнүгүүгө жөндөмдүү болот. Ушундай шартта СЭПти баалоо, комплекстүү, системдүү мүнөзгө ээ болуп ички ресурстарды жана тышкы факторлорду эсепке алышы керек.

Ошондуктан да регионалдык өнүгүүнүн абалын аныктоо-бул бир нече себептерге байланыштуу болгон, бир жактуу, жеткиликтүү, жооп бере албай турган-суроо деп да атасак болот. Биринчи кезекте бул- региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, региондун экономикалык коопсуздугуна, регионалдык өнүгүүнүн тобокелчилигине мониторинг жүргүзүүнүн жана башкаруунун жоктугу, жана анын зарыл керектиги менен түшүндүрүлөт.

Ушуга байланыштуу инвестициялык потенциалды баалоонун натыйжалуулугун көтөрүү жана баалоо процедурасын оптималдаштыруу үчүн ушул диссертациялык изилдөөдө социалдык-экономикалык потенциалды баалоонун төмөндөгү классификациясы сунуш кылынат.

-жалпыланган баалоо - изилденип жаткан субьекттин негизги социалдык-экономикалык мүнөздөмөсү боюнча, ал жөнүндо жалпы түшүнүк алуу.

-атаандашууга жөндөмдүүлүктү баалоо - региондун туруктуу өнүгүшүнө системанын шарт түзүү жөндөмдүүлүгүн баалоо. Бул жерде атаандашууга жөндөмдүүлүктүн так жана туура аныктамасын төмөндөгүдөй аныктоого болот: ”бул экономикалык, социалдык, саясий жана башка факторлор аркылуу шартталган региондун жана анын ар бир товар өндүрүүчүлөрүнүн сырткы жана ички рыноктогу абалын , дал ошол ээлеген абалындай кылып анын динамикасын кошо, көрсөткүчтөр (индикаторлор) аркылуу чагылдырып көрсөтүү”[114].

-өнөр жайынын өнүгүүсүн баалоо - региондун өнөр жай тармагынын ресурстук потенциалын баалоо. Шаар түзүүчү жана ресурс түзүүчү ишканалары бар региондорго мындай баалоо өтө актуалдуу жана керектүү.

-инновациялык өнүгүүнү баалоо - системанын инновациялык билимди, инновациялык продукцияны түзүү, регионалдык масштабдагы инновациялык проекттерди иштеп чыгуу, киргизүү жана сатуу жөндөмдүүлүгү.

-социалдык өнүгүүсүн баалоо - калктын жашоо деңгээлин баалоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калктын жашоо деңгээлин көтөрүүгө кошкон салымын баалоо.

Баалоонун субьекттери болуп ар бир учурда мамлекеттик бийликтин органдары, мекеме-уюмдар, инвесторлор ж.б. чыга алышат.

Регионалдык өнүгүүнү баалоонун технологиясы, алдына калктын материалдык абалын жана жашоо деңгээлин жакшыртуу, жаратылышты коргоо жана ресурстарды рационалдуу пайдалануу, экономикалык жана илимий потенциалды өнүктүрүүнү милдет кылып койгон көп максаттуу жана көп критериялуу системаны колдонууну туура деп эсептейт. Мындай максаттуу көрсөтмөлөр (установки) ар түрдүү сандык көрсөткүчтөр аркылуу туюнтулат жана ошол көрсөткүчтүн айрым бир бөлүгү оптималдуулуктун критерийи деп кабыл алынышы мүмкүн.

Регионалдык системанын абалына мониторинг жүргүзүүдө бирден бир чечүүчү проблема болуп баалоочу көрсөткүчтөрдүн системасын тандоо болуп эсептелинет. Ушул маселе боюнча азыркы мезгилге чейин көп сандаган изилдөөчүлөрдүн ичинде бирдиктүү ой пикир али жок. Ар бир изилдөөчү көрсөткүчтөрдүн системасын аныктаганда башкалардан айрымаланган үч төрт жаңы же башкаларга окшобогон көрсөткүчтөрдү кошот же алып таштайт. Ошондуктан да региондун социалдык-экономикалык өнүгүшү жалпы кабыл алынган улуттук статистиканын көрсөткүчтөрү менен мүнөздөлөт. Алар жылдык, кварталдык, айлык, он күндүк, бир күндүк мөөнөт менен болушу мүмкүн. Туруктуу экономикасы бар өлкөлөрдө көбүрөөк таралган анализ жылдык жана жарым жылдык болушу мүмкүн. Туруктуу эмес экономикасы бар өлкөлөрдө социалдык-экономикалык өнүгүүдөгү жаңы тенденцияларды билиш үчүн кварталдык, айлык байкоолор пайдаланылат.

Керектүү көрсөткүчтөрдүн системасын тургузуу дегенде биринчи кезекте, алардын ичинен манилүүрөктөрүн бөлүп алуу дегенди түшүнүшүбүз керек. Көрсөткүчтөр системасынын ичинен региондун сырткы жана ички чөйрөсүн диагностика кылган көрсөткүчтөр системасы, региондун туруктуу өнүгүшүн башкарган механизмдин негизги элементтеринин бири катары эсептелет. Тандалып алынган көрсөткүчтөр менен жасалган ишенимдүү анализ гана региондун потенциалын баалоого мүмкүнчүлүк берет, ал эми региондун туура бааланган абалы туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн натыйжалуу башкарууну тандап алууга шарт түзөт.

Көрсөткүчтөрдүн керектүү системасын тургузууда төмөндөгүдөй критерийлерге таянуу керек [97]:

-көрсөткүчтөрдүн региондун өнүгүү максаттарына дал келүүсү;

-регионалдык өнүгүүнүн бардык процесстерин көрсөткүчтөр менен камтуу;

-келечектин көрсөткүчтөрүн аныктап алуу;

-көрсөткүчтөрдүн абсалюттук, салыштырма жана салыштырма салмак түрүндө көрсөтүлүшү;

-көрсөткүчтөрдүн эсептөөгө жана анализге жеткиликтүүлүгү;

Албетте, көрсөткүчтөрдүн тизмеси катуу чектелген болбош керек. Ал өзгөрөт, толукталат жана өзгөргөн экономикага, саясатка карап жаңыланат, өзгөрүп турат.Ошону менен бирге көрсөткүчтөр системасын тандаганда негиз кылып ала турган бир нече принциптерди бөлүп кароо керек:

-жетиштүүлүк принциби - көрсөткүчтөр баалоонун максатын бирдей мааниде, улам өзгөртө бербей чагылдыруу үчүн керек;

-декомпозиция принциби - изилденип жаткан процессти аны түзгөн бир нече функцияларга бөлүп жиберип, системанын иерархиялык курамынын моделин аныктап жакындан жеткиликтүү анализ жүргүзүү үчүн керек;

-ишенимдүүлүк принциби - көрсөткүчтөр ченелгенге жеңил, негизделген жана статистикалык ишенимдүү болушу керек;

Тилекке каршы практикада жогоруда аталган көрсөткүчтөрдү аныктоо көп кыйынчылыктарды туудурат. Ошондуктан кээде так эмес информацияларга дуушар болот. Ушуну менен бирдикте статистикалык маалыматтар дагы талапка жооп бере алат деп айталбайбыз, себеби айрым катачылыктар статистика маалыматтарды топтоодо кетирилет, ал эми кээ бир катачылыктар статистикалык маалыматтарды иштеп чыгууда кетирилет. Мунун себеби статистика-практикада көп учурда орточолук (усредненный) көрсөткүчтөр колдонулат. Анткен менен учурда башка мындан тагыраак камсыз кыла турган методдор жок.

Ушул эле учурда практикада статистикалык маалыматтарды жакшыртуу максатында кээ бир аракеттер бар. Булардын катарына балансташтырылган көрсөткүчтөрдүн системасы.

БКСсын тургузуунун классикалык модели ишкананын иш жүргүзүүсүнүн төрт аспектисине негизделген: клиент менен өз ара мамиле; ички бизнес процесстин абалы; финансалык көрсөткүчтөр; жумушчуларды окутуу жана өстүрүү; Сунуш кылынган модел толук жана жетиштүү көрсөткүчтөр аркылуу ишкананын иш аракетин жана келечегин чагылдырууга шарт түзөт жана ушул көрсөткүчтөр аркылуу ишкананы стратегиялык башкаруу жана көзөмөлдөө системасын да түзсө болот.

Бир катар изилдөөчүлөр бул концепцияны ишканага үчүн гана эмес, башка экономикалык системаларга - өнөр жай комплекстерине, коммерциялык эмес ишканаларга, жогорку окуу жайларга колдонсо болот деп сунуш кылышууда. Ушул өңүттөн алганда да БКСсын региондун өнүгүүсүн изилдөөлөргө колдонуу максатка ылайыктуу болмокчу.

Балансташтырылган көрсөткүчтөрдүн системасын тургузууга пайдалануу үчүн, региондогу сунуш кылынган баалоонун максаттарынын классификациясына (түрүнө) ылайык тиешелүү аналитикалык көрсөткүчтөрдүн топтомунан турган багыттар белгиленип берилди. Ар бир баалоонун түрү үчүн тандалып алынган багыттар таблица 1.2. көрсөтүлгөн (тиркелет). Таблицада баалоонун 5 түрү, ар бир түрдө төрттөн багыттар

көрсөтүлгөн. Мындай классификацияга бөлүү келечекте социалдык-экономикалык потенциалды мүнөздой турган көрсөткүчтөрдүн туура, жеткиликтүү топтомун аныктоого шарт түзөт.  М: Жалпыланган баа берүү - бул баалоонун түрү, ал эми ал үчүн тандалып алынган багыттар; атаандашууга жөндөмдүүлүк; социалдык аспекттер; ички процесстер жана инвестициялык аспекттер. Схемадагы баалоонун бир түрү  болгон “атаандашууга жөндөмдүүлүктү” тандап алып, анын жогоруда айтылган 4 багытынын ар бирин аныктай турган, баалай турган көрсөткүчтөрдү тандап  келтирүүгө аракет кылалы  (таблица 1.2).

**Таблица 1.2-Региондун атаандашууга жөндөмдүүлүгүн баалоочу көрсөткүчтөрдүн тизмеси**

| Баалоонун критерийлери | **Региондун атаандашууга жөндөмдүүлүгүн баалоочу көрсөткүчтөр** |
|---|---|
| **Инновациялык активдүүлүк** | Ишкердүүлүк секторундагы изилдөөлөр жана жаңы иштеп чыгуулар менен аракеттенген кызматкерлердин санынын жалпы кызматкерлерге салыштырма салмагы % |
| | Технологиялык инновацияга кеткен чыгымдардын мурунку жылга салыштырмалуу көлөмүнүн өсүшү (ушундай эле уюштуруучулук инновацияга кеткен чыгымдар да) %. |
| | 100 сомдук жөнөтүлгөн өнөр жай продукциясына өндүрүлгөн инновациялык продукциянын суммасы. |
| | Жалпы өнөр жай родукциясынын ичинде инновациялык продукциянын үлүшү (акыркы 3 жылда олуттуу технологиялык өзгөрүүлөрдүн жана жаңыдан өздөштүрүлгөн продукциялар). |
| | Жалпы көрсөтүлгөн кызмат акынын ичинде инновациялык кызмат акынын үлүшү. |
| | Инновациялык (ишканадагы) иш аракеттин рентабелдүүлүгү. |
| | Жалпы экспорттун 100 сомдук көлөмүнө, инновациялык продукциянын  суммасынын туура келиши. |
| **Инвестиция активдүүлүк** | ВРПнын көлөмүнүн ичинде негизги капиталлга инвестициянын ээлеген орду,  салыштырма салмагы % менен. |
| | Негизги капиталлга инвестициянын суммасынын ичинде, түз чет өлкөлүк инвестициянын салыштырма салмагы %. |
| | Өнөр жайдагы негизги капиталдык инвестициянын жалпы инвестициядагы салыштырма салмагы %. |
| | Негизги капиталдык инвестицинын жалпы акчалай көлөмүнүн мурунку жылдарга карата өсүшү. |
| **Корпоратив дик өнүгүү** | 10 миң жашоочуга туура келген ишканалар менен уюмдардын саны. |
| | 10 миң жашоочуга туура келген мамлекеттик жана  муниципалдык ишканалар менен уюмдардын саны. |

| | |
|---|---|
| | 10 миң жашоочуга туура келген жеке менчиктеги ишканалардын уюмдардын саны. |
| **Финансалык абал тармактык диверсификация** | Жалпы мекеме уюмдардын ичинде, зыян тартып иштеген ишканалардын салыштырма салмагы %. |
| | Мекеме жана ишканалардын дебитордук жана кредитордук карыздарынын көлөмү (динамикасы). |
| | Ишкана мекемелердин рентабелдүүлүгү (өнөр жайда кызмат көрсөтүүдө, курулушта ж.б.) |
| | Тармактык диверсификациянын индекси. |

Ушул баалоонун 5 түрү жана анын ар биринин төрттөн багыты боюнча тандалып алынган керектүү көрсөткүчтөрдүн тизмеси **№ 1 тиркемеде** келтирилген (тиркелет ). Көрсөткүчтөрдү негизинен орду бар, статистикалык базасы, маалыматы барларын тандоого аракет жасалды. Айрым көрсөткүчтөр кайталанылат, көрсөткүчтөрдүн 20 % га жакыны эксперттик жол, калганы статистикалык жол менен аныкталат. Бул аныкталган көрсөткүчтөр түпкү аталыштагы, абалды жалпы эле аныктаган, атooч көрсөткүчтөр. Ал эми аларды жөндөп алуу б.а. сүйлөтүү али алдыда.

Түрдүү авторлор тарабынан жүргүзүлгөн регионалдык өнүгүүнү баалоонун ар кандай методдорун, жолдорун, методикаларын анализдөөнүн жыйынтыктыгын чыгарганда ортодон, региондорду комплекстүү баалоону натыйжалуу өткөрүү боюнча төмөндөгү жалпы принциптерди түзүп чыгууга мүмкүнчүлүк берди [83].

-баалоонун комплекстүүлүгү;

-баалоонун системалуулугу;

-региондордун социалдык-экономикалык потенциалынын түрдүү аспекттерин баалоо үчүн көрсөткүчтөрдүн максималдуу репрезентативдүүлүгүн камсыз кылуу;

-регионалдык өнүгүүнүн базалык көрсөткүчтөрүн тандоодо алгачкы сандардын ишенимдүүлүк, чындык факторун эсепке алуу;

-статистикалык отчеттуулукта колдонулуп жүргөн индикаторлор кийин автоматташтырылган кайра иштетүүгө да ыңгайланышкан, ошол кырдаалда да колдоно бере турган болуш керек;

-индикаторлор системасынын, региондун болжолдоо жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүн башкаруу милдеттерине максималдуу шайкеш келиши;

-региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн салыштырма баалоонун натыйжасын (башка региондорго салыштырылган) толук түрдө информация булактарынан билдирүүгө жетишүү, бул мамлекеттик башкаруудагы программалык чечимдердин натыйжалуу варианттарын өлкөдө, региондо түзүүгө негиз болуп, жардам берет.

**I бап боюнча жыйынтыктар**

1. Жыйынтыктап айтканда регион деген түшүнүктү мамлекеттин административдик – аймактык бөлүнүүлөрүнүн бирдигине шайкеш келтирип алуу (биздин изилдөөлөрдө Кыргызстандын шартында облустарды регион катары кабыл алдык) региондун инвестициялык жагымдуулугун аныктоого өтө оң натыйжасын бере турганын аныктадык. Демек регион дегенде өз алдынча чарба жүргүзүүгө объективдүү мүмкүнчүлүгү бар, комплекстүүлүгү, чарбасынын бүтүндүгү, башка аймактарга салыштырмалуу кайра өндүрүүдөгү (воспроизводство) өзүнө гана таандык өзгөчөлүгү жана жалпылыгы менен айрымаланган, көп жылдар бою калыптанып калган коомдук эмгектин бөлүштүрүлгөн, экономикалык адистештирилген түрүнө ээ болгон өлкөнүн аймагынын бир бөлүгүн түшүнүүгө болот. Ал аймак өз алдынча башкаруу органына ээ болуп, ал орган, ошол берилген аймактын калкынын жашоо деңгээлин көтөрүү боюнча бардык милдеттерди аткарат жана мойнуна алат.

2. Региондун алдында турган маселелерди региондун социалдык-экономикалык потенциалын ар тараптан изилдебей, баалабай туруп чечүүгө мүмкүн эмес. Жогоруда белгилегендей рыноктун шартындагы

чарба жүргүзүү СЭПти маңызына жаңы түшүнүк киргизе алды ал инвестициялык потенциалдын негизи деп эсептелинди.

3. СЭПти алгач ресурстардын сан жагынан көбөйүшү катары кабыл алсак, азыр буга сапат жагынан көрсөткүчтөр кошулду. СЭП деген бул комплекстүү мүнөздөмөгө ээ болду, эгер мурун объекттин (ишкананын, региондун, өлкөнүн) ички ресурстарын – материалдык активин, кадрдык, эмгек ресурстарын, технологиясын түшүнсөк, азыр интенсивдештирүүнүн (жаңы технология), инновациянын, башкаруунун жетишкендиктерин колдонууну кошо эсептей баштадык.

4. СЭПтин мурунтан традициялуу эсептелип жүргөн курамы (составы), структурасы татаалдашты, көбөйдү. Ушундай шартта региондун СЭПын б.а инвестициялык потенциалын баалоо да комплекстүү, системалуу мүнөзгө ээ болот, ички ресурстар менен катар, сырткы факторлорду да эске алууга туура келет. Ошондуктан биздин изилдөөлөрдө региондун атаандашууга жөндөмдүүлүгүн баалоочу көрсөткүчтөргө негизинен сырткы факторлор боюнча көрсөткүчтөр - алар инновациялык активдүүлүк, инвестициялык активдүүлүк, корпоративдик өнүгүү (башкаруудагы жаңылык), финансалык абал боюнча, баардыгы 18 көрсөткүч тандалып алынды.

5. Ички ресуртар үчүн жалпыланган баалоонун жана өнөр жайынын 44 көрсөткүчтөрү, социалдык тармак үчүн социалдык өнүгүүнү баалоонун 20 көрсөткүчтөрүн иштеп чыктык.Иш жузүндө ушул көрсөткүчтөрдү толук колдонуу региондун инвестициялык потенциалын толук, комплекстүү баалоого шарт түзөт.

# 2-БАП.РЕГИОНДУН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮН ЖАНА АНЫН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОТЕНЦИЯЛЫН ТАЛДОО.

## 2.1 Региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн абалы.

Региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жана анын инвестициялык потенциалын талдоо ушул түшүнүктөрдү баалоо менен тыгыз байланышкан.Ушул себептен биз потенциалды баалоонун кээ бир методикалык жактарын карап чыктык.

Ар кандай социалдык экономикалык өнүгүүнүн эң негизги максаты катары, калктын турмуш тиричилик деңгээлин жогорулатуу эсептелет. Ушул эле түшүнүк региондорго дагы таандык.

Ушуга байланыштуу бир топ окумуштуулардын пикирлерин да атасак болот. Мисалы, Россиялык окумуштуу А.Бляхман өзүнүн изилдөөлөрүндө “региондун социалдык-экономикалык потенциялы бул - натыйжалуу продукцияны өндүрүү, кызмат көрсөтүү жана регионалдык бийликтердин ийгиликтүү иш аракети аркылуу, калктын туруктуу жашоо деңгээлин камсыз кылууга жөндөмдүү болгон, анын бардык элементтеринин кошулган потенциялы” [32] деп аныктама берет.

Ал эми Д.Скипин “тармактын инвестициялык потенциялы деп- бул өздүк жана башка жактан тартылган ресурстарды натыйжалуу, билгичтик менен пайдалануунун эсебинен ошол тармактын потенциялын көбөйтүү” [114] деп жазат. Бул жерде өздүк потенциял дегенде, жогоруда айтылган социалдык-экономикалык потенциялды түшүнүүгө болот.

Ал эми Н.И.Климова [69] инвестициялык потенциялдын 3 негизги кошулмасын бөлүп көрсөтөт, алар: ресурстук, инфраструктуралык жана институциионалдык. Ресурстук дегенибиз фонддук, финансалык, эмгектик, жаратылыштык, өндүрүштүк ресурстардан турат. Инфраструктуралык - инвестициялык ресурстардын суммасы, инвестиция жасоо, инвестициялык продукцияларды алмашуу кирет. Институционалдык кошулма (компонент) бул

формалдуу эрежелер, (жоболор), формалдуу эмес чектөөлөр, кыстоо-аргасыздык менен чектөөлөр.

Формалдуу эрежелерге инвестицияны тартууга колдонуучу мыйзамдык нормативдик базалар, менчиктин кол тийбестигин сактаган, ишкердүүлүктү колдогон институттар, ишкердиктин өнүгүү деңгээли, инвестицияны либерализациялоо, экономикалык стимулдар системасы, кредит берүү шарттары, инвестиция жасоо режими, атаандашуу чөйрөсү, контракттар системасын кошууга болот.

Формалдуу эмес чектөөлөргө төмөнкү кошулмалаар кирет: инвестициялык мамилелердин катышуучуларынын жүрүм турум кодекси, инвестициялык “ментальностъ”; инвестициялык маданияттуулук; инвестициялык проекттин денгээли; инвестициялык мыйзамдуулук жана көзөмөл.

Кыстоо, аргасыздык менен чектөөлөргө төмөндөгүлөр кирет: мыйзамсыз инвестициялык иш аракеттерге болгон жоопкерчилик; инвестиция жасоону жана атаандашуучулукту коргоо; банкроттуулуктун нормативдери; контракты бузгандыгы үчүн жоокерчиликтин даражасы.


Өз кезегинде ресурстук, инфраструктуралык кошулмалар, эки компонент, бул региондун инвестициялык потенциалын түзөт. Ал эми инвестициялык потенциалдын айтылган методика менен иштелип чыккан институционалдык кошулмаларын (3-компонентти) региондун инвестициялык климаты деп атасак болчудай. Ал эми жогорудагы 3 кошулманы же компонентти кошуп интегралдык көрсөткүчкө алып келсек, бул көрсөткүч региондун инвестициялык жагымдуулугун толук мүнөздөй алат б.а. инвестициялык климат кошулган инвестициялык потенциял барабар инвестициялык жагымдуулукту бере алат.

Жогоруда белгиленгендей ресурстук кошулманын негизин социалдык-экономикалык потенциал түзөт б.а. социалдык-экономикалык потенциал-инвестициялык потенциалдын негизги ажырагыс бир бөлүгү, фундаменти болуп саналат. Ошол эле мезгилде айрым авторлор азыркы мезгилдеги

социалдык-экономикалык потенциал дегенде инвестиция тартууну, инновацияны киргизүүнүн натыйжаларын да кошуп келишет. Ошондуктан да биринчи главадагы биз аныктаган социалдык-экономикалык потенциалды баалоонун көрсөткүчтөрүн - инвестициялык потенциялды аныктоого, баалоого да колдонсок болот.

Инвестициялык мамилелердин улам өсүп, чоңоюп баратканын камтыган “инвестициялык жагымдуулукту” чагылдырган графигин карап көрсөк болот. Бул графикте биринчи башаты болуп “инвестиция” деген тушүнүк, андан туунду катары “инвестициялык ресурстар”, андан ары “инвестициялык потенциал”, ”инвестициялык активдүүлүк”, ”инвестициялык климат” жана “инвестициялык жагымдуулук” көрсотүлгөн **(**сүрөт 2.1**).**

**Сүрөт 2.1.- Инвестициялык проблематиканын категорияларынын өз ара катышышынын схемасы**




1-инвестиция; 2- инвестициялык ресурстар (СЭП); 3- инвестициялык потенциал; 4- инвестициялык климат; 5-инвестициялык жагымдуулук;

Бул өз ара катыштан бизди кызыктырганы инвестициялык потенциал болуп эсептелинет жана мындан ары ушул түшүнүктү чечмелөө, баалоонун үстүндө иш алып барабыз. Ушул изилдөөдө өлкөнүн, региондун, шаардын инвестициялык потенциялы деп, калктын керектөөсүн канааттандыруучу жогорку сапаттагы товарларды өндүрүүгө, кайта өндүрүүнү жана керектөөнү камсыз кылганга жөндөмдүү, экономиканын бардык сфералары аркылуу инвестициялык иш аракеттерди аткарууга жумшалган биргелешкен мүмкүнчүлүктү атасак болот.

Ал эми инвестициялык тобокелчилик деп мамлекеттик башкаруу органдарынын кийлигишүүсүнүн айынан капиталдык салымдардын баасынын төмөн түшүп кетүү же жүргүзүлүп жаткан инвестициялык иш чаралардан күтүлүүчү кирешелерди албай калуу мүмкүнчүлүгүн айтабыз. Бул жалпы экономикалык системада, өлкөдө, региондо, шаарда болушу ыктымал.

Инвестициялык потенциалды баалоодо Россиялык “Эксперт” журналынын инвестициялык жагымдуулукту эки өз ара байланышкан түзүлүштөрдүн - инвестициялык потенциал менен инвестициялык тобокелчиликтин байланышы катары карап, баалаганы методикалык жактан өзгөчө болуп эсептелинет [32]. Ушул жерде инвестициялык потенциал (аймактын инвестициялык сыйымдуулугу) региондун сегиз жеке потенциалынан турат: ресурстук-сырьелук, эмгектик, өндүрүштүк, инновациялык, институционалдык, инфраструктуралык, финансалык жана керектөөчүлүк. Ар бир региондун рангасы же даражасы ошол ар бир потенциалдын сандык көлөмүнүн жалпы региондордун потенциалдарынын сандык көлөмдөрүнүн суммасындагы салыштырма салмагы менен аныкталат.

Инвестициялык тобокелчилик мүмкүн болгон инвестициялык жана кирешедеги жоготуунун суммасы менен аныкталат. Ал дагы жети жеке жоопкерчиликтен турат; экономикалык, каржылык (финансалык), саясий, социалдык, экологиялык, криминалдык жана мыйзамдык. Ар бир региондун тигил же бул тобокелчиликтен ээлеген орду же рангасы инвестициялык тобокелчиликтин индексинин мааниси менен б.а. бир бирдик катары кабыл

алынган жалпы өкмөттүк орточо деңгээлге салыштырмалуу чыккан айрымасы менен өлчөнөт.

Биз ушул изилдөөдө региондун инвестициялык потенциалын баалоо үчүн жогоруда айтылган ойлорду негиз кылып алдык. Башкача айтканда инвестициялык потенциал курамы боюнча дагы, мазмуну боюнча дагы көп тармактуу жана көп катмардуу түшүнүк. Буга мисал болуп инвестицияларды пайдалануунун багыттары болуп саналат.

Атап айтсак учурда горизонталдык жана вертикалдык, башкача айтканда тармактык жана территориялык бири-бирине тыгыз байланышкан кластерлерди түзүү болуп саналат.

Кластер деген заманбап инновациялык жогорку технологиялардын негизинде, экономикалык пайда алып келүүчү структураларды айтсак болот.

Мындан тышкары инвестициялык потенциалды аныктоого ар бир региондун ордун жана мүмкүнчүлүгүн да эске алуу керек. Ушуга байланыштуу региондор арасында рейтингдик көрсөткүчтөрдү пайдаланса да болот.

-эң бийик (максималдуу) потенциалы болсо ал жерде эң төмөнкү(минималдуу) тобокелчилик(1А);

-бийик потенциал-мелүүн тобокелчилик (1В);

- бийик потенциал-бийик тобокелчилик (1С);

- орточо потенциал-эң аз (минималдуу) тобокелчилик (2А);

- орточо потенциал-мелүүн тобокелчилик (2В);

- орточо потенциал-бийик тобокелчилик (2С);

- төмөнкү потенциал-эң аз (минималдуу) тобокелчилик (3А);

- төмөндөтүлгөн потенциал-мелүүн тобокелчилик (3В1);

- төмөндөтүлгөн потенциал-бийик тобокелчилик (3С1);

- маанилүү эмес потенциал-мелүүн тобокелчилик (3В2);

- маанилүү эмес потенциал-бийик тобокелчилик (3С2);

- төмөнкү потенциал-экстремалдуу тобокелчилик (3Д) (32);

Бул методика инвесторлорго инвестициянын субьекттерин жана обьекттерин тандаганда натыйжалуураак чечим кабыл алууга мүмкүндүк берет,

бирок инвестициялык көйгөйлөрдүн ар кандай категорияларынын ортосундагы байланышты тактай албайт. Ошондуктан биздин көз караште “инвестициялык потенциал”деген региондун интегралдык (кошулма) инвестициялык мүнөздөмөсү болуп саналат. Ошондон улам региондун инвестициялык потенциалын, көрсөткүчтөрдү репрезентативдүү тандап алууга жана оперативдүү статистикалык көрсөткүчтөрдү көбүрөөк комплекстүү колдонууга негизделген, **интегралдык индекстердин методикасын** колдонуу менен изилдөө, бүгүнкү күндөгү эң жыйынтыктуу изилдөө болуп саналат.

Социалдык-экономикалык сферада регионалдык саясат чон мааниге ээ болууда, анткени аймактардын экономикалык көп түрдүүлүгүн натыйжалуу пайдаланууда жана ошол аймактагы калктын жашоо деңгээлин, жыргалчылыгын көтөрүүдө андан көп нерсе көз каранды. Ошондуктан натыйжалуу регионалдык саясат жүргүзүү үчүн ошол региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлин, мүмкүн болгон өнүгүү темпин, анын өндүрүштүк жана финансалык потенциалын билүү зарыл. Региондогу экономикалык, социалдык иш аракеттер канчалык ийгиликтүү болсо ошол жерде өнүгүүнүн жалпы деңгээли жогору болот, ал жер ошончолук инвестиция тартууга жагымдуу болуп ошончолук тобокелчилик аз болот. Жогоруда айтылгандай регионду баалоодо комплекстүү, системалуу баалоого, бардык көрсөткүчтөр эсепке алынгандай болушу керек, антпесе бир көрсөткүч боюнча регион инвестиция тартууга жагымдуу зона катары болсо, башка көрсөткүч боюнча инвестициялык активдүүлүк басмырланган болушу мүмкүн.

Ошондон улам региондорго инвестиция тартуу жана жайгаштырыуунун илимий негизделген методологиясын колдонуу өлкөбүздүн азыркы мезгилдеги өнүгүүсүндөгү эң негизги милдеттердин бири деп эсептелет. Бүгүн региондордогу инвестицияны тартуунун жана натыйжалуу пайдалануунун шарттарын баалоонун методикасын иштеп чыгуу өтө актуалдуу, анткени ал өлкөбүздүн экономикасына капиталдын агып келишине ишенимдүү механизм түзөт. Региондордун келечеги, аларга болгон ички жана тышкы инвесторлордун ишенимин арттыруу, ал жердеги бийликтин рационалдуу саясат жүргүзүүсүнөн

көз каранды болот. Ушунун баары региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлине жана алардын инвестицияны тартуудагы атаандашуучулук жөндөмдүүлүгүнө анализ жүргүзүүнү шарттайт.

Кыргыз Республикасында (аймактардын) региондордун инвестициялык жагымдулугун баалоо боюнча каржы министрлигинин алдындагы экономикалык жана социалдык реформалардын борбору ошондой эле “экономисттер реформа үчүн” коомдук бирикмеси бир аз иш жүргүзүшкөн. Ал эми бул багытта Россиядагы илимий институттар, консалтингдик (консултация берүүчү) агенстволор өтө жакшы иштерди жасап жатышат. Анткени Россия мамлекетинде регионалдык саясат өз алдынча илим катары өнүгүүдө. Кыргыз Өкмөтүнүн региондорду өнүктүрүү боюнча туруктуу саясатынын жоктугу, биздин региондордун инвестициялык жагымдуулугун аныктаганга анчалык социалдык буйрутмалардын жок экендигинен кабар берет. Ошого карабастан ушул эмгекте РФнын өткөөл мезгилдин Экономикасы Институтунун жана РФнын Өкмөтүнүн “РФнын субьекттеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлине комплекстүү баа берүү” деген эмгектерин, РФнын Өкмөтүнүн алдындагы Каржы академиясынын адистеринин иштеп чыккан методикаларын негиз кылып алып, КРсынын субьекттеринин (облустарынын) социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жана инвестициялык потенциалына баа берүүгө аракет жасалды [113].

Биз бул изилдөөдө жогоруда айтылган методиканы Кыргызстандын шартына ылайыктуу болушуна аракет жасадык. Бул аракеттер төмөндөгү өзгөчөлүктөрдү камтыйт:

-Кыргыз Республикасындагы облустар масштабы өндүрүп чыгарылган дүң продукциясы негизги фондор жана башка көрсөткүчтөр аркылуу Россиялык региондорго туура келбейт. Ошондуктан кээ бир көрсөткүчтөрдүн пайдалануусун зарылчылыгы жок жана тескерисинче КР үчүн (мисалы, тоолуу аймактар үчүн) кошумча көрсөткүчтөрдү колдонуу зарылчылыгы бар. Россия – федеративдүү республика, башкача айтканда башкаруу системасы 3-4

тепкичтен турат, Кыргызстан болсо унитардуу, башкаруу системасы 2 тепкичтен турат.

-Кыргызстандын эл- аралык байланыштары кескин түрдө Россиялык шарттардан айырмаланат, ошондуктан бул көрсөткүчтөрдөн дагы айырмачылыктар бар.

Ушунун негизинде региондорду төмөнкү формулаларды колдонуу аркылуу ранжировка берүүгө же болбосо ар бир регионго өз ордун ыйгарууга болот.

Интегралдык индексти эсептөө, региондун өнүгүү деңгээлин, жалпы өлкөнүн өнүгүү деңгээлин 1 деп баалап ошого салыштыруу аркылуу жүргүзүшөт. Интегралдык индексти эсептөө төмөндөгү формула аркылуу жүргүзүлөт [113]:

$$I_j = \sum_{I=1}^{n} (A_{i.j}/A_i) \times d_i \qquad (2.1)$$

Бул жерде

$I_j$ - j-региондун интегралдык индекси;

$A_{i,j}$ - i-көрсөткүчтүн мааниси j-регион үчүн;

$A_i$ - i-көрсөткүчтүн жалпы өлкө үчүн мааниси;

$D_i$ -i-көрсөткүчтүн салыштырма салмагы, индексти эсептөө үчүн колдонулат жана анын башка көрсөткүчтөр ичинде канчалык деңгээлде маанилүү экендигин мүнөздөйт. Индекстин бардык көрсөткүчтөрүнүн салыштырма салмагынын суммасы 1 барабар. Салыштырма салмактын мааниси эксперттик жол менен аныкталат. Индекстин мааниси -өлчөмү жок бирдикте берилет да, 0 дон 2ге чейинки интервалда өзгөрүп турат. Индекстердин мааниси көрсөтүлгөн интервалга батышы үчүн, көрсөткүчтөрдүн регионалдык маанисинин, жалпы өлкөнүн көрсөткүчүнүн маанисинен кыйшаюсун

(айрымасын) эсептеп чыгарып аны интегралдык индексти эсептеп чыгууга пайдаланса болот жана төмөндөгүдөй шарттарга туура келиши текшерилет:

-көрсөткүч индекстин өлчөмүнө оң таасирин тийгизгенде (канча көп болсо,ошончо жакшы): эгерде регионалдык мааниси жалпы өлкөнүкүнөн аз болсо-регионалдыктын жалпы өлкөнүкүнө катышы чыгарылат; эгерде регионалдык мааниси жалпы өлкөнүкүнөн чоң болсо - жалпы өлкөнүкүнүн регионалдыкка катышы чыгарылат  жана алынган натыйжа  2 ден алынып ташталат.

-көрсөткүч индекстин өлчөмүнө терс таасирин тийгизгенде (канча көп болсо, ошончо жаман): эгерде регионалдык мааниси жалпы өлкөнүкүнөн аз болсо-регионалдыктын жалпы өлкөнүкүнө катышы чыгарылат жана алынган натыйжа 2 ден алынып ташталат; эгерде регионалдык мааниси жалпы өлкөлүк мааниден чоң болсо-жалпы өлкөнүкүнүн регионалдыкка катышы чыгарылат .

Бул методика бирин бирине салыштырууга кыйын болгон көрсөткүчтөрдү комплекстүү анализ кылууга мүмкүнчүлүк берет. Анализдин жыйынтыгы менен рейтинг түзүлөт. Ар бир регионго көрсөткүчтөрүнүн маанисине ылайык, ээлеген орду аныкталып, ага  жараша катар номер берилет. Эң артыкчылыктуу деген субьектке биринчи ранг же  орун  берилет.

Кыргыз Республикасынын административдик аймактык субьекттеринин (биздин изилдөөдө 7 облус 2 республикалык баш ийүүдөгү шаарлар) социалдык-экономикалык өнүгүшүн анализ кылганда кайсы региондор экономикалык жактан ыңгайлуу экендигин аныктоого, аймактын инвестициялык потенциалын андан ары  окуп үйрөнүүгө негиз түзүлөт. Биз изилдөөлөрүбүздү анализ кылганга керек болгон статистикалык көрсөткүчтөрдү пайдалануу аркылуу салыштырма салмагы башка факторлордон жогору турган региондордун өндүрүштүк потенциалдарын изилдөөдөн баштоону туура таптык.

j-региондо өндүрүштү өнүктүрүүнун деңгээлинин индекси ($In_j$) (2.2) региондун экономикалык мүмкүнчүлүгүн мүнөздөйт, ошондой эле өндүрүш

тармагындагы товар өндурүүчү негизги тармактардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жетишкен натыйжаларын аныктайт жана төмөндөгү формула менен чыгарылат:

$$In_j = (V_j \times d_1)+(C_j \times d_2)+(S_j \times d_3)+(T_j \times d_4) \qquad (2.2)$$

бул жерде

$V_j$- региондо бир адамга өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын ушундай эле республика боюнча өндүрүлгөнүнө катышы.

$C_j$- региондо бир адамга өндүрүлгөн курулушта аткарылган подрядтык иштердин көлөмүнүн республикада өндүрүлгөнүнө катышы.

$S_j$- региондо бир адамга өндүрүлгөн айыл чарба дүң продукциясынын көлөмүнүн республикада өндүрүлгөнүнө катышы.

$T_j$- региондо бир адамга өндүрүлгөн чекене соода жүгүртүүнүн көлөмүнүн республикада өндүрүлгөнүнө катышы.

$d_1$-өндүрүштүн өнүгүү деңгээлинин индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы ($d_1$=0,6; $d_2$=0,1; $d_3$ =0,3; $d_4$=0,2)

Бул жерде өнөр жай өндүрүшү жалпы өндүрүштүн негизин түзөт, ал бар жерде инфраструктура, социалдык, маданий маселелер да чечиле баштайт, бир сөз менен айтканда ал локомотив сыяктуу баарын сүйрөйт, ошол үчүн да анын салыштырма салмагы жогору. Өлкөбүз айыл чарба багытында бирок экстенсивдүү өнүгүүдө, айыл чарба-өндүрүштүк комплекстер жокко эсе, агротехникалык эрежелер колдонулбайт, асыл тукумдуулук өтө төмөн, бирок ички дүн продукциянын (ИДП) 30% га жакынын бере турганы эске алынып 0,3 деген коеффициент берилди. Рынок экономикасынын шартында негизинен Кыргызстанда соода сатык, коомдук тамактануу, кызмат көрсөтүү өнүгүп ИДПда анын үлүшү 20% га чейин барат, ошон үчун 0,2 деген коеффициент берилди. Курулуш куруу али туруктуу жолго коюла элек, ИДПда салыштырма салмагы аз ошол үчүн 0,1 коеффициент берилди.

Жогорудагы атап кеткен өзгөчөлүктөрдү эске алып Кыргызстандын региондорун өнүгүү индекстерин аныктоого болот. (табл. 2.1)

**Таблица 2.1-Кыргыз Республикасынын региондорунун субьекттеринин өндүрүшүнүн өнүгүү деңгээли, 2011-жыл.**

<table>
<tr><td rowspan="3">№ к/н</td><td rowspan="3">Кыргыз Республикасынын региондору</td><td colspan="4">Көрсөткүчтөр</td><td colspan="2">Индекс</td></tr>
<tr><td colspan="6">Өндүрүштү өнүктүрүү, түрлөрү</td></tr>
<tr><td>$V_j$</td><td>$C_j$</td><td>$S_j$</td><td>$T_j$</td><td colspan="2">$In_j$</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Кыргыз республикасы боюнча</td><td>1,000</td><td>1,000</td><td>1,000</td><td>1,000</td><td>1,000</td><td>Ранг</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Баткен облусу</td><td>0.292</td><td>0.658</td><td>1.073</td><td>0.503</td><td>0.664</td><td>5</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Жалал Абад облусу</td><td>0.454</td><td>0.553</td><td>1.050</td><td>0.649</td><td>0.772</td><td>4/3</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Нарын облусу</td><td>0.148</td><td>0.623</td><td>1.291</td><td>0.516</td><td>0.640</td><td>7</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Ош облусу</td><td>0.080</td><td>0.494</td><td>0.950</td><td>0.430</td><td>0.468</td><td>9</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Талас облусу</td><td>0.106</td><td>0.447</td><td>1.422</td><td>0.619</td><td>0.659</td><td>6</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Чүй облусу<br>*</td><td>1.630<br>0.787</td><td>0.918</td><td>1.415</td><td>1.114</td><td>1.616<br>1.210</td><td>2<br>1</td></tr>
<tr><td>8</td><td>Ысык Көл облусу<br>*</td><td>1.708<br>0.079</td><td>1.665</td><td>1.304</td><td>0.693</td><td>1.724<br>0.740</td><td>1<br>4</td></tr>
<tr><td>9</td><td>Бишкек шаары</td><td>1.093</td><td>1.410</td><td>0.015</td><td>1.613</td><td>1.125</td><td>3/2</td></tr>
<tr><td>10</td><td>Ош шаары</td><td>0.278</td><td>1.175</td><td>0.090</td><td>1.302</td><td>0.571</td><td>8</td></tr>
</table>

Булагы: автордун статистикалык маалыматтарды пайдалануу менен жекече эсеби.

* Кумтөр кенин эсепке албай чыгаргандагы ранга.

Ээлеген рангасы боюнча Кумтөрдүн алтын кенин кошо эсептегенде бүгүнку күндөгү өндүрүштук потенциалы боюнча Ыссык Көл облусу биринчи орунга, Чүй облусу 2-орунга Бишкек шаары 3-орунга чыгып олтурат. Ал эми Кумтөр кенин эсепке албаганда өндүрүштун өнүгүү деңгээли боюнча индекстин маанисине ылайык Чүй облусу 1-орунга, Бишкеке шаары 2-орунга, Жалал Абад облусу 3-орунга чыгып жатат. Ушул изилдөөлөр чындыкка жакын экендигин турмуш дагы ырастап тургандай.

Биз жогоруда белгилегендей региондун социалдык-экономикалык өнүгүү потенциалын аныктоо үчүн жок дегенде 8 фактордун таасирин, жогоруда келтирилген өндүрүштүн өнүгүү деңгээлинин индексине колдонгон формулаларды колдонуп чыгарсак болот. Конкреттүү мааниси аныкталган, статистикалык көрсөткүчтөр менен ырасталган 8 факторду бириктирип региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө толук баа берүүгө азыр биз колдонгон методика толук шарт түзүп берет. Методикасы белгилүү болгондон кийин конкреттүү көрсөткүчтөргө таянган 2 фактордун индексин эсептеп мисал катары, анан алардын индекси аркылуу региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жалпылоочу бир индексти аныктап, аны үлгү катары көрсөтүп, ошондон кийин гана турмуш жүзүндө инвестициялык потенциалды аныктоого өткөнүбүз максатка ылайыктуу болот, антпесек 8 фактордун ар бирине жогорудагыдай кылып таблица түзүп эсептесек өзүнчө өтө чоң кошумча жумушту талап кылат.

Өтө бай финансалык (каржылык) потенциалга ээ болгон региондор, инвесторлор үчүн жагымдуу болуп эсептелинет. Региондун каржылык абалынын индекси ($If_j$), бюджеттин киреше бөлүгүн чогултуудан жана региондогу ишканалардын пайда алып иштөөсү, каржылык карыздары барбы жокпу ошондон көз каранды болушат жана төмөндогу формула менен аныкталат:

$$If_j = (Ifp_j \times d_1) + (Ifb_j \times d_2) \qquad (2.3)$$

Бул жерде

$Ifp_j$ - ишканалардын финансалык абалынын индекси;

$Ifb_j$ - региондун финансалык балансынын индекси;

$d_j$- региондун финансалык абалынын индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы $d_1$=0,5; $d_2$ =0,5).

Эми биз тийиштүү статистикалык көрсөткүчтөрү бар ($Ifp_j$) ишканалардын финансалык абалынын индексин (табл.2.2) төмөндөгү көрсөткүчтөрдүн маанисин коюп аныктайбыз; алар-таза киреше (прибыль) экономикалык ишкердүүлүктүн пайдалуулугу жөнүндө, ал эми дебитор жана кредиторлор

менен эсептешүүнүн абалы ишкананын төлөө жөндөмдүүлүгүн аныктайт. Ошондо $Ifp_j$ индекси бул формула менен аныкталат:

$$Ifp_j = (P_j \times d_1) + (Z_j \times d_2) \qquad (2.4)$$

бул жерде

$P_j$ –региондогу бардык чарба жүргүзүүнүн эсебинен бир адамга алынган таза кирешенин регионалдык мааниси менен республикалык маанисинин катышы;

$Z_j$- региондогу мөөнөтү өткөн дебитордук жана кредитордук карыздардын суммасынын бир адамга туура келген регионалдык мааниси менен республикалык маанисинин катышы;

$d_j$- региондогу ишканалардын финансалык абалынын индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы ( $d_1$=0,5; $d_2$ =0,5).

Таблица 2.2 де көрүнүп тургандай региондордун ичинде Кумтөр алтын кенин кошуп эсептегенде киреше алып иштөө, мөөнөтү өткөн карыздардын аз болушу боюнча Ыссык Көл облусу биринчи ранга чыгып олтурат. Ал эми Кумтөрдү эсепке албасак биз күткөндөй эле Бишкек шаары биринчи орунга чыгат, чындыгында эле өндүрүшү натыйжалуу, пайда алып иштеген ишканалар Бишкекте жайгашышканын турмуш ырастап тургансыйт.

Албетте ар бир региондун потенциалын пайдалануу, жалпысынан ошол региондогу жайгашкан ишканалардын потенциалын пайдалануудан келип чыгат. Бирок ишканалардын потенциалын пайдалануусун кыйыр иретте алардын финансылык чарба абалы башкача айтканда карыздары пайда алуусу жана башка ушул сыяктуу көрсөткүчтөр аркылуу аныктаса болот. Ушул метод менен биз региондордун ордун табууга аракет кылдык (табл. 2.2).

**Таблица 2.2-Кыргыз Республикасынын ишканаларынын региондор боюнча финансалык абалы 2011-ж.**

| № к/н | Кыргыз Рес-нын региондору, субьекттери | Көрсөткүчтөр | | Индекс |
|---|---|---|---|---|
| | | Ишканалардын финансалык абалы | | |
| | | $P_j$ | $Z_j$ | $Ifp_j$ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Кыргыз Республикасы | 1,00 | 1,00 | 1,00 | ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0.125 | 1.00 | 0.563 | 8 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0.092 | 1.44 | 0.766 | 6 |
| 4 | Нарын облусу | 0.042 | 1.82 | 0.931 | 4 |
| 5 | Ош облусу | 0.05 | 1.99 | 1.020 | 2 |
| 6 | Талас облусу | 0.028 | 1.86 | 0.944 | 3 |
| 7 | Чүй облусу | 0.213 | 0.828 | 0.520 | 9 |
| 8 | Ыссык Көл облусу | 0.071 | 1.38 | 0.725 | 7 |
| 9 | Бишкек шаары | 1.518 | 0.58 | 1.049 | 1 |
| 10 | Ош шаары | 0.283 | 1.448 | 0.865 | 5 |

Булагы: автордун эсептөөлөрү

Бул таблица региондун финансалык абалынан толук кабар бере албайт. Борборго жакын болгонуна карабастан Чүй облусунун 9-сапта туруп калышы региондун ишканаларынын өндүрүшүнүн натыйжалуулугун, рентабелдүүлүгүн көтөрүү боюнча ири резервдер бар экендигинен кабар берет. Мөөнөтү өткөн карыздарды жоюунун жолдорун белгилөөгө көнүл буруу керек.

Жогоруда келтирилген талдоолор ишкананын ишмердигин толук чагылдырбайт. Тактоо иретинде төмөнкүлөрдү айтууга болот.

Региондун финансалык абалын толук изилдөө үчүн региондун финансалык балансынын индексин ($Ifb_j$) түзүп чыгышыбыз керек, анткени ал бюджеттик кирешенин бир адамга туура келишин изилдейт жана төмөндөгү формула менен эсептелет.

$$Ifb_j = (Dz_j \times d_1)+(Dn_j \times d_2) \quad (2.5)$$

Бул жерде

$Ifb_j$ -финансалык баланстын индекси;

$Dz_j$ –регион боюнча бир адамга туура келген салыктык түшүүлөрдүн республикалык түшүүлөргө болгон катышы;

$Dn_j$ - регион боюнча бир адамга туура келген салыктык эмес түшүүлөрдүн маанисинин республикалык маанисине болгон катышы;

$d_j$- региондун финансалык балансынын индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы ($d_1$= 0,4; $d_2$ =0,3).

Бул көрсөткүчтөрдүн маанисин коюп чыгуу үчүн ар бир региондон чогултулган республикалык жана жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө түшкөн салыктарды жана салык эмес төлөмдөрдү аны аткарган ишканалардан алып чыгууга туура келди. Белгисиз себептер менен Улуттук статистика комитетинде ар бир региондон салык органдары жана бажы органдары аркылуу жыйналган бюджеттин киреше бөлүгү официалдуу учетко алынбайт (жыйналбайт) экен, биздин оюбузча бул туура эмес, себеби бул көрсөткүч, ар бир регион жалпы республикалык бюджетке канча киреше түшүргөндүгү тууралуу, бул региондун финансалык абалын мүнөздөгон негизги көрсөткүчтөрдүн бири болуп саналат. Бул көрсөткүчтү ар бир облуска телефондон чыгып жүрүп салык органдарынан алууга туура келди, эгерде региондун финансалык өнүгүү абалын аныктоодо жогорудагы методиканы колдоно турган болсок УСКде бул көрсөткүчтү жыйнап официалдуу жыйнакка чыгарууну сунуш кылабыз. Экинчиден бул көрсөткүч региондордун салык, бажы органдарынын ишинин көлөмүн, динамикасын көрсөтөт эле, алардын ишине баа бергенге негиз болор эле.Таблица 2.3 караңыз.

**Таблица 2.3-Кыргыз Республикасынын региондор боюнча финансалык балансынын абалы 2011-ж.**

| № к/н | Кыргыз Рес-нын региондору,субьекттери | Көрсөткүчтөр | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | финансалык баланстын абалы | | | |
| | | $P_j$ | $Z_j$ | $Ifp_j$ | |
| 1 | Кыргыз Республикасы | 1,00 | 1,00 | 1,00 | ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0,187 | 0,312 | 0,1684 | 7 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0,208 | 0,25 | 0,1582 | 8 |
| 4 | Нарын облусу | 0,270 | 0,375 | 0,2205 | 6 |
| 5 | Ош облусу | 0,354 | 0,562 | 0,3102 | 4 |
| 6 | Талас облусу | 0,166 | 0,25 | 0,1414 | 9 |
| 7 | Чүй облусу | 0,500 | 0,375 | 0,3125 | 3 |
| 8 | Ыссык Көл облусу | 0,354 | 0,437 | 0,2727 | 5 |
| 9 | Бишкек шаары | 1,783 | 1,75 | 1,238 | 1 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 10 | Ош шаары | 0,375 | 0,562 | 0,3186 | 2 |

* Кумтөрдүн салыгы кошулган жок.Автордун эсептөөсү боюнча.

Орточо бир адамга салык жана салык эмес төлөмдөрдү өндурүүдө Бишкек шаары 1-орунда, Ош шаары 2-орунду ээлешүүдө, бул салыктык база шаарларда көп экендигин айгинелейт, жана көп жер-жерлерде иштеген кайра иштетүүчү ишканалардын башкы кеңсеси, салык төлөөчү эсеп кысабы Бишкекте жайланышканынан кабар берет.

2.2 жана 2.3 таблицаларын биргелештирип караганыбызда 2011-жылга башкаларга салыштырмалуу төмөндөгү региондордун финансалык абалы жагымдуу экендиги байкалууда (табл.2.4 караңыз). Региондор боюнча финансалык жагымдуу абал Ош облусунда, Ош шаарында, Нарын облусунда байкалууда ал эми Бишкек шаары орточо республикалык көрсөткүчтөн жогору турат демек, Бишкек шаарында финансалык абал башкаларга салыштырмалуу өтө жакшы десе болот.

**Таблица 2.4-Кыргыз Республикасынын региондор боюнча финансалык абалы 2011-ж.**

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору, | финансалык абалын индекси $If_j = (Ifp_j \times d_1)+(Ifb_j \times d_2)$ | |
|---|---|---|---|
| **1** | Кыргыз Республикасы | 1,00 | ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0,3657 | 9 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0,4621 | 7 |
| 4 | Нарын облусу | 0,5757 | 5 |
| 5 | Ош облусу | 0,6651 | 3 |
| 6 | Талас облусу | 0,5427 | 6 |
| 7 | Чүй облусу | 0,4162 | 8 |
| 8 | Ыссык Көл облусу | 0,4988 | 7 |
| 9 | Бишкек шаары | 1,1435 | 1 |
| 10 | Ош шаары | 0,5918 | 4 |

Булагы: автордун эсептөөлөрү

Региондордун өнүгүүсүнүн экономикалык деңгээлин бул изилдөөдө инвестициялык активдүүлүктүн индекси ($Iu_j$) менен толуктоого болот (табл.2.5), анткени ушул көрсөткүч региондогу инвестициялык процесстин абалын чагылдырат жана төмөндөгү формула менен аныкталат.

$$Iu_j= (Vu_j \times d_1) + (Bu_j \times d_2)+(Zu_j \times d_3) \qquad (2.6)$$

бул жерде:

$Vu_j$ – негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн бир адамга эсептелген көрсөткүчтөрүнүн регионалдык жана республикалык маанисинин катышы.

$Bu_j$ – ички негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн бир адамга эсептелген көрсөткүчтөрүнүн регионалдык жана республикалык маанисинин катышы;

$Zu_j$ - сырткы негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн бир адамга эсептелген көрсөткүчтөрүнүн регионалдык жана республикалык маанисинин катышы;

$d_i$ – инвестициялык активдүүлүктүн индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы ($d_1$= 0,5; $d_2$= 0,2; $d_3$=0,3);

**Таблица 2.5-Кыргыз Республикасынын региондор боюнча инвестициялык активдүүлүгүнүн деңгээли.2011 ж.**

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору | Көрсөткүчтөр | | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Инвестициялык активдүүлүктүн абалы | | | | |
| | | $Vu_j$ | $Bu_j$ | $Zu_j$ | $Iu_j$ | |
| 1 | Кыргыз Республикасы | 1,00 | 1.00 | 1,00 | 1,00 | ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0,244 | 0,275 | 0,333 | 0,265 | 6 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0,895 | 0,723 | 1,30 | 0,982 | 3 |
| 4 | Нарын облусу | 0,220 | 0,246 | 0,143 | 0,202 | 7 |
| 5 | Ош облусу | 0,209 | 0,230 | 0,143 | 0,193 | 8 |
| 6 | Талас облусу | 0,325 | 0,369 | 0,190 | 0,166 | 9 |
| 7 | Чүй облусу | 0,5 | 0,507 | 0,476 | 0,494 | 5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Ыссык Көл облусу | 1,629 | 1,718 | 0,048 | 1,172 | 2 |
| 9 | Бишкек шаары | 1,482 | 1,514 | 1,343 | 1,446 | 1 |
| 10 | Ош шаары | 0,593 | 0,723 | 0,190 | 0,498 | 4 |

Инвестициялык процесс кайсыл региондо чет элдик түз инвестицияны тарта билген болсо ошол жерде активдүүрөөк болот. Жалал Абад облусунда эки чоң алтын иштетүүчү комбинаттын түз инвестиция тартуу жолу менен 2006-2011-жылдары курулушу, аны Бишкек менен Ыссык Көлдөн кийинки инвестициялык активдүүлүк орунуна чыгышына түрткү берди (табл.2.5). Кайсыл жерде инвестициялык активдүүлүк болгон жерде өнөр жай, курулуш тармагы өнүгүп жатканын турмуш аныктоодо.

Өз аймагындагы өнөр жайынын, курулуштун, чекене соода жүгүртүүнүн жана айыл чарбасынын өнүгүшүнө жараша ар бир региондун тышкы соода байланышы калыптанган. Региондун алыскы жана жакынкы чет өлкөлөр менен тышкы экономикалык байланышына анализ жасоо үчүн сырткы соода сатыктын индекси ($Ivt_j$) киргизилген (табл.2.6), ал региондогу экспорттун жана импорттун бир адамга болгон айланышын мүнөздөйт жана төмөндөгү формула менен эсептелет:

$$Ivt_j = (Ep_j \times d_1) + (Up_j \times d_2) \qquad (2.7)$$

бул жерде;

$Ep_j$ –бир адамга өндүрүлгөн регионалдык экспорттун суммасынын республикалык көрсөткүчкө болгон катышы;

$Up_j$- бир адамга өндүрүлгөн регионалдык импорттун суммасынын республикалык көрсөткүчкө болгон катышы;

$d_i$ - сырткы соода сатыктын индексинин компоненттери ($d_1$= 0,5; $d_2$=0,5);

**Таблица 2.6-Кыргыз Республикасынын региондор боюнча тышкы соода сатык деңгээли.2011-ж.**

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору | Көрсөткүчтөр | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Тышкы соода сатыктын деңгээли | | | |
| | | $Ep_j$ | $Up_j$ | $Ivt_j$ | |
| **1** | Кыргыз Республикасы | 1,00 | 1.00 | 1,00 | **ранг** |
| 2 | Баткен облусу | 0,111 | 0,101 | 0,106 | 8 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0,167 | 0,156 | 0,161 | 6 |
| 4 | Нарын облусу | 0,011 | 0,017 | 0,014 | 9 |
| 5 | Ош облусу | 0,103 | 0,136 | 0,119 | 7 |
| 6 | Талас облусу | 0,345 | 0,032 | 0,188 | 5 |
| 7 | Чүй облусу | 0,887 | 0,432 | 0,659 | 3 |
| 8 | Ыссык Көл облусу | 0,103 | 1,147 | 0,625 | 4 |
| 9 | Бишкек шаары | 1,69 | 1,745 | 1,717 | 1 |
| 10 | Ош шаары | 0,225 | 1,069 | 0,647 | 2 |

Булагы: Автордун эсептөөсү

2011-жылы сырткы соода сатыктын жүгүртүлүшү Бишкек, Ош шаарларында Чүй жана Ыссык Көл облустарында жогорку рангка ээ болушкан. Бирок ошол эле мезгилде региондордогу айрым товарлар Бишкек шаарына алынып келип, кошумча товардык түс берилгенден кийин Бишкек шаарынын бажысынан чыгарылат да көп учурда Бишкек шаарына таандык болуп калат.Республикада 2011-жылы терс соода балансы түзүлгөн, Кыргызстанда импорттун көлөмү экспортко караганда 1466,8 млн.долларга көп болгон. Бул деген сөз биздин өлкө күндөлүк керектелүүчү товарлардын көпчүлүгүн чет өлкөлөрдөн алып келет, өнөр жайыбыз, айыл чарбабыз, өзүбүздүн керектөөбүздү толук камсыз кыла албагандыгынан кабар берет.

Экспорттун негизин айыл чарба сырьесу- малдан алынган жана өсүмдүктөн алынган азыктар, минералдык азыктар, текстиль буюмдары, кымбат баалуу таштар жана алардан жасалган буюмдар, Майлуу Суу электролампочка заводунун лампочкалары, Кыргызнефтегаздын мунай продуктулары түзөт.

Региондун (чөлкөмдүн) экономикасынын өнүгүү деңгээлинин индекси жогоруда келтирилген бир топ факторлорду кошуп эсептегенде төмөндөгүдөй формула менен аныкталат;

$$Ie_j=(In_j\times d_1)+(If_j\times d_2)+(Iu_j\times d_3)+(Ivt_j\times d_4) \qquad (2.8)$$

бул жерде;

$In_j$ - өндүрүштү өнүктүрүүнүн деңгээлинин индекси;

$If_j$ –финансалык абалдын индекси;

$Iu_j$ -инвестициялык активдүүлүктүн индекси;

$Ivt_j$ - сырткы соода сатыктын индекси ;

$d_i$ - региондун экономикасын өнүгүүсүнүн индексинин компоненттери ($d_1$= 0,3; $d_2$=0,2; $d_3$=0,3 $d_4$=0,2);

**Таблица 2.7-Кыргыз Республикасынын региондорунун (субьекттеринин) өндүрүшүнүн өнүгүү деңгээли 2011-жыл.**

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору | Көрсөткүчтөр | | | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Региондордун экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли | | | | | |
| | | $In_j$ | $If_j$ | $Iu_j$ | $Ivt_j$ | $Ie_j$ | |
| 1 | Кыргыз республикасы боюнча | 1,000 | 1,000 | 1,000 | 1,000 | 1,000 | Ран гасы |
| 2 | Баткен облусу | 0.664 | 0,3657 | 0,265 | 0,106 | 0,186 | 7 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0.772 | 0,4621 | 0,982 | 0,161 | 0,443 | 3 |
| 4 | Нарын облусу | 0.640 | 0,5757 | 0,202 | 0,014 | 0,074 | 9 |
| 5 | Ош облусу | 0.468 | 0,6651 | 0,193 | 0,119 | 0,078 | 8 |
| 6 | Талас облусу | 0.659 | 0,5427 | 0,166 | 0,188 | 0,197 | 6 |
| 7 | Чүй облусу | 1.616 | 0,4162 | 0,494 | 0,659 | 0,380 | 4 |
| 8 | *Ысcык Көл облусу<br>Кошулбаганда | 1.724<br>0.740 | 0,9344<br>0,4988 | 1,172<br>1,172 | 0,625<br>0,625 | 0,587<br>0,379 | 2<br>5 |
| 9 | Бишкек шаары | 1.125 | 1,1435 | 1,446 | 1,717 | 0,671 | 1 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | Ош шаары | 0.571 | 0,5918 | 0,498 | 0,647 | 0,284 | 5 |

*Айрым көрсөткүчтөр боюнча Кумтөр кошулган жок, булагы: автордун эсептөөсү

Кошумча түрдө төмөнкүлөрдү айтсак да болот. (таблица 2.7) көрсөткүчтөрдү карап көрүп Бишкек шаары- 1, Кумтөрдү кошкондо Ыссык Көл облусу-2, (кошпогондо-5), Жалал Абад облусу-3, Чүй облусу-4-рангдарга ээ болгондугун баса белгилөөгө болот.

Негизги көрсөткүчтөрдү гана эске алган методика менен (өндүрүштүк потенциал, ишканалардын финансалык абалын) чыгарганда шаарлардан Бишкек-1, Ош-2, Ыссык- Көл облусу Кумтөрдү кошкондо -3 рангды ээлешти. Региондордун экономикалык абалын мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн топтомун көбөйткөндө региондорго обьективдүү баа берүүгө дагы мүмкүнчүлүк кошулду б.а Жалал Абад, Чүй облустары экономикалык жактан жагымдуу региондордун катарына кошулуп жатат.

Региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлин аныктай турган экинчи группадагы көрсөткүчтөрдүн катарына социалдык деп аталган көрсөткүчтөр кирет [113]. Албетте калктын жашоо деңгээли мамлекеттин социалдык сферада: билим берүүдө, саламаттыкты сактоодо, иш менен камсыз кылууда, социалдык жана укуктук жактан коргоодо жүргузүп жаткан жалпы саясатына көз каранды болот. Татыктуу жашоо деңгээлин камсыздоо, адамдардын өнүгүшүнө шарт түзүү кандай гана коом болбосун анын жогорку баалуулугу болуп саналат. Региондун социалдык турмушунун абалын j-региондун социалдык сферасынын өнүгүүсүнүн деңгээлинин индекси ( $Ic_j$) аныктайт жана ал төмөндөгүдөй аныкталат:

$$Ic_j = (Id_j \times d_1)+( Ik_j+d_2) \qquad (2.9)$$

бул жерде:

$Id_j$ –бир региондогу калктын акчалай кирешесинин индекси;

$Ik_j$ - социалдык абалдын сапатынын индекси;

$d_i$ - социалдык сферасынын өнүгүүсүнүн деңгээлинин индексинин компоненттери ($d_1$= 0,65; $d_2$=0,35);

Социалдык өнүгүүнүн деңгээлинин индексин аныктоого керек болгон көрсөткүчтөр биздин мурунку бөлүктөрдө социалдык өнүгүүнү баалоонун көрсөткүчтөрү деп аныкталган алар: бир адамга туура келүүчү акчалай киреше, бир иштеген адамдын орточо эмгек акысы, жашоого керектүү минимумдун көлөмү, бир адамга турак жай менен камсыз болуу, жумушсуздуктун пайызы, кылмыштуулуктун көлөмү, балдар бакчасы, мектептер, орууканалар менен камсыз болуу, 10000 адамга туура келүүчү жогорку жана орто билимдүүлөр ошондой эле врачтар жана орто медициналык кадрлардын саны (тиркеме 1;)

Бул көрсөткүчтөрдүн статистикалык чагылдыруусу, маалыматы бар, жогорудагы методика аркылуу алардын ар бир  региондун социалдык экономикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасирин аныктап алсак болот. Бул көрсөткүчтөр деле Бишкек жана Ош шаарын, Чүй жана Ыссык Көл облустарын жагымдуу социалдык шарттары бар экендигин тастыктады. Биз муну кийинки бөлүктө региондордун инвестциялык потенциалын аныктаганда колдонобуз.

Биз келтирип жаткан жогорудагы региондордун социалдык экономикалык абалын аныктаган көрсөткүчтөр, индекстер, аларды аныктаган методикалар эч качан практикалык күчкө ээ болбойт, колдонулбайт, пайда алып келбейт, эгерде региондордун ортосундагы социалдык экономикалык өнүгүүдөгү курч айрымаларды жоюуга багытталган Кыргыз Республикасында күчтүү регионалдык саясаты болбосо. Азыркы күндө Кыргызстанда региондорду өнүктүрүүгө багытталган программалар өтө аз, Кыргыз Өкмөтү региондорго өз алдынчалык берүү ордуна региондорду жоюу маселесин коюп жатат жана бийликти борборлоштуруу саясатына кирип кетти,  ”күчтүү регион, күчтүү мамлекет” деген  термин жокко чыгып баратат, биздин өлкөгө деле кичинекей мамлекет катары каралбастан илимий негизделген регионалдык саясат керек болот, жер жерлердеги демилгени, мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана албасак  экономика өнүктүрүү кыйынга турат.

## 2.2. Региондун инвестициялык потенциалын интегралдык коэффициент аркылуу баалоо.

Кыргыз Республикасы өзүнүн Конституциясына ылайык унитардуу мамлекет деп эсептелген менен анын регондорунда (аймактарында) экономикалык өнүгүүдөгү айрымалар бир региондун өтө артта калышы же өтө алдыга кетиши мамлекеттин түзүлүшүнө, экономиканын курамына жана анын натыйжалуулугуна, социалдык-экономикалык саясатка жана инвестициялык активдүүлүккө өз таасирин сөзсүз тийгизет. Союз мезгилинде Кыргызстанды негизинен эки чөлкөмгө (регионго, облуска) бөлүп коюшкан болчу ошол мезгилдеги эки региондун ортосундагы экономикалык өнүгүүдөгү, кадрларды тарбиялоодогу, маданий социалдык жашоодо болгон чоң айрымачылык Кыргыз элин “түндүк” “түштүккө” бөлүп натыйжасы азыркыга чейин кетпей, элибиздин жалган аң сезиминде жашап, сыртынан ачык билинбеген менен бир нече жолу региондор ортосундагы конфликтке алып келгенине тарых күбө. Ал эми “түштүк” чөлкөмүндөгү экономикалык жактан артта калуучулук жумушсуздукка, жашоо деңгээлдин төмөндөшүнө алып келип кошуна жашап жаткан улуттар ортосунда экономикалык социалдык теңсиздикке шарт түзгөн, шаарда көп жашаган улуттун өкүлдөрү маданий, экономикалык байлыкка жакыныраак жайгашып, айыл кыштактарда жашагандар маданияттан, цивилизациядан артта калган, натыйжада, 1990-жылы улуттар арасындагы конфликтке себепчи болду.

Түндүк, түштүк деген бөлүнүүнү жок кылуу максатында өз мезгилинде жана кийинки толуктоолор менен Кыргызстан 7 облус 2 шаарга бөлүнгөн, бул бөлүнүүлөр биз 1-бөлүктө белгилегендей “6 дубан кыргызга” айтылбаган сөз кетет деп Улуу Манаста айтылгандай негизинен туура жүргүзүлгөн саясат деп эсептесе болот. Бирок акыркы 10-жылдын ичиндеги региондорго өз алдынчалыкты ээ кылбоо, аларды инвестиция тартууга толук катыштырбоо, борбордон кийлигишүү, инвестицияны бере турган фонддорду борборго түзүү, кайсыл региондон жетекчи чыкса өз регионуна финансалык ресурстарды буруу ж.б ушул сыяктуу регионалдык саясаттын чала жандыгынан, - биринчи жолу

Жалал Абад чөлкөмүнөн, 2-жолу Талас чөлкөмүнөн башталган төнкөрүш Кыргыз мамлекетинин конституциялык бийлигин акыркы 10 жылдын ичинде 2 жолу кулатты же биз жогоруда белгилегендей региондордогу экономикалык айрымачылык мамлекеттин түзүлүшүн өзгөртүүгө түздөн түз таасир этти. Рынок экономикасынын шартында инвестицияны тартуу, пайдалануу туура жүргүзүлсө улуттар ортосундагы айрымачылык жоюла баштайт, ал эми бизде биргелешкен инвестициялардын тартылбашы, көп улүттуу жумушчулар иштеген ишканалардын жоюулушу, өнүккөн эмес кустардык, традициялык ишкердүүлүктүн жаңыдан гана баш көтөрүшү аң сезимдүү улуттук жумушчу кадрлардын түзүлушүнө кедерги болот. Региондор ортосундагы маданий, экономикалык айрымачылыкты жоюу саясый стабилдүүлүккө алып келет, ал эми саясый стабилдүүлүк инвестициялык жагымдуулуктун эң негизги факторлорунун бири.

Азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү күчтүү регионалдык саясат иштеп чыгып, региондорго социалдык экономикалык жактан өнүгүүгө шарт түзүү, алардын ортосундагы айрымачылыкты жоюу үчүн иш алып барбастан, региондорду (облустарды) жоюп келечекте административдик аймактык бөлүнүүнүн курамынан алып таштоо багытында иш жүргүзүп жатканы өкүнүчтүү. Кыргыз эли 6 дубанга бөлүнгөнү, анчалык түштүк, түндүк маселеси көтөрүлбөй калган эле, анткени мурунку түштүк дегендер 3 облуска бөлүнүп, түндүктө да 4 облус болуп ар бир облус өз кызыкчылыгын ойлоп түндүк түштүк деп бөлүп ошодон өз кызыкчылыгына саясый упай топтогон, өз абройуна күл тарткан саясатчыларга предмет калбай бараткан. Кыргыз Республикасындагы административдик-аймактык реформанын концепциясы жөнүндогү өкмөттүн токтомунан кийин облустар жоюлат дегенде бул маселе кайрадан көтөрүлө баштады, бул саясий стабилдүүлүккө алып келбейт. Ошондуктан Кыргыз Өкмөтү тескерисинче ар бир регионго өз алдынчалык берүү, региондордун социалдык экономикалык абалын көтөрүүнү илим катары кабыл алып аны өнүктүрүүгө- илимий коомчулукту, региондордун башкаруу аппараттарын, өзүн өзү башкаруу

органдарын, академия, илимий институттарды, жогорку окуу жайларын, мекеме уюмдарды тартуу зарыл. Региондордун башчыларынын ишин жогоруда биз колдонуп баалоо жүргүзгөн региондун  социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрүнөн кошуп баалоону,  тартылган инвестиция, акыркы натыйжа менен өлчөөнү киргизүү мүмкүнчүлүгүн колдонуу керек. Биздин төмөндөгү изилдөөлөрүбүз да ушул багытта  болмокчу, мурунку бөлүмдө региондун социалдык-экономикалык  өнүгүүдөгү жетишкен деңгээлин, ээлеген ордун интегралдык индексти колдонуу аркылуу аныктасак эми ушул эле көрсөткүчтөргө региондун ресурстук камсыз болуусун, инфраструктурасынын жетишкендиктерин, инвестициянын тартылыш абалын кошуп, инвестициялык потенциалын интегралдык индекстер аркылуу баалоого аракет жасайбыз.

Өздөрүнүн социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу үчүн көп региондорго акчалай салым керектелет. Бүгүнкү күндө эң баалуусу маанилүүсү бул инвестицияга жеке жана чет элдик инвестицияны тартуу болуп саналат. Ушундай шартта субьекттердин (чөлкөмдөр) инвестициялык потенциялын илимий жактан негиздөө өтө актуалдуу мүнөзгө ээ болот, анткени ал жөн эле региондордун инвестициялык жагымдуулугун же жагымсыздыгын гана аныктабастан, мамлекеттин чөлкөмдөр аралык социалдык-экономикалык айрымачылыкты жоюу боюнча регионалдык мамлекеттик саясатын туура жүргүзүүгө багыт берет, ошондой эле кредиттик уюмдардын региондун экономикасындагы кошкон салымын, ордун аныктайт.

Инвесторлорго көбүрөөк артыкчылык берүүчү, кызыктыруучу факторлордун ичинде эң маанилүүсү болуп жаратылыштык-ресурстук потенциал, эмгектик потенциал, экономикалык өсүү темпи, саясий стабилдүүлүк, эмгек акы жана эмгек өндүрүмдүүлүгү, рыноктук инфраструктуранын өнүгүүсү, төлөө балансы, байланыш жана транспортту уюштуруу, жергиликтүү башкаруу эсептелинет.

Ушул факторлорду анализдөө региондун инвестициялык потенциялын жана жүргузүлүп жаткан экономикалык реформаларга анын  рыноктук

реакциясын аныктоого мүмкүнчүлүк берет, ошол эле мезгилде чөлкөмдүн экономикасына банктардын катышышынын келечегин аныктайт. Жакшы рыноктук реакция инвестициялык климатты жакшыртууга шарттар бар экендигин, тескерисинче начар рыноктук реакция көпкө чейин инвестициялык климаттын оңолбой тургандыгынан кабар берет.

Рыноктук реакцияны сан жагынан өлчөөгө мүмкүн эмес, бирок интегралдык методту колдонуу аны сапат жагынан баалоого мүмкүндүк берет жана региондордун ээлеген ордун чыгарганда бирден бир критерий катары колдонулат.

Бул багытта РФ Өкмөтүнүн алдындагы Финансалык академиянын окумуштуулары тарабынан [114] Россиянын субьекттеринин инвестициялык жагымдуулугун анализ кылуу үчүн негиз кылып алышкан инвестициялык потенциялдын индекстерин ($IF_j$) эсептеп чыгаруунун алгоритмин колдонууну биз да туура деп таптык. Кыргыз Республикасында региондордун инвестициялык потенциялын ээлеген орду менен эсептеп чыгуу официалдуу түрдө экономикалык адабияттарда толук кездешпейт. Инвестициялык потенциялдын индекси бир нече жеке өз алдынча индекстердин суммасынын орточосу болуп төмөндөгүдөй формула менен аныкталат;

$$IF_j = \sum_{i=j}^{k} (IF_{ij} \times d_i) \qquad (2.10)$$

бул жерде;

$IF_{ij}$ - жеке индекстер;

$d_i$ - жеке индекстердин салыштырма салмагы;

Инвестициялык потенциялды анализдөөдө статистикалык маалыматтын жана башка керектүү маалыматтардын бар экендигин эске алып алтыдан сегизге чейин индекс колдонсо болот жана индекстерге бирдей салыштырмалуу салмак берип суммасы 1,0 ден ашпасы керек. Маселен 8 индекс болсо ар бири 0,125 ден салыштырма салмакка ээ болот. Мындан ары ар бир жекече фактордун индексин аныктоонун, баалоонун үстүндө иш алып барабыз.

Жаратылыш-ресурстук потенциялдын индекси ( $IF_{1j}$) (табл.2.8) региондун жайгашкан геосаясий абалын жана анын жаратылыш-ресурстук мүмкүнчүлүгүн аныктайт.

Индекс төрт көрсөткүчтүн такталган орточосу (средневзвешенная) катары төмөндөгү формула менен чыгарылат;

$$IF_{1j} =(F_{1j} \times d_1)+( F_{2j} \times d_2)+( F_{3j} \times d_3 )+( F_{4j} \times d_4 ) \qquad (2.11)$$

$F_{1j}$ –региондордун аянтынын жалпы республиканын аянтындагы үлүшү;

$F_{2j}$ - региондордун калкынын санынын жалпы республиканын калкынын санындагы үлүшү;

$F_{3j}$ –калктын жыштуулугунун регионалдык маанисинин республикалык маанисине салыштырма салмагы;

$F_{4j}$ –региондун айыл чарбасына жарактуу жерлеринин бир адамга болгон маанисинин республиканын көрсөткүчүнө болгон катышы;

$d_i$ –жаратылыштык ресурстук потенциялдын компоненттеринин салыштырма салмагы; Ар бир көрсөткүч өзүнүн маанилүүлүгүнө жараша салыштырма салмакка ээ болот. ($d_1$= 0,25; $d_2$=0,25; $d_3$=0,25 $d_4$=0,25);

Россиянын адабияттарында $F_{4j}$ региондордун негизги жаратылыш кен байлыктарынын (нефть, жаратылыш газы, көмүр, темир, алюминий рудасы, сууэнергетика ресурстары, баалуу металлдар) изилденген кору (запастары) менен орточо (средневзвешенная) камсыз болушу деп көрсөтүлгөн. Бирок, жаратылыш кен байлыктарынын кору (запасы) боюнча региондор аралык так маалымат Кыргызстанда гана эмес, Россияда жок болгондуктан, алар бир жашоочуга туура келген айыл чарбасына жарактуу жерлердин көрсөткүчтөрүн колдонушкан. Биздин изилдөөбүздө да жаратылыш кен байлыктарын $F_{4j}$ ге кошсок реалдуу анализ болбой кала тургандыгы көрүнүп турат, ошондуктан бул мамычага биз да бир жашоочуга туура келген айыл чарбасына жарактуу жерлердин көрсөткүчтөрүн коюуну туура көрдүк. Ошондо жогорудагы төрт көрсөткүчтүн салыштырма салмагы негизинен бирдей болуп калат.

**Таблица-2.8-Кыргыз Республикасынын региондорунун (субьекттеринин) жаратылыш-ресурстук потенциялы 2011-жыл.**

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору | Көрсөткүчтөр Региондордун жаратылыш -ресурстук потенциялы | | | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | $F_{1j}$ | $F_{2j}$ | $F_{3j}$ | $F_{4j}$ | $IF_{1j}$ | |
| 1 | Кыргыз республикасы боюнча | 1,000 | 1,000 | 1,000 | 1,000 | 1,000 | Ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0.086 | 0.080 | 0.941 | 0.694 | 0.450 | 7 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0.168 | 0.189 | 1.110 | 0.887 | 0.588 | 3 |
| 4 | Нарын облусу | 0.226 | 0.048 | 0.210 | 1.814 | 0.574 | 4 |
| 5 | Ош облусу | 0.146 | 0.206 | 1.296 | 0.760 | 0.602 | 2 |
| 6 | Талас облусу | 0.057 | 0.042 | 0.738 | 1.456 | 0.573 | 5 |
| 7 | Чүй облусу | 0.102 | 0.149 | 1.322 | 0.837 | 0.603 | 1 |
| 8 | Ыссык Көл облусу | 0.215 | 0.081 | 0.376 | 1.466 | 0.534 | 6 |
| 9 | Бишкек шаары | - | 0.156 | - | - | 0.039 | |
| 10 | Ош шаары | - | 0.048 | - | - | 0.012 | |

Булагы: Автордун эсептөөсү

Таблицада (2.1) көрүнгөндөй жайгашкан геосаясый абалы жаратылыштык ресурстары боюнча 1 рангa Чүй, 2 рангa Ош, 3 рангa Жалал Абад облусуна туура келди. Демек башка облустарга салыштырмалуу геосаясий абалы жана жаратылыштык ресурстар ушул үч региондо рыноктук жактан активдүү, демек, инвестиция тартууга жагымдуу деп түшүнсө болот.

Чөлкөмдөрдүн калкынын товар жана кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз болушу, өндүрүштүн өнүгүүсүнүн деңгээлин аныктаган индекс мурунку бөлүмдө аныкталган. Же болбосом “j-региондо өндүрүштү өнүктүрүүнүн деңгээлининин индекси ($In_j$) региондун экономикалык мүмкүнчүлүгүн мүнөздөйт, ошондой эле өндүрүш тармагындагы товар өндурүүчү негизги тармактардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жетишкен натыйжаларын аныктайт жана төмөндөгү формула менен чыгарылат” деп жазылган: $In_j = (V_j \times d_1) + (C_j \times d_2) + (S_j \times d_3) + (T_j \times d_4)$ (2.2).

Бул главада жогорудагы формуланы төмөндөгүдөй формула менен алмаштырабыз: ($In_j = IF_{2j}$)

$$IF_{2j} = (F_{5j} \times d_1) + (F_{6j} \times d_2) + (E_{7j} \times d_3) + (F_{8j} \times d_4), \qquad (2.12)$$

бул жерде

$F_{5j}$ - региондо бир адамга өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын ушундай эле республика боюнча өндүрүлгөнүнө катышы.

$F_{6j}$ - региондо бир адамга өндүрүлгөн курулушта аткарылган подрядтык иштердин көлөмүнүн республикада өндүрүлгөнүнө катышы.

$E_{7j}$ – региондо бир адамга өндүрүлгөн айыл чарба дүң продукциясынын көлөмүнүн республикада өндүрүлгөнүнө катышы.

$F_{8j}$ - региондо бир адамга өндүрүлгөн чекене соода жүгүртүүнүн көлөмүнүн республикада өндүрүлгөнүнө катышы.

$d_1$-өндүрүштүн өнүгүү деңгээлинин индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы ($d_1$=0,6; $d_2$=0,1; $d_3$ =0,3; $d_4$=0,2)

**Таблица 2.9-Кыргыз Республикасынын региондорунун субьекттеринин өндүрүшүнүн өнүгүү деңгээли 2011-жыл**.

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору | Көрсөткүчтөр | | | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Өндүрүштү өнүктүрүү, түрлөрү | | | | | |
| | | $F_{5j\ j}$ | $F_{6j}$ | $E_{7j}$ | $F_{8j}$ | $IF_{2j}$ | |
| 1 | Кыргыз республикасы боюнча | 1,000 | 1,000 | 1,000 | 1,000 | 1,000 | Ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0.292 | 0.658 | 1.073 | 0.503 | 0.664 | 5 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0.454 | 0.553 | 1.050 | 0.649 | 0.772 | 4 |
| 4 | Нарын облусу | 0.148 | 0.623 | 1.291 | 0.516 | 0.640 | 7 |
| 5 | Ош облусу | 0.080 | 0.494 | 0.950 | 0.430 | 0.468 | 9 |
| 6 | Талас облусу | 0.106 | 0.447 | 1.422 | 0.619 | 0.659 | 6 |
| 7 | Чүй облусу | 1.630 | 0.918 | 1.415 | 1.114 | 1.616 | 2 |
| 8 | Ыссык Көл облусу | 1.708 | 1.665 | 1.304 | 0.693 | 1.724 | 1 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Бишкек шаары | 1.093 | 1.410 | 0.015 | 1.613 | 1.125 | 3 |
| 10 | Ош шаары | 0.278 | 1.175 | 0.090 | 1.302 | 0.571 | 8 |

Булагы: Автордун эсептөөсү

Ээлеген рангасы боюнча Кумтөрдүн алтын кенин кошо эсептегенде бүгүнку күндөгү өндүрүштук потенциалы боюнча Ыссык Көл облусу биринчи орунга, Чүй облусу 2-орунга, Бишкек шаары 3-орунга, ал эми Кумтөр кенин эсепке албаганда өндүрүштун өнүгүү деңгээли боюнча индекстин маанисине ылайык Чүй облусу 1-орунга, Бишкеке шаары 2-орунга, Жалал Абад облусу 3-орунга чыккандыгын да мурун белгилегенбиз, бул жолу жалпы баллды чыгарууда, бул индексти Кумтөр кенин кошуп туруп инвестициялык потенциялды эсептегенде эске алабыз, анткени Кумтөр кенин иштетүү региондорго инвестицияны тартуунун бирден бир мисалы, үлгүсү болуп саналат.

Региондун эмгек потенциялы - ошол жердеги эмгекке жарамдуу калктын, эмгекке болгон жарамдуулугун сандык сапаттык жактан аныктаган, эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн мүнөздөгөн жалпылоочу көрсөткүч. Ал ушул учурдагы экономиканын абалы, илим менен техниканын өнүгүшү, билим берүүнүн абалы менен тыгыз байланышкан.

Эмгек потенциялынын $IF_{3j}$ (табл.2.3) индекси – эмгек ресурстарынын тигил же, бул региондордо бар экендигин жана сапатын мүнөздөйт, жана (средневзвешенная) орточо чоңдук катары эсептелет.

$$IF_{3j} = (F_{9j} \times d_1) + (F_{10j} \times d_2) \qquad (2.13)$$

$E_{9j}$ –экономикалык жактан активдүү калктын региондук мааниси менен республикалык маанисинин катышы;

$E_{10j}$- шаардык калктын үлүшүнүн региондук мааниси менен республикалык маанисинин катышы;

$d_i$ - эмгек потенциялынын компоненттеринин салыштырма салмагы ($d_1$= 0,5; $d_2$=0, 5);

**Таблица 2.10-Кыргыз Республикасынын региондор боюнча эмгек потенциялы. 2011-ж.**

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору (чөлкөмдөрү),субьекттери | Көрсөткүчтөр | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Эмгек потенциялы | | | |
| | | $E_{9j}$ | $E_{10j}$ | $IE_{3j}$ | |
| 1 | Кыргыз Республикасы | 1,00 | 1,00 | 1,00 | ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0,943 | 1,032 | 0,98 | 5 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 1,00 | 0,948 | 0,974 | 6 |
| 4 | Нарын облусу | 0,847 | 0,914 | 0,945 | 8 |
| 5 | Ош облусу | 1,033 | 0,960 | 0,996 | 4 |
| 6 | Талас облусу | 1,00 | 0,873 | 0,936 | 9 |
| 7 | Чүй облусу | 1,004 | 0,989 | 1,02 | 1 |
| 8 | Ысcык Көл облусу | 0,965 | 0,93 | 0,947 | 7 |
| 9 | Бишкек шаары | 0,999 | 1,037 | 1,018 | 2 |
| 10 | Ош шаары Ош облусунун ичинде | 1,033 | 0,960 | 0,996 | 3 |

Булагы: Автордун эсептөөсү

Эмгек ресурстарынын активдүүлүгү боюнча биринчи катарга Чүй облусу чыкты, 2-3 орундарды мурункудай эле Бишкек менен Ош шаары ээлеп олтурат (табл.2.10). Эмгек ресурстарын өнүгүшүнө оптималдуу шарт түзүү, алардын толук жумуш менен камсыз болуусуна б.а жумушчу орун менен жумушчу күчүнүн балансташын камсыз кылууда региондун жоопкерчилиги өтө чоң.

Региондордун инвестициялык жагымдуулугун анализ кылганда алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрү эске алынат. Ал үчүн региондордун өндүрүштүк потенциялын ($IF_{4j}$) (табл.2.11) б.а. региондордун негизги тармактар боюнча өндүрүшүнүн жалпы республикалык өндүрүштөгү мааниси, салмагы,орду жөнүндө сөз кетмекчи. Индекс $IF_{4j}$ төмөндогү формула менен чыгарылат;

$$IF_{4j} = (F_{11j} \times d_1)+(F_{12j} \times d_2)+(F_{13j} \times d_3)+(F_{14j} \times d_4)+(F_{15j} \times d_5) \quad (2.15)$$

бул жерде;

$F_{11j}$ –региондун өнөр жай продукциясынын республикадагы үлүшү;

$F_{12j}$- региондун курулуш подрядтык иштеринин көлөмүнүн республикадагы үлүшү;

$F_{13j}$ - региондун айыл чарба дүң продукциясынын республикадагы үлүшү;

$F_{14j}$ - региондун чекене соода жүгүртүүсүнүн республикадагы үлүшү;

$F_{15j}$ – региондогу рыноктук кызмат көрсөтүүнүн көлөмүнүн республикадагы үлүшү;

$d_i$ - өндүрүштүк потенциялдын индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы ($d_1$= 0,2; $d_2$=0,2; $d_3$=0,2; $d_4$=0,2; $d_5$=0,2 );

**Таблица 2.11 -Кыргыз Республикасынын региондорунун (субьекттеринин) өндүрүштүк потенциялы 2011-жыл.**

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору | Көрсөткүчтөр | | | | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Региондордун өндүрүштүк потенциялы | | | | | | |
| | | $F_{11j}$ | $F_{12j}$ | $F_{13j}$ | $F_{14j}$ | $F_{15j}$ | $IF_{4j}$ | |
| 1 | Кыргыз республ. боюнча | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0,023 | 0,031 | 0,078 | 0,024 | 0,012 | 0,034 | 7 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0,086 | 0,189 | 0,186 | 0,084 | 0,031 | 0,115 | 4 |
| 4 | Нарын облусу | 0,07 | 0,022 | 0,073 | 0,016 | 0,015 | 0,039 | 6 |
| 5 | Ош облусу | 0,018 | 0,089 | 0,179 | 0,073 | 0,02 | 0,076 | 5 |
| 6 | Талас облусу | 0,004 | 0,021 | 0,096 | 0,022 | 0,013 | 0,031 | 8 |
| 7 | Чүй облусу | 0,399 | 0,106 | 0,241 | 0,132 | 0,049 | 0,185 | 2 |
| 8 | Ысысык Көл облусу | 0,276 | 0,247 | 0,14 | 0,043 | 0,057 | 0,153 | 3 |
| 9 | Бишкек шаары | 0,174 | 0,265 | 0,03 | 0,534 | 0,763 | 0,353 | 1 |
| 10 | Ош шаары | 0,013 | 0,03 | 0,04 | 0,072 | 0,04 | 0,04 | 9 |

Булагы: Автордун эсептөөсү

Региондордун өндүрүштүк потенциялын анализдеп, изилдеп чыгуу ар бир региондун мүмкүнчүлүгүн комплекстүү баалап чыгууга мүмкүнчүлүк берди. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын өндүрүшүнө мурункудай эле Бишкек шаары (1-ранг), Чүй, Ыссык Көл, Жалал Абад облустары бараандуу салым кошушту (табл.2.11).

Өндүрүштүн потенциялы, өнүгүүсүнүн деңгээли болгон менен алардын экономикалык активдүүлүгүн, динамикасын аныктоо да бизге абдан керек болот. Ошол максаттан Кыргыз Республикасынын субьекттеринин өнүгүүсүнүн динамикасын экономикалык активдүүлүктүн индекси ($IF_{5j}$) (табл 2.12) аркылуу аныктоого аракет кылып көрөлү. Бул индекс региондордогу өндүрүштүн (өнөр жай, курулуш, айыл чарба, соода, акылуу кызмат көрсөтүү) бардык тармактарындагы өнүгүү темпин, жана жумушсуздук денгээлин республикалык көрсөткүчкө салыштыруу менен чыгарылып жүрөт. Экономикалык активдүүлүк индекси $IF_{5j}$ төмөндөгү формула менен аныкталат:

$$IF_{5j} =[(F_{16j}\times d_1)+(F_{17j}\times d_2)+(F_{18j}\times d_3)+(F_{19j}\times d_4)+(F_{20j}\times d_5)]\times d_6+(F_b\times d_7) \quad (2.16)$$

бул жерде;

$F_{16j}$ –региондогу өнөр жай өндүрүшүнүн өсүү темпинин республиканын өсүү темпине болгон катышы;

$F_{17j}$ -региондогу курулуш тармагында аткарылган подрядтык иштердин көлөмүнүн өсүү темпинин республиканын өсүү темпине болгон катышы;

$F_{18j}$ - региондогу айыл чарба дүң продукциясынын өсүү темпинин республиканын өсүү темпине болгон катышы;

$F_{19j}$- региондогу чекене соода жүгүртүүнүн өсүү темпинин республиканын өсүү темпине болгон катышы;

$F_{20j}$ - региондогу рыноктук кызмат көрсөтүүнүн өсүү темпинин республиканын өсүү темпине болгон катышы;

$F_b$ - региондогу жумушсуздуктун өсүү темпинин, республикадагы жумушсуздуктун өсүү темпине болгон катышы;

$d_i$- экономикалык активдүүлүктүн (динамикасынын) индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы (өндүрүштүн потенциалынын салыштырма салмагы бешөөсү бир көрсөткүч ($d_6$) катары алынды алар; ($d_1$= 0,2; $d_2$=0,2; $d_3$=0,2; $d_4$=0,2; $d_5$=0,2 ) ($d_6$= 0,8; $d_7$=0.2-жумушсуздук салыш.салмагы;)

**Таблица 2.12-Кыргыз Республикасынын региондорунун (субьекттеринин) экономикалык активдүүлүгү, динамикасы 2011-жыл.**

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору | Көрсөткүчтөр | | | | | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Региондордун өндүрүштүк динамикасы | | | | | | | |
| | | $F_{16j}$ | $F_{17j}$ | $F_{18j}$ | $F_{19j}$ | $F_{20j}$ | $F_b$ | $IF_{5j}$ | |
| 1 | Кыргыз респуб-сы боюнча | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | ранг |
| 2 | Баткен облусу | 1,182 | 0,994 | 1,035 | 0,963 | 1,00 | 0,767 | 0,034 | 5 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0,962 | 0,933 | 1,052 | 1,047 | 1,056 | 1,102 | 0,115 | 3 |
| 4 | Нарын облусу | 0,860 | 1,326 | 0,980 | 1,089 | 1,031 | 0,815 | 0,039 | 4 |
| 5 | Ош облусу | 0,985 | 0,628 | 1,017 | 1,029 | 0,825 | 1,303 | 0,076 | 6 |
| 6 | Талас облусу | 0,986 | 0,720 | 1,013 | 1,079 | 1,080 | 1,686 | 0,031 | 1 |
| 7 | Чүй облусу | 0,942 | 1,191 | 0,967 | 0,969 | 0,981 | 0,813 | 0,185 | 8 |
| 8 | Ысскык Көл облусу | 0,994 | 1,448 | 0,967 | 1,055 | 1,031 | 0,813 | 0,153 | 2 |
| 9 | Бишкек шаары | 0,890 | 0,938 | 0,947 | 1,035 | 1,010 | 0,837 | 0,353 | 9 |
| 10 | Ош шаары | 0,930 | 1,069 | 0,897 | 0,750 | 0,825 | 1,30 | 0,04 | 7 |

Булагы: Автордун эсептөөсү

Региондордогу экономикалык процесстердин өсүү динамикасы же экономикалык активдүүлүк чет жактардагы региондордо бир топ жогору болуп ал жакта борборго теңелүү үчүн азыноолак аракет болуп жатканына кабар берет. Өндүрүштүн түрлөрү боюнча республикага салыштырмалуу Талас (1 ранг), Ысскык Көл (2-ранг),Жалал Абад (3 ранг), Нарын Баткенде (табл.2.12) экономикалык активдүүлүк борбор шаарлардан жогору болууда. Талас облусунда жумушсуздуктун пайызы Республикада эң төмөнкү көрсөткүч болуп, башка региондорго салыштырмалуу өндүрүш иштеп, иш менен камсыз болгондордун саны көбөйгөнүнөн кабар берет.

Региондо жашаган калктын материалдык жана маданий байлыкты керектөөсүнүн деңгээли, жана ушул байлыктар менен алардын керектөөлөрүнүн камсыз болуусунун даражасын б.а. калктын сатып алуу

жөндөмдүүлүгүн аныктаган индекс ($IF_{6j}$) (табл.2.13) чагылдырууга болот. Бул индекс калктын акчалай кирешесинин өлчөмүн жана калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн эске алып аныкталат;

$$IF_{6j}=(F_{21j}\times d_1)+(F_{22j}\times d_2) \qquad (2.17)$$

бул жерде;

$F_{21j}$-орточо бир адамга туура келген калктын акчалай кирешесинин, жашоо үчүн зарыл болгон минимумга (1 айлык) болгон катышынын регионалдык маанисинин, республикалык маанисине болгон салыштырма айрымачылыгы;

$F_{22j}$- орточо бир адамга туура келген орточо айлык акынын, жашоо үчүн зарыл болгон минимумга (1 айлык) болгон катышынын регионалдык маанисинин, республикалык маанисине болгон салыштырма айрымачылыгы;

$d_i$- калктын жашоо деңгээлинин индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы ($d_1$= 0,5; $d_2$=0,5);

**Таблица 2.13-Кыргыз Республикасынын региондор боюнча калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгү 2011-ж.**

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору (чөлкөмдөрү),субьекттери | Көрсөткүчтөр | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгү | | | |
| | | $E_{21j}$ | $E_{22j}$ | $IE_{6j}$ | |
| **1** | Кыргыз Республикасы | 1,00 | 1,00 | 1,00 | ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0,789 | 0,743 | 0,766 | 5 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0,707 | 0,916 | 0,812 | 3 |
| 4 | Нарын облусу | 0,601 | 0,851 | 0,726 | 6 |
| 5 | Ош облусу | 0,681 | 0,537 | 0,609 | 8 |
| 6 | Талас облусу | 0,653 | 0,782 | 0,717 | 7 |
| 7 | Чүй облусу | 0,797 | 0,800 | 0,798 | 4 |
| 8 | Ысcык Көл облусу (Кумтөр кошо) | 0,771 | 1,296 | 1,033 | 1 |
| 9 | Бишкек шаары | 0,834 | 1,204 | 1,020 | 2 |
| 10 | *Ош шаары | | | 0,609 | 8 |

* Ош шаары, Ош облусуна кошулуп чыгарылат. Булагы: Автордун эсептөөсү

Жашоо деңгээли боюнча Кумтөрдү кошуп эсептегенде Ыссык Көл облусу 1 орунга , Бишкек шаары 2-орунга, Жалал Абад облусу 3- орунга чыгышты (табл.2.13). Бирок индекстери негизинен бири бирине жакын жана окшош, демек жашоо деңгээли деле негизинен жакын деп түшүнсөк болот.

Чындыгында Россия Федерациясынын, Америка Кошмо Штаттарынын, ж.б. региондору бар көп мамлекеттерде, региондордун бийлик-башкаруу органдары, региондун экономикалык абалын жакшыртууга салым кошууга кенен мүмкүнчүлүктөргө ээ, алар, салык алуунун шарттарын өзгөртүү, экономиканын приоритеттүү тармактарына инвестиция тартуу үчүн кошумча жеңилдиктерди берүүгө, региондун бюджетинин эсебинен жеке инвесторлорду камсыздоого, өз чөлкөмдөрүндө эркин экономикалык зоналарды түзүүгө б.а инвестициялык жагымдуулук режимин түзүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Ошондуктан аларда жергиликтүү бийликтин багытынан региондун (чөлкөмдүн) инвестициялык жагымдуулугу да көз каранды болот.

Кыргыз Республикасында региондорго финансалык жактан (салык, камсыздоо, эркин зона) башка өлкөлөрдөгүдөй өз алдынчалык жок, региондор финансалык маселелерди көбүнесе борбор аркылуу чечет. Ошондуктан Кыргызстанда региондор өздөрүнүн финансалык абалын жакшыртууга анчалык кызыгышпайт, бирок алардын финансалык абалын түзүүгө, алар, өздөрү толук кандуу катышпаса да облус катары чыгарылган статистикалык маалыматка таянып биз мурунку бөлүктө чыгарып ($If_j= (Ifp_j \times d_1)+(Ifb_j \times d_2)$ ) (табл.2.4) колдонгон индексти- региондордун финансалык абалынын индекси ($IF_{7j}$) (табл.2.14) деп атап, инвестициялык потенциялды аныктоо үчүн колдонууга сунуш кылабыз.

**Таблица 2.14-КРнын региондор боюнча финансалык абалы 2011-ж.**

| **№ к/н** | Кыргыз Республикасынын региондору | финансалык абалдын индекси $IF_{7j}$ | |
|---|---|---|---|
| **1** | Кыргыз Республикасы | 1,00 | ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0,365 | 9 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0,462 | 7 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4 | Нарын облусу | 0,575 | 5 |
| 5 | Ош облусу | 0,665 | 3 |
| 6 | Талас облусу | 0,542 | 6 |
| 7 | Чүй облусу | 0,416 | 8 |
| 8 | Ыссык Көл облусу<br>* | 0,934<br>0,498 | 2<br>7 |
| 9 | Бишкек шаары | 1,143 | 1 |
| 10 | Ош шаары | 0,591 | 4 |

*Кумтөрдү кошпогондо

2.14 таблицада пайда алып иштеген ишканалардын аздыгы ,мөөнөтү өтүп кеткен карыздардын көбөйүп кетиши көп индекстер боюнча алдыда келе жаткан Чүй облусун 8 рангага түшүрүп койду, бирок облустук мамлекеттик бийлик азыркы мыйзамдар боюнча, пайда алып иштеген ишканалардын санынын көбөйүшүнө, пайданын облус боюнча көп болушуна, карыздардын азайышына түздөн түз кийлигише албайт, ал үчүн кызыктар да эмес, бул маселе боюнча губернатордун жоопкерчилигин эч ким сурабайт, натыйжада ишканаларда таза пайданы жашыруу, “эки бухгалтерия “ жүргузүү сыяктуу ж.б. мыйзам бузуулар орун алган, ошондуктан да Кыргызстанда региондорго финансалык-экономикалык жактан өз алдынчалык берип, региондун социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн индикаторлорун бекитип, анын натыйжасына жергиликтүү бийликтин жоопкерчилигин көтөрүү керек.

Региондо рыноктук инфраструктуранын өнүгүшүнөн, банк, биржа, дүңүнөн саткан ортомчу фирмалар, соода үйлөрү, камсыздандыруу, инвестициялык, лизингдик кампаниялардын, инвестициялык өнүгүү фонддорунун болушунан капиталдын региондук рыногу калыптанат, ошол эле мезгилде чарба жүргүзүүчү субьекттердин каражаттарын тартуу, калктын банктарга салымын көбөйтүү, баалуу кагаздарды чыгаруу, банктардын кредиттик ресурстарын колдонуу аркылуу инвестиция кылууга финансалык каражаттарды мобилизация кылууга шарт түзүлөт. Экономикалык реформалардын жүрүшү жөнүндөгү индекс, ($IF_{8j)}$ (табл.2.15) региондордун микрокредиттерди пайдалануусу, рыноктук экономикага керек болгон

институттардын өнүгүү деңгээлин, калктын депозиттик салымдарынын көбөйүшү жана ишканалардын курамындагы аралашкан же жеке менчиктегилердин өсүү денгээлин мүнөздөйт жана төмөндөгү формула менен аныкталат;

$$IF_{8j} =[(F_{23j}\times d_1)+(F_{24j}\times d_2)+(F_{25j}\times d_3)+(F_{26j}\times d_4) \quad (2.18)$$

бул жерде;

$F_{23j}$ –бир адамга берилген микрокредиттин суммасынын регионалдык маанисинин республикалык маанисинен салыштырмалуу айрымасы;

$F_{24j}$ - бир адамга калктын банкка салган салымдарынын суммасынын регионалдык маанисинин республикалык маанисинен салыштырмалуу айрымасы;

$F_{25j}$ - он миң адамга туура келген кредиттик уюм, ишканалардын регионалдык маанисинин республикалык маанисинен салыштырмалуу айрымасы;

$F_{26j}$ - ралашкан жана жеке менчиктеги ишканалардын салыштырма салмагынын регионалдык маанисинин республикалык маанисинен салыштырмалуу айрымасы;

$d_i$- экономикалык реформалардын жүрүшү жөнүндөгү индексинин компоненттеринин салыштырма салмагы ($d_1$= 0,25; $d_2$=0,25; $d_3$=0,25; $d_4$=0,25;

**Таблица 2.15-Кыргыз Республикасынын региондорундагы экономикалык реформалардын жүрүшүн баалоо**.

| № к/н | Кыргыз Республикасынын региондору | Көрсөткүчтөр | | | | Индекс | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | экономикалык реформалардын жүрүшү | | | | | |
| | | $F_{23j}$ | $F_{24j}$ | $F_{25j}$ | $F_{26j}$ | $IF_{8j}$ | |
| 1 | Кыргыз республикасы боюнча | 1,000 | 1,000 | 1,000 | 1,000 | 1,000 | Ранг |
| 2 | Баткен облусу | 0,857 | 0,045 | 0,394 | 0,756 | 0,513 | 8 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0,928 | 0,136 | 0,638 | 0,961 | 0,666 | 6 |
| 4 | Нарын облусу | 1,317 | 0,090 | 1,357 | 0,846 | 0,903 | 4 |
| 5 | Ош облусу | 0,678 | 0,227 | 0,267 | 0,771 | 0,485 | 9 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Талас облусу | 1,471 | 0,090 | 1,318 | 0,828 | 0,927 | 3 |
| 7 | Чүй облусу | 0,857 | 0,272 | 0,498 | 0,927 | 0,638 | 7 |
| 8 | Ыссык Көл облусу | 1,404 | 0,363 | 1,294 | 0,845 | 0,976 | 2 |
| 9 | Бишкек шаары | 1,125 | 1,807 | 1,589 | 1,104 | 1,406 | 1 |
| 10 | Ош шаары | 0,857 | 0,409 | 1,057 | 1,068 | 0,848 | 5 |

Автордун эсептөөлөрү

Рыноктук экономикага өтүп жатканда бул факторлордун таасири өтө күчтүү болот. Финансалык инфраструктуранын абалы өзгөчө Бишкек шаарында, Ыссык Көл облусунда жагымдуу десек жаңылышпайбыз. Себеби Республикадагы ар кандай кредиттик 888 мекеме уюмдардан Бишкекте 338, 107 си Жалал Абадта, 102 си Ыссык Көлдө жайгашкан, микрокредиттерди алуу боюнча Ыссык Көл, Талас, Нарын облустарында экономикалык реформага умтулуу, башкаларга салыштырмалуу жакшы деп айтсак туура болот. Калктын депозиттик салымдары боюнча Бишкек шаары 1 рангда турарын турмуш да, анализ да көрсөтүп турат.

Жогоруда негизги сегиз индекстин маанисин аныктадык, эми ушулардын баарын чогултуп ушул главанын башындагы төмөндөгү формулага салып, кайсы регион Кыргызстанда жагымдуу инвестициялык потенциялга ээ экендигин аныктайбыз;

$$IF_j = \sum_{i=j}^{k} (IF_{ij} \times d_i) \qquad (2.19)$$

бул жерде;

$IF_{ij}$ - жеке индекстер;

$d_i$ - жеке индекстер салыштырма салмагы; ( $d_i$ =ар бири 0,125 мааниге ээ)

**Таблица 2.16-Кыргыз Республикасынын региондорунун (субьекттеринин) инвестициялык потенциялы. 2011ж**

| № к | КР нын региондору | Көрсөткүчтөр | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Инвестициялык потенциялдын индекстери | | | | | | | | |
| | | $F_{1j}$ | $F_{2j}$ | $F_{3j}$ | $F_{4j}$ | $F_{5j}$ | $F_{6j}$ | $IF_{7j}$ | $IF_{8j}$ | $IF_{ij}$ | |
| 1 | КР | 1,000 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,00 | 1,000 | 1,00 | р |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | боюнча | | | | | | | | | | |
| 2 | Баткен облусу | 0.450 | 0.664 | 0,98 | 0,034 | 0,034 | 0,766 | 0,365 | 0,513 | 0,471 | 8 |
| 3 | Жалал Абад облусу | 0.588 | 0.772 | 0,974 | 0,115 | 0,115 | 0,812 | 0,462 | 0,666 | 0,563 | 4 |
| 4 | Нарын облусу | 0.574 | 0.640 | 0,945 | 0,039 | 0,039 | 0,726 | 0,575 | 0,903 | 0,550 | 6 |
| 5 | Ош облусу | 0.602 | 0.468 | 0,996 | 0,076 | 0,076 | 0,609 | 0,665 | 0,485 | 0,497 | 7 |
| 6 | Талас облусу | 0.573 | 0.659 | 0,936 | 0,031 | 0,031 | 0,717 | 0,542 | 0,927 | 0,552 | 5 |
| 7 | Чүй облусу | 0.603 | 1.616 | 1,02 | 0,185 | 0,185 | 0,798 | 0,416 | 0,638 | 0,682 | 3 |
| 8 | *Ыссык Көл облусу | 0.534 | 1.724 | 0,947 | 0,153 | 0,153 | 1,033 | 0,93 | 0,976 | 0,787 | 2 |
| 9 | Бишкек шаары | 0.039 | 1.125 | 1,018 | 0,353 | 0,353 | 1,020 | 1,143 | 1,406 | 0,807 | 1 |
| 10 | Ош шаары | 0.012 | 0.571 | 0.996 | 0,04 | 0,04 | 0,609 | 0,591 | 0,848 | 0,463 | 9 |

*Кумтөр кошо эсептелди

2.16 таблицасындагы анализ көрсөткөндөй Бишкек шаары региондордун ичинде инвестициялык жагымдуулугу, инвестициялык потенциялы боюнча 1 рангада турарын анализ көрсөтүүдө. Бирок $F_{1j}$ региондун жаратылыш-ресурстук потенциялынын индексин аныктаганда Бишкек менен Ош шаарынын "региондун айыл чарбасына жарактуу жерлеринин бир адамга болгон маанисинин, республиканын көрсөткүчүнө болгон катышы" деген көрсөткүчү алар шаар болгондугу үчүн жок экендигине карабастан (обьективдүү себеп) башка индекстердин эсебинен баары бир инвестициялык жагымдуулугу боюнча жогору орунга чыгып кетүүдө. Ыссык Көл облусу 2, Чүй облусу 3 рангдарга туура келүүдө. Жалал Абад облусу 4 рангда турат бул деген сөз облус инвестициялык жактан жагымдуу, келечектүү облус экендигинен кабар берип турат.

Бирок бул (2.16) инвестициялык потенциял, региондор ушул мезгилге чейин ээ болгон нак көрсөткүчтөрду колдонуу менен анализденип, салыштырылып чыгарылды жана келечектеги инвестициялык жагымдуулукту толук чагылдыра албайт, ошондуктан региондордун инвестициялык потенциялына көп учурда алардын аймагында жайгашкан кен байлыктардын изилденген запасынын көлөмүн карап туруп баа беришет. Бирок ошол запастары туруп, кайсы регион инвестициялык жактан жагымдуу экенин

интегралдык индексти аныктоо аркылуу гана жооп берсе болот. Эгерде Кыргыз Республикасында, республика жана региондор боюнча алтындын кору (запасы), көмүрдүн кору, энергия иштеп чыгара турган суунун, мунайдын (нефтинин) пайдаланылып жаткан жана изилденген запасы белгилүү болсо, интегралдык индекстин эсептеп чыгуунун алгоритмин колдонуп бул көрсөткүчтөрдүн ар биринин индексин эсептеп чыкса болот. Ар бир индексти региондордун инвестициялык жагымдуулугун эсептөө боюнча өз алдынча бир фактор катары карап “региондун кен байлыктар менен камсыз болуусунун интегралдык индекси” деген көрсөткүчтү жалпылап иштеп чыкса туура болор эле жана бул инвестициялык жагымдуулукту аныктоонун бирден бир, өтө керектүү көрсөткүчү болуп каларын турмуш тастыктоодо.

Региондордогу жаратылыш кен байлыктарынын салыштырмалуу потенциялын, ар бир региондун канчалык деңгээлде бир наамдагы кен байлыктар боюнча камсыз болуусунун келечегин аныктаган бул индекс, Россиявык авторлордун эмгектеринде да, башка өлкөлөрдөгү авторлордун эмгектеринде да колдонулганын жолуктура албадык, биринчи жолу ушул автордун изилдөөлөрүндө сунушталып жатат. Биздин оюбузча бул көрсөткүч региондун инвестициялык жагымдуулугун жакшыртуунун, инвесторлорду тартуунун негизги аныктоочу көрсөткүчү болуп калат десек туура болот, жана төмөндогүдөй формула менен аныктоону сунуш кылып жатабыз:

$$IR_j = (R_1 \times d_1) + (R_2 \times d_2) + (R_3 \times d_3) + (R_4 \times d_4) \quad (2.20)$$

Бул жерде;

$R_1$ –региондогу жана республикадагы алтындын изилденген запасынын бир адамга туура келишинин өз ара катышы;

$R_2$ - региондогу жана республикадагы көмүрдүн изилденген запасынын бир адамга туура келишинин өз ара катышы;

$R_3$ - региондогу жана республикадагы суу энергетикалык ресурстардын суммасынын бир адамга туура келишинин өз ара катышы;

$R_4$ - региондогу жана республикадагы нефтинин изилденген запасынын бир адамга туура келишинин өз ара катышы;

$d_i$ –негизги жаратылыштык кен байлыктарынын (компоненттер) ресурстук потенциялдарынын салыштырма салмагы; Ар бир көрсөткүч өзүнүн маанилүүлүгүнө жараша салыштырма салмакка ээ болот. ($d_1$= 0,25; $d_2$=0,25; $d_3$=0,25 $d_4$=0,25); Бул жерде $R_i$ маанисин көпчүлүк (башка) региондордо да көп кездешкен кен байлыктары боюнча да колдонсо болот.Эгерде Кыргыз Республикасынын геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттигинде жаратылыш кен байлыктарынын ушундай көрсөткүчтөрү (кору) региондор аралык болсо жогорудагы формуланы пайдаланып бул индексти аныктоого болот. Бул индексти жогоруда аныкталган инвестициялык потенциалды аныктоого кошумча булак катары кароону сунуш кылар элек.

Ошондой болсо да жогорудагыдай анализ жасоо аркылуу региондордун инвестициялык потенциалын аныктоо-бул алдыдагы милдеттин бир бөлүгүн гана түзөт, мындан сырткары ар бир регион өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө , ички спецификасына ээ, демек эми аларды дагы тереңиреек окуп үйрөнүү зарылчылыгы алдыда турат. Анткени инвесторго канчалык каражатын пайдалуу өндүрүшкө жумшаса, ошончолук тобокелчилик аз болсо ошол маанилүү, анткени аймактар аларды максималдуу инвестициялык потенциялга ээ болгону, тобокелчиликтин аз болгону менен кызыктырат. Региондордун инвестициялык потенциалын аныктаган изилдөөлөр, баалоолор мамлекеттик масштабда жүргүзүлсө, жыйынтыктары атайын блютендерге чыгарылса, келе турган инвесторлорго өтө жагымдуу болор эле.

## 2.3 Региондун инвестициялык жагымдуулугуна экономикалык приоритеттердин тийгизген таасирин изилдөө.

Кыргызстанда да интегралдык индекстер методикасын колдонуп, 8 негизги факторлун тийгизген таасирин эсепке алып региондордун инвестициялык потенциалын аныктоого жогоруда аракеттер жасалды. Инвестициялык потенциалы башкалардан жогорураак деп Бишкек шаары,

Ыссык- Көл, Чүй, Жалал- Абад  облустары деп аталышты. Биз анализ кылуучу Жалал- Абад облусунун **инвестициялык потенциалы** күчтүү, эгерде **инвестициялык климат** республикада  бардык региондордо негизинен бирдей деп эсептесек, анда Жалал Абад облусу **инвестициялык жагымдуу** региондордун катарына кирип калууда. Инвесторлорду кызыктырган Жалал - Абад облусу тууралуу кененирээк таанышып көрөлү.

Жалал- Абад облусу Кыргыз Республикасынын түштүк-батыш тарабына жайгашып, Фергана өрөөнүнүн тоолорго тутамдаш болуп кеткен  түндүк бөлүгүнөн  орун алган. Жалпы аянты 33,7 миң. км.$^2$ түзөт. Түндүк жагынан Талас тоолору аркылуу Талас облусу менен, түштүк-батышынан Өзбекстан мамлекети, чыгыштан Нарын, түндүк-чыгышынан Чүй, түштүгүнөн Ош облустары менен чектешет. Ош облусунан сырткары республиканын башка облустары менен автоунаа каттамы аркылуу негизинен Бишкек-Ош автожолу аркылуу жүргүзүлөт.

Облустун аймагында чоң суу бөлгүчтөр (бийик тоолор) жайланышып чоң дарыялар, агын суулар облусту аралап  агып өткөнү менен, суунун нугу төмөн жайланышып айыл чарбасына пайдаланууга ыңгайсыз абалды түзөт. Натыйжада облустун көп айдоого мүмкүн болгон аянттары суу жетпей, кургакчыл болуп калат да,  дыйканчылыкты толук кандуу жүргүзүүгө мүмкүндүк бербейт.

Областтын аймагы тоолуу болгондуктан тез тез болуп туруучу табихый кырсыктар (сел, көчкү, суу  каптоо ж.б.) менен коштолуп турат, натыйжада Жалал- Абаддын жашоочулары башка облустун калкына караганда көбүрөөк табийхат кырсыгына  учурап, зыян тартышат.

Облус сегиз административдик –аймактык райондорго бөлүнөт, 4 облустук, 4 райондук маанидеги шаарлар, 6 шаар тибиндеги кыштактар, 68 айылдык округдар, 423 дөн ашык элдүү пункттарга ээ. Облустун административдик борбору –Жалал- Абад шаары. Облустун аймагында 1054,0 миң калк жашайт. Көп улутуу, өзбек улутунун диаспорасы чоң жана облустун калкынын 24,9 % түзөт. Облус төрөлүүнүн деңгээли боюнча республикада

алдыңкы орундарда турат. Калктын санынын салыштырмалуу тез өсүшү экономикага жана социалдык сферага да басым жасап, керектөөлөр өсүп баратканын билдирет.

Жалал- Абад облусунун аймагында кол тийбеген жаратылышы, экзотикалык өсүмдүктөрү, түрдүү жаныбарлар дүйнөсү менен айрымаланган бир нече жаратылыш коруктары (заповедниктер) жайгашкан. Туристтерди кооздугу менен өзүнө тарткан бир нече тоолуу көлдөрү бар. Мындан сырткары облустун аймагында диний жагынан сыйынууга ылайыкташтырылган "ыйык" мазарлар (Сафед- Булан, Ыдырыс пайгамбар жайы, Ак-Тайлак ата, Падыша - Ата ж.б.) жайгашкан. Облустагы туризм негизинен кошуна жайгашкан Кыргызстандын облустары менен Өзбекстандагы керектөөчүлөргө багытталган. Эгер мамлекеттер аралык келишимдер түзүлсө, чек ара маселеси туруктуу чечилсе кошуна өлкөлөрдөн келген туристердин аягы тыйылбас эле. Облустун аймагы менен улуу Жибек Жолунун Жалал- Абад –Эркечтам- Кашкар каттамы өтөт.

**Жаратылыш ресурстары:** Облустун аймагынан Нарын дарыясы агып өткөндүктөн өтө көп суу-энергетикалык ресурстарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк бар, мындан сырткары көмүрдүн, мунайдын, газдын, алтындын, алюминийдин, жездин, коргошундун, цинктин, калайдын, сурьманын, молибдендин, асбестин, курулуш материалдарынын, воллостаниттин, туздун, жер астындагы жылуу-минералдык суулардын запастарына ээ. Алардан башка да, уникалдуу жаңгак-жемиш токойлору жана дары чөптөрүнүн мекени болуп эсептелинет.

**Макроэкономикалык абал:** Алдыңкы бапта аныкталгандай Жалал- Абад облусу жетиштүү социалдык-экономикалык потенциялы жана ага ылайыктуу базасы бар, облустун аймагында өнөр жайдын бардык тармактарын чагылдырган, электроэнергетика, электроника, кийим тигүү, пайдалуу кен байлыктарын чалгындоо жана казып алуу (алтын, мунай, газ, комүр ж.б.), айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү жана курулуш материалдарын өндүрүү менен аракеттенген ишканалар орун алган.

Облустагы ири өнөр жай ишканаларына Токтогул, Күрп- Сай ГЭСтери (каскад),Таш -Көмүр шаарындагы, Шамалды -Сай поселогундагы “курулуп жаткан ишканалар” ГЭСи, АО”Майлуу- Суу электр лампалар заводу”, “Кыргызнефтегаз”, “Нур”, ”Келечек”,  “Достук”, алтын кенин казып алуучу “Макмалалтын” комбинаты, мунайды кайра иштетүүчү биргелешкен “Кыргыз Петролеум компани”, көмүр казуучу ЖЧК “Тегене”, ун чыгаруучу ОсОО “Дан Юг”, ОсОО “Мариям” ишканаларын кошууга болот. Облуста алтынды казып алуу тармагы келечектүү тармак болуп калат, анткени алтынды казып кайра иштетүүчү “Казакмыс Голд Кыргызстан” “Фулд Голд Майнинг” деген ири ишканалар курулуп бүтүүнүн алдында турушат. Облустун социалдык-экономикалык абалы  жөнүндөгү маалыматтар төмөндөгү (2.17) таблицада көрсөтүлгөн.

**Таблица 2.17-Жалал Абад облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2011 |
|---|---|---|---|---|---|
| Калкт.саны,жыл этегине,миң адам | 973,4 | 980,0 | 993,7 | 1023,1 | 1036,6 |
| Калктын табих. өсүшү 1000 адамга | 17,8 | 19,0 | 19,7 | 21,1 | 24,2 |
| Ички дүң продукция (ИДП) млрд. сом | 13,6 | 16,1 | 22,6 | 23,3 | 32,8 |
| Өнөр жай продукциясы физик көлөмдүн индекси (ФКИ) % | 101,3 | 105,5 | 91,5 | 91,3 | 116,2 |
| Негизги капиталлга инвестиция учурдагы баа менен млн.сом | 1951,6 | 2317,6 | 3969,9 | 8590,8 | 4738,3 |
| Орточо бир жанга акчалай киреше, бир айга сом менен | 698,9 | 1023,8 | 2053,3 | 2115,7 | 2672,5 |
| 1 жанга  акчалай киреше, мурунку жылга % менен | 99,1 | 116,0 | 115,0 | 103,0 | 115,4 |
| Орточо номиналдуу бир айлык эмгек акы бир адамга, сом менен | 2511,4 | 3243,4 | 4467,2 | 5165,6 | 8148,7 |

Маалымат булагы: Жалал-Абад обл. статистика башкармалыгынын маалыматы.


Жогоруда көрсөтүлгөн таблицадагы маалыматтар боюнча акыркы алты жылда бардык көрсөткүчтөр өсүү тенденциясына ээ.

Рыноктук экономикага өткөндөн бери облустун экономикасынын өнүгүүсүн бир нече этапка бөлүп кароого болот. 1991-1995-жылдары өнүгүүнүн 1-этабында обьективдүү, субьективдүү себептер менен өнор жай продукциясын өндүрүүнүн деңгээли төмөндөп, калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө системасы бузулуп, начарлап кеткен. Жүргүзүлүп жаткан социалдык-экономикалык реформалардын негизинде 1996-жылдан баштап облустун экономикасында туруктуулук боло баштап, айрым тармактарда өсүү да пайда боло баштады. Өнөр жай тармагында облустун өндүргөн продукциясынын салыштырма салмагы республиканыкына салыштырмалуу 1991- жылы, 12% дан, 1996-жылдары, 25-26% га чейин жогорулаган. Себеби Жалал Абад облусунда ушул мезгилде өнөр жайда 80 ден ашык өнөр жай ишканалары 18,0 миң жумушчусу менен иштеп турган, республиканын башка аймактарында приватташтыруу маселеси иштеп калган эле, ошондуктан башкаларга салыштырмалуу төмөндөө аз болгон. Бирок Республиканын башка региондорундагы өнөр жай продукциясын өндүргөн ишканаларга инвестициялардын тез артылышы, алардын негизинен чакан жана орто өнөр жай ишканалары менен толукталышы, ал эми Жалал -Абад облусунда “сабатсыз” менчиктештирүү айыл чарба продукциясын өндүрүүнү кескин төмөндөтүп, иштеп турган айыл чарба продукцяларын кайра иштетүүчү (тамеки, эт, сүттү кайра иштетүүчү, вино, пиво, алкоголдук эмес ичимдиктерди чыгаруучу ишканалар, кондитердик ишканалар) запастары түгөнүп, союздагы экономикалык байланыштары токтогондуктан өнөр жай продукциясынын көлөмү мурунку жылдарга салыштырмалуу төмөндөп республикадагы салыштырма салмагы азая баштаган. Бул этап 1996- жылдан 2005-жылдарга чейин созулат. Облустун өнөр жай өндүрүшүнүн өнүгүүсүнүн 3-этабы 2005-жылдардан бер жагына туура келет, жана бул мезгил өнөр жай продукциясынын 50% га жакынын түзгөн электроэнергетикадагы төмөндөө менен байланышкан. Өнөр жайдын калган тармактары акырындап

туруктуулукка жетишип өр тарта башташты .Жалал Абад облусунун өнөр жайындагы негизги  приоритеттүү тармагы болгон электроэнергетикадагы проблемаларды чечүү биздин оюбузча 3- этап менен байланышкан. Бул багытта али алдыда сөз болот.

Территориянын экономикалык  жана инвестициялык потенциалдарынын деңгээлин  өндүрүштүн, чарбанын ар түрдүү тармактан турганы структурасы аркылуу дагы мүнөздөсө болот.(сүрөт 2.2)


**Жалал Абад областынын  ички  дүң  продукциясынын структурасы тармактар  боюнча  (2011-жыл)**




ИДПнын курамында акыркы жылдары сезилерлик структуралык өзгөрүүлөр болуп жатат, анткени (2000-жылга салыштырмалуу) соода жана акылуу кызмат көрсөтүүнүн салыштырма  салмагы 4,5% дан 30,0 % га чейин өстү. Дүйнөлүк рынокто кызмат көрсөтүүнүн түрлөрүнүн  өсүшү бизде да кызмат көрсөтүүнүн жаңы түрлөрүн кошту, айрыкча социалдык тармакта калкка акылуу кызмат көрсөтүүнүн түрлөрү көбөйүп, көлөмү чоңойду,  ошону менен катар Бишкек-Ош жолунун биздин областын аймагы менен өтүшү да тейлөө кызматын  көбөйтүүгө түрткү берди. Келечекте бул трассанын  эки жагына заманбап кемпинг, мейманкана ж.б. кызмат көрсөтүүчү жайлар

кайрадан курулушу бул көлөмдү дагы көбөйтөр эле. Облусубуз туристтик кызмат көрсөтүү боюнча да потенциялдуу субьект болуп эсептелинет демек калкка акылуу кызмат көрсөтүү менен туристтик кызмат көрсөтүү да региондун бир приоритетүү тармагы болуп каларын анализ көрсөтүүдө. Экономикалык потенциалды мүнөздөөдөгү дагы бир көрсөткүч бул чарба субъектердин саны жана территориянын дүң продукциясынын өзгөрүү динамикасы.(сүрөт 2,3).

**Областтын ички дүң продукциянын динамикасы**




2011-жылга карата Жалал Абад областында жалпысы 116,5 миң ар кандай статистикалык субьекттер (республикада саны эң көп субьекттер Жалал Абад облусуна таандык) а.и. 10667 юридикалык жак болуп эсептелген чарбалык субьекттер катталган, ал эми 3232 чарбалык субьекттер иштеп жаткандар болуп эсептелинет. Юридикалык жак болгон субьекттердин ичинен; 1,5% мамлекеттик менчиктегилер, 1,4 % коммуналдык менчиктегилер, 97 % негизин жеке менчик түзгөн менчиктин башка формалары. Чарба жүргүзүүчү субьекттердин саны облуста күн санап өсүүдө. Алардын эң көп үлүшү айыл чарбасына, чекене соода жүгүртүүгө, көп түрдүү кызмат көрсөтүүгө, кайра иштетүү өнөр жайына таандык болууда.

Талдоо көрсөткөндөй облустун экономикасынын анын барометри болгон облустун ИДПсынын акыркы он жылдагы курамын анализдеп, облустун инвестициялык жагымдуулугун баалаган 2- баптагы изилдөөлөргө таянып,

акырында облустун аймагындагы чалгындалган жана пайдаланып жаткан жаратылыш кен байлыктарынын запастарын, туризмдин потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алып облустун экономикасынын приоритеттүү тармактары төмөнкүлөр деп атоого болот жана сунуш кылабыз:

- айыл чарбасы (анын ичинде айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү өнөр жайы),

- өнөр жайы (анын ичинде энергетикалык, тоо кендерин иштетүү, электротехникалык жана жеңил өнөр жайы),

- соода, тейлөөлөр төлөмү жана туризм.

Жалал-Абад област Кумтөрдү кошпогондо республикада ИДПнын көлөмү боюнча 3-орунда турат, бул деген сөз областыбыздын экономикалык потенциалы башка региондорго, айрыкча Ош областына салыштырмалуу (Ош областы бардык жагынан Жалал Абад областына барабар) чон экендигин, мунун негизги себеби ири өнөр жай ишканаларынын бар экендиги менен түшүндүрүүгө болот.

Региондордун экономикасынын структурасын анын инвестициялык потенциялына, экономикалык приоритеттерине карап кайра куруу, аны стабилдештирүү, өстүрүү жана туруктуу экономикалык өсүүсүн камсыз кылуунун негизги шарты бул, инвестицияны тартуу эсептелинет. Ушул мезгилге чейин облуска тартылган инвестициянын багытына, булактарына азыноолак анализ кылып көрөлү, анткени инвестициянын облустун район шаарларына тартылган бүгүнкү күндөгү абалына анализ бере алсак, анда жогоруда аты аталган экономикалык приоритеттерди өнүктүрүүгө керектүү инвестиция тартуунун жолдорун белгилеп алууга болот.

Жалал Абад облусунун район шаарларынын инвестициялык потенциалын рейтингин аныктоого аракет кылып көрөлү;

"Жалал Абад облусунун өнүгүүсүнүн илимий негиздери" деп аталган илимий брошюрада [90] профессор Т.Койчиев жетектеген көз каранды эмес эксперттердин бир группасы 1998-жылдын жыйынтыгы менен онго жакын

экономикалык көрсөткүчтөрдү пайдаланып Кыргызстандын региондорунун инвестициялык рейтингин аныктап чыгышкан, алардын эсептөөсү боюнча Жалал Абад облусу Чүй облусунан жана Бишкек шаарынан кийинки 3-рейтинге ээ болгон. Ал эми ушул эмгектеги 2.2 главадагы региондун инвестициялык потенциялын интегралдык индекстерди колдонуунун негизинде баалоо методикасын колдонгонубузда Жалал Абад облусу Кумтөрдү кошпой эсептегенде 3-рангага, ал эми Кумтөрдү кошуп эсептегенде 4-рангага ээ болду. Бирок биздин изилдөөлөрүбүз ар тараптуу жана толугураак болду десек жаңылышпайбыз. Ушул изилдөөлөрдүн автору да "Жалал Абад облусунун өнүгүүсүнүн илимий негиздери" деп аталган илимий брошюрада [90] эсептеген эксперттердин оюн ырастап Жалал Абад облусу Кыргызстанда инвестициялык потенциалы чоң регион деп баа берет.

"Жалал Абад облусунун өнүгүүсүнүн илимий негиздери" деп аталган илимий брошюрада [90] көрсөтүлгөндөй эксперттер Жалал Абад облусунун район шаарларына да 2000-жылдын жыйынтыгы менен өндүрүштүн көлөмү, эмгек өндүрүмдүүлүгү жана өндүрүштүн топтолушун эсепке алган көрсөткүчтөрдү колдонуп инвестициялык рейтингин аныктоого аракет кылышкан.Таблицаны өзгөрүүсүз келтирип көрөлү (табл.2.18).

**Таблица 2.18-Жалал-Абад облусунун район, шаарларынын жалпыланган рейтинги.** (бирден он экинчи орунга чейин)

| | Жалал-Абад | Кара-Көл | .Майлуу-Суу | Таш-Көмүр | Ала-Бука | Аксы сы | Базар-Коргон | Ноокен | Сузак | Токтогул | Тогуз-Торо | Чаткал |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өндүрүш көлөмү млн. сом | 2 | 1 | 4 | 3 | 9 | 10 | 7 | 6 | 8 | 11 | 5 | 12 |
| Капит салым(КС) көлөмү млн. сом | 6 | 2 | 7 | 4 | 12 | 9 | 10 | 3 | 5 | 1 | 8 | 11 |
| 1 сомдук КСга өндүрүш көлөмү | 1 | 4 | 2 | 5 | 6 | 11 | 7 | 9 | 10 | 11 | 3 | 8 |
| Өндүрүштүн динамикасы | 7 | 1 | 3 | 2 | 8 | 10 | 4 | 6 | 5 | 11 | 13 | 9 |
| Иштегендердин саны | 1 | 5 | 2 | 4 | 9 | 12 | 8 | 3 | 7 | 11 | 6 | 10 |
| Эмгектин өндүрүмдүүлүгү | 9 | 1 | 12 | 4 | 5 | 2 | 3 | 11 | 8 | 6 | 7 | 10 |
| Өндүрүштүн топтолушу | 5 | 1 | 4 | 3 | 10 | 11 | 8 | 6 | 7 | 12 | 2 | 9 |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 иштегенге орточо эмгек акы | 6 | 5 | 2 | 4 | 8 | 11 | 9 | 3 | 7 | 12 | 1 | 10 |
| **Жалпысы** | 37 | 20 | 36 | 29 | 67 | 76 | 56 | 47 | 57 | 75 | 45 | 79 |

Биз ошол таблицаны толук берүүгө аракет кылдык, анткени бул рейтингди аныктоодо негизинен өндүрүштүк факторлор гана эсепке алынып, жаратылыштык-ресурстук потенциял, эмгектик потенциял, экономикалык өсүү темпи, саясий стабилдүүлүк, рыноктук инфраструктуранын өнүгүүсү, төлөө балансы, байланыш жана транспортту уюштуруу, жергиликтүү башкаруу сыяктуу факторлор (жалпысы 25 тен ашык статистикалык көрсөткүч) эсепке алынбай калган. Жогорудагы эксперттердин аныктоосу боюнча рейтингдердин бардык суммасын кошкондо 1-орунга Кара Көл, 2-орунга Таш Көмүр, 3-орунга Майлуу Суу шаарлары чыккан. Райондордон Тогуз Торо районунун рейтинги жогору турат (табл.2.17). Туура, булардын аныктоосу боюнча ошол убакта биринчи эки шаарда электроэнергетикалык ишканалар топтолсо, Майлуу Суу шаарында электролампа заводу орун алган. Тогуз Торо районунда “Макмалалтын” ишканасы бар, бирок булардын рейтингин аныктоодо негизинен ошол мезгилде иштеп жаткан өндүрүштүк факторго гана басымдуу орун берилип калган,комплекстүүлүк болгон эмес.

Бирок азыркы рыноктун шартында бул баалоо менен көп жеринен маакул болбой коюуга болот. М: Майлуу Суу шаары туюкта жайланышкан, сырткы байланышы жок, рыноктук инфраструктура жетиштүү өнүкпөгөн, эгер Майлуу Суу электролампа заводу токтоп эле калса бул шаардын экономикалык абалын элестетүү кыйын, шаардагы экологиялык абал өтө курч бойдон калууда. Азыркы күндө Майлуу Суу электролампа заводу толук кандуу иштебей жаткан мезгилде шаарда өтө миграция күч алган. Тогуз Торо району боюнча да ушул эле анализди кайталаса болот. “Макмалалтын” комбинаты руданын запасынын азайышынын эсебинен токтоп калуу коркунучу бар, эгер токтоп калса Тогуз Тородон да жумушчу күчү кете баштайт.2000-жылдагы эксперттердин аныктамасы боюнча Чаткал району эң акыркы рейтингде болсо азыр алтындын изилденген 500 тоннадан ашык запасынын бар экендиги, акыркы 2 жылда эле

500 дөн жумушчу иштей турган эки алтынды кайра иштетүүчү комбинаттын курулушу, дагы 10 го жакын чет элдик фирмалардын алтынды казып алуу жана кайра иштетүү боюнча инвестиция жумшап жатканы Чаткал районунун келечеги өтө жогору экендигинен кабар берет. Демек район шаарларга 2000-жылы эксперттик группа берген рейтинг бир жактуу, толук эмес болуп калган деп айтсак болот, жана 10 жылда алардын инвестициялык жагымдуулугу алар анализ кылганга салыштырмалуу тигил же бул тарапка өтө сезилерлик өзгөрүп кеткен. Ошондуктан Жалал- Абад облусундагы район шаарлардын облустун экономикасындагы ордун же инвестициялык потенциалын жогорудагыдай анализ менен жакындаштырып (таблицаны толтуруп) аныктасак болот деген сунушту айтуудан алыс болушубуз керек. Ал эми алардын ар биринин инвестициялык потенциялын, инвестициялык жагымдуулугун баалоо үчүн биз ушул изилдөөлөрдүн 2,2 главасында колдонгон интегралдык индекстерди колдонуу методикасын сунуш кылат элек, бирок бул анализге керектүү 8 фактордун көпчүлүгүнүн район шаарлар аралык статистикалык маалыматтары жогоруда биз келтирген көрсөткүчтөр жыйналбагандыктан толук кандуу баалоо азыркы шартта мүмкүн эмес, ошондуктан регион катары Жалал- Абад облусунун (райондордун эмес) инвестициялык потенциялын баалоону, бардык келген инвесторлорго база катары облустун инвестициялык потенциалынын рейтингин сунуш кылуу максатка ылайыктуу деп эсептесек болот.

Жалал Абад облусундагы район шаарлардын социалдык-экономикалык потенциялын же жаратылыш ресурстары менен камсыздалышын, азыркы инфраструктурасын жана географиялык, климаттык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен райондордун экономикасын өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттары төмөнкүлөр деп аныктоого болот жана өнүгүү стратегиясын түзүүдө жетекчиликке алуу керек.

1. Чаткал, Тогузторо, Алабука райондору: мал чарбачылык, тоо кендерин казып чыгаруу сектору, атап айтканда, алтын, көмүр казуу жана минералдык сырьелорду кайра иштетүү, туризмди өнүктүрүү.

2. Токтогул району: аарычылык, балык багуу, мал чарбачылыгын өнүктүрүү, Камбарата – 1,2 ГЭСтердин курулушуна жардам кылуу, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнү жана аларды кайра иштетүүнү күчөтүү.

3. Базаркоргон району: пахта сырьелорун, мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүү, аларды ордунда кайра иштетүү, туризмди өнүктүрүү.

4. Ноокен району: нефти өндүрүүнү, газ, текстиль өнөр жайын өнүктүрүү жана пахта сырьесунун түшүмдүүлүгүн жогорулатуу,кайра иштетүү, мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүүнү өнүктүрүү.

5. Сузак району: пахта эгүүнү өнүктүрүү, көмүр казууну, май алынуучу өсүмдүктөрдүн көлөмүн кеңейтүү (күн карама), аларды ордунда кайра иштетүү, туризмди өнүктүрүү, дан уруктарынын жогорку сортторун даярдоо мөмө- жемиш, жаңгак токоюнун түшүмдүүлүгүн көбөйтүү.

6. Аксы району: мал чарбачылыгын өстүрүү, мөмө-жемиш өстүрүүнүн көлөмүн кеңейтүү жана аларды ордунда кайра иштетүү, туризмди өнүктүрүү.

7. Жалал -Абад шаары: курулуш материалдарын өндүрүүнү өнүктүрүү, текстиль жана тигүү өнөр жайын өстүрүү, туризм жана ден соолукту чыңдоочу комплекстерди иштетүүнү жакшыртуу, чакан орто бизнестин (ЧОБдун) мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү.

8. Майлуусуу шаары: ЭЛЗ да электр лампасын өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатуу, «Изолит» заводун кайта иштетүүнү баштоо, тигүү фабрикаларын жандандыруу, чакан жана орто бизнестин мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүү, ишкерлерди тартуу.

9. Каракөл шаары: Электр энергиясын стабилдүү иштеп чыгаруу, Камбарата-1,2 ГЭСтеринин курулушуна жардам берүү.

10.Ташкөмүр шаары: энергетика тармагы, «Кристалл» МАКнун өндүрүшүнүн туруктуу иштешин камсыздоо жана жарым кристалл кремний өндүрүшүн, цемент, таш иштетүүнү күчөтүү.

Облустун өнүгүү стратегиясында мындай жазылган; Стратегияны турмушка ашыруудагы маанилүү милдеттердин бири - стратегияны турмушка ашыруу процессинде район, шаарларды толук катыштыруу жана алардын

экономикасынын суммасы облус экономикасына баланс бере тургандай абалга көтөрүү, ошого жетишүү болуп саналат. Стратегияда каралган инвестициялык проекттерди жогоруда көрсөтүлгөн район шаарлардын өнүгүү приоритеттерине шайкеш кылып тандап алуу жана турмушка ашыруу керек, ошондо алар - райондун экономикасын өстүрүүгө, инвестицияларды тартууга, бул багытта ар тараптуу финансалык булактарды пайдаланууга, жергиликтүү калкты жаңы жумушчу орундар менен камсыздоого, алардын жашоо деңгээлин жогорулатууга, инфраструктураны жандандырууга ж.б.у.с. кызмат кылат.

Стратегияда жаңы жумушчу орундарга ошол жерде жашоочу жергиликтүү калкты тартуу, алыскы райондордон алардын иш издеп борборлорго агылып келишинин алдын алат жана ал райондордун эмгек ресурстарынын сакталышына шарт түзөт, бул район шаарлардагы экономиканы сапаттуу кайра курууга жардам берет деп жазылган (Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун 2008-2011-жылдарга өнүгүү стратегиясы, 10-11 бет).

Райондордун экономикалык өнүгүү приоритеттерин негиз кылып алып облустун экономикалык приоритеттери иштелип чыккан, демек аларды турмушка ашыруу үчүн район шаарлардын инвестициялык жагымдуулугун көтөрүп инвесторлорду тартуу үстүндө иш жүргүзүү, ар бир жергиликтүү бийликтин алиппеси болуп калууга тийиш.

## 2- бап боюнча жыйынтыктар

1.Жыйынтыктап айтканда региондун инвестициялык жагымдуулугун баалоонун методикасы - аны түзүүчүлөрдүн көрсөткүчтөрүнүн (учетун) эсебин бирге алып баруудан турат экен, алар, инвестициялык потенциалдын жана инвестициялык климаттын көрсөткүчтөрү. Инвестициялык потенциалды баалоо өзүнө социалдык-экономикалык ресурстарды же инвестициялык ресурстарды (финансалык, фонддук потенциалдар, эмгек ресурстары ж.б) жана инвестициялык иш аракеттин инфраструктурасын (банктар, биржалар, камсыздандыруучу компаниялар ж.б.) баалоону камтыйт.

2.Инвестициялык климат коммерциялык эмес инвестициялык тобокелчиликтин жана институционалдык чөйрөнүн бар экендиги менен түшүндүрүлөт. Ал эми институционалдык чөйрө дегенде инвестициялык иш аракеттин формалдуу эрежелерин жана формалдуу эмес чектөөлөрдүн эрежелерин түшүнсөк болот. Ушуларды эске алганда азыркы мезгилдеги “инвестициялык потенциал”дын мааниси бир жактуу эмес, көп кырдуу, ошондуктан да аны анализдөө жана баалоонун методдору ар түрдүү. Ушундай шартта региондун инвестициялык потенциалын, көрсөткүчтөрдү репрезентативдүү тандап алууга жана оперативдүү статистикалык маалыматтардын жалпылыгына таянган интегралдык индекстер методикасын колдонуп аныктоо, азыркы мезгилдеги эң натыйжалуу методика болуп калды.

3.Кыргызстанда да ушул методиканы колдонуп, 8 негизги фактордун эсебинен региондордун инвестициялык потенциалын аныктоого бул изилдөөдө аракет жасалды. Инвестициялык потенциалы башкалардан жогорураак деп Бишкек шаары, Ыссык- Көл, Чүй, Жалал -Абад облустары деп аталышты. Инвестициялык климат республикада бардык региондордо негизинен бирдей деп эсептесек, **инвестициялык жагымдуу** региондор да ушулар өздөрү боюнча калат.

4.Жалал Абад облусунун ичинде район шаарлар ортосунда инвестициялык жагымдуу район шаарды аныктоо маселеси - али алдыда турган маселелерди чечүүнүн бир бутагы гана болуп саналат, анткени аларды андан ары изилдөө керек себеби ар биринин өзгөчөлүгү жана ички спецификасы бар.Алардын инвестициялык потенциалын аныктоо үчүн биз сунуш кылган 100дөн ашык статистикалык көрсөткүчтөрдү район шаарлар аркылуу жүргүзүү маселесин Кыргыз Өкмөтү чечүү керек. Ал эми главада көрсөтүлгөндөй Жалал Абад облусунун. приоритеттүү тармактардын проблемалары белгиленди. Кезек ушул тармактарга илимий негизделген инвестициялык салымдарды салуу, региондун экономикасынын өнүгүшүнө мамлекет, ички жана чет элдик инвесторлор тартыла турган регионалдык саясатты рационалдуу жүргүзүүдө калып олтурат.

# 3-БАП. ИНВЕСТИЦИЯЛЫК РЕСУРСТАРДЫ КОЛДОНУУНУ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ.

## 3.1. Региондогу жылуулук- энергетикалык комплексинин өнүгүүсүнүн приоритеттери.

Жалал- Абад облусу республикада жылуулук – энергетикалык ресурстарды өндурүүчү эң чоң регион болуп эсептелинет. Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык бул облуста жалпы республикадагы жылуулук –энергетикалык ресурстардын 50% дан ашыгы жайгашкан. Жалпы жылуулуктун 45-47 % зы, ГЭСтерде өндүрүлгөн электроэнергиянын 98 % га чейинкиси ушул облуста өндүрүлөт. Жылуулук – энергетикалык комплекстин курамы көмүр казып алуу, мунайзатты казып алып кайра иштетүү мазут, бензин жана дизелдик күйүчү майды өндүрүү, жаратылыш газы, электр жана жылуулук энергияларын иштеп чыгуудан турат. Мунайдан алынган продукциялар, электрэнергиясы, өтө чоң көлөмдө республиканын башка аймактарына жөнөтүлөт, ал эми электрэнергиясынын белгилүү бир бөлүгү экспорттолот.

Энергетиканын мындан ары да өнүктүрүүдөн, жылуулук ресурстарын өндүрүүнү көбөйтүүдөн жалпы экономиканын оңолушу, эл чарба комплексинин натыйжалуулугун көтөрүү, калктын жашоо деңгээлинин жогорулашы көз каранды болот. Ошондуктан жылуулук –энергетикалык ресурстарды натыйжалуу өндүрүү маселеси, облустун экономикасынын өнүгүү приоритеттеринин бири катары каралат.

Анализ кылып караганыбызда Жалал Абад облусунун жылуулук – энергетикалык комплесине кирген ишканалардын али деле болсо, экономикалык, финансалык абалы, өндүрүштүк кубаттуулукту пайдалануу деңгээли төмөн, натыйжада жылуулук –энергетикалык сектордогу ишканаларды техникалык жактан кайрадан жабдып чыгууга керектелүүчү финансалык ресурстарды жеткиликтүү деңгээлде түзүүгө мүмкүнчүлүк бербей келүүдө.

Жалал Абад облусунун жылуулук-энергетикалык комплексинде төмөндөгүдөй кыйынчылыктарды чечүү зарыл:

-региондун аймагында турганы менен учурда төмөнкү ишканалардын экономикалык ишмердүүлүгүнүн өнөр жай секторундагы бардык салыктары, жергиликтүү салыктан башкасы, Токтогул ГЭС каскады, ПС ГЭС ишканасы, «Макмалалтын» комбинаты, Терексай кени, «Анбанг», «Жалалабатгаз», «ЖПВЭС», жоопкерчилиги чектелген коом (ЖЧК) «Чаарат», «Вертекс Голд компани», «Джексон ресурс интернационал», «Джексон Централь Азия» ж.б. алтын кен казуучу мекемелер Бишкек шаарына, шаардын салык инспекциясы аркылуу төлөнүүдө. Жалал- Абад облусунун жылуулук-энергетикалык комплексинин ишин жакшыртууга региондук бийликтин таасири мыйзамдуу түрдө өтө аз, облустун аймагында турган менен жылуулук-энергетикалык комплекске (ЖЭК) кирген көп ишканалар түздөн түз республикага баш ийет, кадр, салык, соцалдык камсыздоо ж.б бир топ маселелерди республика чечет, бул жергиликтүү бийликтин айрыкча каржылык жактан кызыкчылыгын азайтат жана ЖЭКтин өнүгүшүнө анын кайдигер мамилесин пайда кылат.

-Энергетика тармагында тармакты менчиктештирүү жана реструктуризациялоону аягына чыгарбоо, ылайыктуу мыйзамдык базалардын жоктугу, рыноктук зарыл механизмдердин иштелбегендиги менен байланышкан маанилүү проблемалар бар. Акыркы жылдарда энергетикалык мекемелердин каржылык абалы жогорулабай, төмөндөп баратат.

-Тоо кендерди казып чыгаруучу тармакта жергиликтүү эл менен венчурдук компаниялардын ортосунда олуттуу түшүнбөстүктөр бар. Анткени кен чыккан жерди иштетүүчүлөр менен жергиликтүү калктын ортосундагы мамиленин толук механизмдери иштелип чыкпаган, венчурдук компаниялар жергиликтүү калктын кызыкчылыгын, суроо-талаптарын эсепке албайт, ошондуктан нааразылыктар келип чыгат. Алтын кенин казып алуучу тармактын проблемасы кенди иштетүүчүлөргө уруксат документтерин берүүдөгү колдонулуп жаткан мыйзамдардын жеткиликтүү иштелбегендиги, жергиликтүү

өзүн-өзү башкаруу органдары менен макулдашылбай иш жүргүзүлүп жаткандыгында болуп жатат.

-жылуулук станцияларынын жабдуулары моралдык да физикалык жактан да эскирди, аларга пайдалануучу импорттук майлоочу майлардын баасы өтө жогору, көп учурда аларды койгон өлкөлөр ортосундагы келишимдер аткарылбай,өндүрүлгөн энергиянын өздүк наркы жогору болуп жатат, пайдаланууда 30-жылдан ашык турган, эскирген технологиялык жабдуулар өтө көп, айрым ишканаларда алардын износу 90-95% га жетип ашып кеткен.

-генератор турган станцияларды, электр энергиясын берүүчү жана бөлүп берүүчү жогорку чыңалуудагы линияларды оңдоого мамлекеттик масштабда инвестицияларды тартпаса бул тармакта жоготуулардын саны көбөйөт, иштин мындан да начарлашына коркунуч туулууда. Натыйжада регион эмес өлкөдөгү экономикалык жана социалдык тармактардын иш аракетине терс таасирин тийгизет.

-мунайгаз өнөр жай ишканаларынын финансалык көрсөткүчтөрү төмөн боюнча калууда. Иштин жүрүшүн татаалдаткан негизги себептер төмөнкүлөр болууда: кыш мезгилинде электр энергиясынын тез тез өчүп турушу, пайдаланылып жаткан мунай жана газ запастарынын табигый азайышы, заманбап техникалык жабдуулар, запастык бөлүктөр, станок качалкалар, трубалар, насостор менен жетиштүү камсыз болбогондук, мунайды көбөйтүп казууга инвесторлордун аз тартылышы.

-1990-жылга салыштырмалуу көмүр казып алуу 10 эсеге азайды, ошол эле мезгилде аны керектөө азыр казып алынган көмүрдүн көлөмүнөн 3 эсеге өстү. Шахталарда финансалык жана материалдык ресурстардын жетишпестигинен өнөр жайлык негизде көмүр казуу жокко эсе, жеке, же топ топ болуп эң жөнөкөй ыкма менен баш аламан казуу көбөйдү, натыйжада техника коопсуздугу сакталбайт, көмүскө экономика күч алууда.

Ушул жогоруда айтылган проблемаларды чечүүнүн жолдорун туура так белгилесек облусубуздун бул тармагы башка тармактарды сүйрөп кете турган кластер болуп каларына шек жок.

ЖЭКтин мүмкүн болгон өнүгүүсүндөгү негизги багыттар болгон секторлор тмөнкүлөр:

**Электроэнергетика.** Республиканын жалпы энергетикалык балансында басымдуу үлүш гидроэнергетикага туура келет, анткени бул өлкөбүздөгү чоң гидроэнергетикалык ресурстарынын (Нарын дарыясынын) бар экендиги менен байланышкан. Өлкөбүздүн гидроэнергетикалык ресурстарынын дүң потенциалы - 142 млрд. кВтч, а.и. техникалык -73 млрд.кВтч, экономикалык -48 млрд.кВтч түзөт. Техникалык жана экономикалык запасы боюнча Кыргызстан КМШ өлкөлөрүнүн ичинде Россия, Таджикистандан кийинки 3- орунду ээлейт. Гидроэнергетикалык ресурстар менен өтө жетиштүү камсыз болгондугубуз, өлкөбүздүн энергетикалык комплексин ылдам өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, 80-жылдары Орто Азияда эң чоң электроэнергиясын өндүрүүчүгө, Борбордук Азиянын бириккен энергосистемасына 50% иштелип чыккан энергияны бөлүп берүүчү өлкөгө айланууга мүмкүнчүлүк берди.

2006-жылдын жыйынтыгы менен ИДПнын курамында электроэнергетиканын үлүшү 3,5-4,0 % ды түзсө, 2010-жылы 3-3,5% ды түзүүдө, себеби электр энергиясын өндүрүү акыркы жылдары (2006-жылы) 14,5 млрд. кВтч болсо 2010-жылы 12,1 млрд.кВтч түзүп 17 % га төмөндөгөн. Ушунун натыйжасында негизги электр энергиясын өндүрүүчү болуп эсептелген Жалал Абад облусунун регионалдык дүң продукциясынын курамында электр энергиясын өндүрүү 2006-жылы 14,6% ды түзсө, 2010-жылы бул көрсөткүч 12,7% ды түзүп, эки пайызга азайган. Кошуна өлкөлөргө экспорттолгон электрэнергиясы 2,5 млрд кВтч тан 1,6 млрд.кВтч ка чейин азайышы да ошол себептен болууда. Жогоруда айтылгандай гидроэнергетиканын 90 % дан ашыгын өндүргөн 5 ГЭС Нарын дарыясынын төмөнкү агымында Жалал Абад облусунун аймагында курулган. Алар биригип жалпы кубаттуулугу 2870 миң кВтч болгон Токтогул ГЭСинин каскадын түзүшөт, а.и.Токтогул ГЭСи - кубаттуулугу 1200 тыс.кВтч, Күрпсай ГЭСи-800, Таш Көмүр-450, Шамалды Сай-240, Үч Коргон-180 тыс кВтч түзөт.

Жылуулук- энергетикалык комплексине энергетика сектору электр энергиядан өндүрүп чыгаруу аларды бөлүштүрүү жана пайдалануусу жагы менен айырмаланат. Айтсак электр энергияны өндүрүү бир сааттын ичинде млн.кВ энергияны иштеп чыгуусу аркылуу өлчөнөт. Төмөндөгү таблицада Кыргызстан боюнча өндүрүлгөн электр энергия жана анын ичинде Жалал-Абад облусунда өндүрүлгөн үлүшү көрсөтүлөт. (таблица 3.1)

**Таблица 3.1-Өндүрүлгөн электр энергиясынын көлөмү млн, кВтч.**

| Субьекттин аталышы | 2007 ж | 2008ж | 2009ж | 2010ж | 2011ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы боюнча | 14830,4 | 11789,1 | 11083,2 | 12062,9 | 15158,0 |
| Жалал Абад облус боюнча | 13771,4 | 10516,2 | 9781,6 | 10923,4 | 13977,0 |
| Жалал Абад обл салыштырма салмагы % | 92,8 | 89,2 | 88,2 | 90,5 | 92,2 |

Маалымат булагы: УСК жыйнактар, ”Промышленность КР за 2007-2011гг.”,.”КР жана региондору”

Таблицадагы сандар көрсөткөндөй электр энергияны өндүрүүдө Жалал-Абад облусунун үлүшү республиканын деңгээлинин 92 пайызынан көбүрөөгүн түзөт. Электр энергияны өндүрүүдө бир топ гидроэлектр станциялары жана чакан ГЭСтерди айтсак болот. Алардын ичинен эң ириси болуп Токтогул ГЭС эсептелет.

Токтогул ГЭСинин каскады тарабынан иштелип чыккан электроэнергия жалаң эле облустун керектөөчүлөрүн камсыз кылбастан, ЛЭП-500 кВ аркылуу Фрунзе атындагы керектөө станциясына түшүп Кыргызстандын түндүгүн камсыздайт жана кошуна Өзбекстан, Казахстан ж.б өлкөлөргө жылына 1,6-2,0 млрд кВтч электр энергиясы экспорттолот.

Токтогул ГЭСинин каскады менен өлкобүздүн түндүгүн бириктирген узундугу 170 км келген электр магистралы Тянь-Шань тоо кыркалары аркылуу деңиз деңгээлинен 2300-3500 метр бийиктиктен өтөт. Тоолуу аймактын

шамалы жана кышындагы электр магистралындагы муздардын тоңушу бул магистралды оң кармоо абалына өтө чоң коркунучту түзөт, аварийлык абалдардын болушун шарттайт. Бул электр магистралынын оң кармоо абалынан өлкөбүздүн түндүгүнө ишенимдүү энергия менен камсыз кылуу маселеси көз каранды. Курулганына 30-35 жыл болуп калган бул магистралдын техникалык абалын жакшыртуу жана Орто Азиянын көп өлкөлөрүнүн Борбордук Азиянын бириккен энергосистемасынан чыгуу боюнча аракеттери, “Национальная электрическая сеть” ААКу ишканасынын алдына чоң проблемаларды коюуп жатат.

Айта кете турган бир сөз энергетика тармагында атаандашуучулук чөйрөсүн түзүү, чет өлкөлүк ири ири инвесторлорду тартуу, тармактын финансалык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында жана жалпы энергетика тармагынын ичиндеги адистешкен, аткарган иштери окшош бөлүктөрдү бириктирип, финансалык жана башкаруудагы, өз алдынчалыгын көтөрүү багытында мурунку АК “Кыргызэнергону” реструктуризациялоо жүргүзүлгөн. Азыркы мезгилде АК “Кыргызэнергонун” базасында ар биринде мамлекеттик үлүшү 80,49 % ды түзгөн төмөндөгүдөй ачык акционердик коомдор (ААК) түзүлгөн: ААК “Электрические станции”электр жана жылуулук энергиясын иштеп чыгуу боюнча; ААК “Национальная электрическая сеть Кыргызстана” электр энергиясын жогорку чыңалуудагы электр линиялары аркылуу берүү; ААК “Северэлектро”,”Востокэлектро”, ”Ошэлектро”, ”Жалалабадэлектро”; ААК “Бишкектеплосеть” электр жана жылуулук энергиясын керектөөчүлөргө бөлүп берүү үчүн;

Азыркы күндө бул ачык акционердик коомдор аларды реструктуризация жүргүзүүдөгү коюлган жакшы милдеттерин толугу менен аткара албай жатышат. Финансыны бөлүштүрүүдөгү кыйынчылыктар, ар ким “өз көмөчүнө күл тартмай”, бирдиктүү максаттын жоктугу жалпы тармактын ишине да кедергисин тийгизүүдө. Башкаруудагы бул кемчиликтерди чечүү да негизги проблемалардын бири болуп олтурат.

Жай мезгилине салыштырмалуу кышында электрэнергиясын жоготуу 3,5 эсеге, түндө күнгө салыштырмалуу 2 эсеге көп болот. Республикада техникалык жоготуу 20-22% ды түзсө бул көрсөткүч өнүккөн өлкөлөрдө 8 % дан ашык болбойт. Мындай кубулуштарды электр энергияны өндүрүү, бөлүштүрүү жана пайдалануу балансы аркылуу билсе да болот (таблица 3.2).

**Таблица 3.2-Кыргыз Республикасынын электробалансы**

(миллион киловатт-саат)

| | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 |
|---|---|---|---|---|---|
| Өндүрүлгөн элек. энергиясы | 14830,4 | 11789,1 | 11083,2 | 12062,9 | 15158,0 |
| Респ.сыртынан алынды[1] | 0,2 | 6,9[1] | - | 76,3[1] | 6,6 |
| Керектелген элек.энергиясы | 12451,3 | 11244,1 | 10049,4 | 10503,8 | 12370,4 |
| өнөр жайда | 4293,4 | 4106,0 | 3939,2 | 4152,1 | 4898,6 |
| айыл чарбада | 1841,8 | 1677,0 | 1734,0 | 1718,2 | 2138,8 |
| транспортто | 66,4 | 57,6 | 50,9 | 51,5 | 57,8 |
| курулушта | 66,2 | 55,1 | 43,9 | 39,3 | 65,5 |
| социалд. чөйрө мекем-де | 1601,5 | 1655,3 | 1531,2 | 1516,3 | 2135,2 |
| Жалпы жоготуулар | 4582,0 | 3693,0 | 2750,2 | 3026,4 | 3074,5 |
| Салыш, салмагы % | 30,9 | 31,1 | 24,8 | 25 | 20,3 |
| Респ.сыртына берилди | 2379,2 | 552,0 | 1033,8 | 1635,4 | 2794,2 |
| Сал.салмагы % | 16,0 | 4,6 | 9,2 | 13,5 | 18,4 |

Маалымат булагы:УСК жыйнактар, ”Промышленность КР за 2007-2011гг.“

Электр энергиясын керектөөлөрдүн үлүшү социалдык чөйрөдөгү мекемелерде, жана күндөлүк турмуш тиричиликтик керектөөлөрдө күн санап өсүүдө. Электоэнергияны колдонуунун күн санап өсүшү, Республиканын электросеттеринин нормадан 15-20% га ашыкча жүктөлүшүнө алып келди. Булар да тез арада чечүүнү камсыз кылган көйгөйлүү маселелер.

Эгерде 1990-1991-жылдары күзгү-кышкы мезгилде электр энергиясынын 53 % колдонулса, 1999-жылдан бери бул көрсөткүч 70-80% га жетип олтурат. Ушундай шартта Токтогул суу сактагычынын иш режими 1992-жылдан баштап суугаруу режиминен, энергетикалык режимге багыт алды. Кыргызстанда бир

абонентке орточо бир айда 250 кВт/саат электроэнергия колдонууга жетишилип, бул көрсөткүч мындан да өсүү тенденциясына ээ. Айрым региондордо бул деңгээл бир абонентке 450 кВт/саатты түзүп, орточо бир айда 300 кВт/саат электроэнергия колдонгон өнүккөн Англия өлкөсүнөн ашып кетип жатат.

Акыркы жылдардагы Токтогул суу сактагычынын иштөө режиминин энергетикалык багытка өзгөрүлүшү, сугарууга жана Арал деңизи үчүн керектүү болгон суунун курч жетишпестигине алып келди. Кышкысын берилген суу Өзбекстан Республикасынын Чардарыя, Кайракум суу сактагычтарында сакталган менен суу жер түбүнө кетип бүтүндөй бир айылдарды, шаарларды жер тубүнөн суу каптап калуу коркунучу болуп, суу пайдаланылбаган вегатациондук эмес мезгилден башка мезгилде барган суулар Арзамас ойдуңуна койо берилип жатат. Бул коё берилген суулар Сырдарыя менен Амударыясынын суу баланстарын толтура албаган кайтарымсыз кеткен суу запастары болуп эсептелинет. Сырдарыянын төмөнкү агымындагы жерлердин суу менен аз камсыз болушу ошол аймактын чарбалык, социалдык-экономикалык, экологиялык жана санитардык-эпидемиологиялык кырдаалын тез төмөндөтүп жиберүүгө шарт түзүүдө.

Ар бир ушундай көйгөйлүү маселелер Борбордук Азиядагы ар бир мамлекеттин улуттук кызыкчылыктарына тиет жана анын жаралуу жерин козгойт. Буларды чечүү үчүн Арал деңизинин бассейниндеги мамлекеттердин ортосунда бардык тараптар үчүн ыңгайлуу, талашсыз чечүүнү камсыз кылуучу экономикалык жана укуктук-нормативдик негиздерин иштеп чыгуу, түзүү максатка ылайыктуу болот.

Борбордук Азиядагы мамлекеттердин кызматташтыгынын негизи, бул региондогу суу жана энергетикалык ресурстарды келечек муундарга сапаттуу калтыруу үчүн рационалдуу пайдаланууну камсыз кылуу болуп саналат. Ушул маселелер боюнча региондогу кызматташтыктын натыйжалуулугу көп учурда Борбордук Азиядагы бардык мамлекеттердин суу жана энергия менен

камсыздоо тармагында эң чоң жагымдуу режим сунуштоого жана аны аткарууга даяр экендигинде турат.

Келечекте жаңы кубаттулуктарды ишке киргизмейинче Кыргыз Республикасы электр энергиясын экспортточу катардан, импорт кылуучу катарга түшүп калуу коркунучу туруп жатат. Гидроэнергетикалык жаңы кубаттуулуктардын Кыргызстанда жана Таджикистанда курулушу аларда энергетикалык ресурстарды иштеп чыгууну кардиналдуу көбөйтүүгө алып келгени менен, суу керектөөчү өлкөлөрдө жай мезгилинде эгин суугарууга суудун жетишпестигине, кышында айыл чарбасына жарактуу жерлерди суу каптоого алып келет. Бул өз мезгилинде суу керектөөчү өлкөлөрдүн айыл чарбасына ири өлчөмдө зыян келтирип, алардын азык түлүк коопсуздугуна коркунуч туудурары шексиз. Жогоруда белгилегендей Борбордук Азиядагы суу-энергетика маселесиндеги талаш тартыш, региондогу эң бийик жаңжалдуу талаш тартыш деп эсептелинет жана күн тартибинде турат.

Ошондуктан бул маселеде чет өлкөлүк а.и. европалык инвестициянын катышы, тартылышы азырынча мүмкүн эмес. Бул багытта Кызматташуунун Шанхай Уюмуна кирген мамлекеттерден өзгөчө Россиядан гана жардам күтүүгө болот.

Ал эми жогорудагы көйгөйлөрдү тезирээк чечүү максатында облустун аймагындагы энергокомпаниялардын алдына акыркы үч жылда өздөрүнүн натыйжалуулугун комплекстүү чараларды колдонуп көтөрүү үчүн төмөндөгү милдеттер коюлду:

-электроэнергетикалык системадагы коррупцияны, уурдоону, жоготууну төмөндөтүү;

-ремонттук-техникалык иштерди экономдуу, үнөмдүү жүргүзүү;

-иштеп жаткан персоналдын санын жана эмгек акысын оптималдаштыруу;

-сырье жана материалдарды пайдаланууну иреттештирүү;

-профилдик эмес бизнестен жана пайдалуу эмес активден ажыратылуу;

-электроэнергиянын жоготуусун төмөндөтүү үчүн катуу саясат жүргүзүү зарыл, тактап айтканда техникалык жоготуунун нормасын 12-15% ке, коммерциялык жоготууну 3% ке жеткирүү, электрэнергиясы үчүн төлөмдөрдүн жыйынын акчалай формада 98-100% ке жеткирүү;

-облустун аймагында чакан ГЭСтерди куруу мүмкүнчүлүгүн пайдалануу;

**Көмүр өнөр жайы.** Жалал Абад облусунда 1990-жылы статистикалык маалыматтар боюнча 1,0 млн. тоннага барабар көмүр өндүрүлсө, акыркы жылдары жылына 40-50 миң тонна көмүр өндүрүлүп, 25 эсеге чейин төмөндөп кеткен.Көмүр казган ишканалардын көбү банкрот болушту, айрымдары оор финансалык абалда турушат, көбүнчөсү эски жабдууларды колдонушат, ошого ылайык казып алуунун, сорттоонун жана ташуунун эски технологиясы пайдаланылат. Мындан сырткары көмүр казып алуунун топ топ болгон, кустардык, кол күчү менен казып алуу ыкмасы күн санап орун алып баратат. Бул көмүр казган точкаларда жөнөкөй техника коопсуздугу сакталбайт, облус боюнча ар жылы техника коопсуздугу сакталбагандыктан 3-4 адам көмүр казууда каза болуп калышууда.

Көмүр өндүрүүнүн азайып кетишинин негизги себептери төмөндөгүлөр:

-Темир же автожол аркылуу керектөөчүлөргө ташып жеткирүүдөгү жол киренин өтө жогору экендиги жана анын күн санап өсүп жаткандыгына байланыштуу Борбордук Азия мамлекеттеринин энергетика базарында жана Республиканын түндүгүндө кыргыз көмүрүнө болгон суроо талаптын кыскарышы; Экономика жана тышкы соода министрлигинин маалыматына ылайык Таш Көмүр же Көк Жаңгактан Бишкек ТЭЦине бир тонна көмүрдү темир жол аркылуу жеткирүүнүн жол киреси 37-40 Америка долларына барабар болгон, бул албетте Казакстандан алып келгенге салыштырмалуу кыйлага кымбатка турат.

-мурунку шахтадагы жабдуулар эбак эле моралдык жана физикалык износ болуп бүткөн. Көмүр казып алуучу жаңы эч кандай жабдуу алып келинбеген, жаңы технологиялар колдонулбай жатат.

-Айланма каражаттын аздыгы, коммерциялык банктардагы пайыздык үстөктүн жогору болушу, мамлекеттик колдоонун жоктугу, көмүр өнөр жайынын ишканаларынын модернизациялоого финансалык каражаттар табылбай, инвесторлор жокко эсе болууда.

Эгерде 1990-жылга салыштырмалуу, 2000-жылдары өздөрүнүн өндүрүштүк кубаттуулугун облустагы көмүр өндурүүчү ишканалар ГАО “Көк Жаңгак” -2,6%, ГАО “Ташкумыр”-10,7%, ОсОО ”Тегене”-75 %, шахта “Курган-Таш”-9,7% га пайдаланышып бир аз болсо да иштеп жаткан болсо, 2011-жылга ири ишканалардан ОАО “Ташкумыр”, ОсОО ”Тегене” гана калып статистикалык учетто турушат, калгандары жоюлуп кетишти. Жаңы ЗАО “Юнайтед Гол Компани” ишканасы пайда болду. 2011-жылдын жыйынтыгы менен ОАО “Ташкумыр”-7,5 миң тонна, ОсОО ”Тегене”-30 миң тонна, ЗАО “Юнайтед Гол Компани”-4,5 миң тонна көмүр өндүрүштү. Облуста көмүр казууга адистештирилген жогорудагы ишканалардан сырткары чакан жана жардамчы ишканалар, жеке ишкерлердин эсебинен-13,4 миң тонна көмүр казылып алынып 2011-жылы жалпысы 53,4 миң тонна, акыркы үч жылда орточо 50,0 миң тоннадан көмүр казылып алынууда. Бул деген сөз акыркы жылдары жогорудагы түрдүү себептердин таасиринен 1990-жылы көмүр казууда иштеген ишканалардын өндүрүш көлөмүнүн 3,3 % гана камсыз кылып жатабыз дегенди билдирет, анткени 1990-жылы облус боюнча 1507,0 миң тонна көмүр казылып алынган болчу жана жалпысы 3400 адам эмгектенген .Башкасын эсепке албаганда да көмүр казып алууну 1990-жылкы деңгээлге чыгара алсак 3 миңдеген жумушчу орундар түзүлүп, ири суммадагы салыктар казынага түшөрү бышык.

Өнөр жай жана энергетикалык керектөөдөн алып караганда көмүр бул чын эле- кара алтын. Азыркы мезгилдеги Республикабыздын туш болуп турган экономикалык жана геосаясий шарттарын, энергия алып жүрүүчүлөргө болгон рыноктук бааларды, көмүрдөн бир нече товардык продукцияларды өндүрүп алууга боло турганын эсепке алганда көмүр Кыргызстан үчүн жаратылыштын бизге берген теңдеши жок белеги жана стратегиялык сырье болуп эсептелинет.

Жалпы запасы 1 млрд.345 млн.тонна болгон Кыргызстанда 70 жерде изилденген көмүрдүн кени бар, ошонун ичинде биздин облуста жалпы запасы 260 млн тоннага жеткен Фергана өрөөнүнүн чыгыш, Фергана тоо кыркаларынын батыш жагындагы Көк Жаңгак көмүр бассейни жана Түндүк Фергана көмүр бассейни Майлусуудан Аркытка чейин орун алып бул жерде 7 көмүр кени ачылган. Булардан Таш -Көмүр, Кара- Тыт, Тегене кендери жакшы изилденген.

Жалал Абад облусунун көмүр өнөр жайын өнүктүрүү үчүн Борбордук Азиянын энергетикалык рыногунда жана Кыргызстандын ичинде сатыла турган көмүрдүн сапатын жакшыртуу жана атаандашууга жөндөмдүүлүгүн көтөрүү боюнча комплекстүү иш чара иштеп чыгуу талап кылынат. Ал үчүн энергетикалык рынокто кандай маркадагы көмүргө канча көлөмдө суроо талап бар, анын күлү канча % чыгат, нымдуулугу, каллориялуулугу, сорттуудан жана катардагы көмүрдөн канча талап кылынат, майдасы канча ж.б. аныктап чыгуу зарыл. Көмүрдү керектөөчүлөр жана өндүрүүчүлөрдүн ортосунда көп жылга аныкталган келишимдер түзүлүшү керек.

Көмүрдүн сапатын жана атаандашууга жөндөмдүүлүгүн башка региондордогу көмүр казуучу ишканалардан жогору кармоо, көмүрдү казуу, ташуу, сорттоодогу кеткен каражаттарды азайтуу сатылуучу көмүрдүн баасын суроо талапка дал келтирүү, көмүр саткан шахталардын, разрездердин абройун көтөрөт, сатып алуучуларды өзүнө тартат, натыйжада облустун көмүр өнөр жайын андан ары өнүктүрүү шарт түзүлөт.

**Мунайгаз өнөр жайы.** Жалал Абад облусунда өндүрүлгөн (казып алынган) жылуулук-энергетикалык ресурстардын курамында шарттуу отунга которгондо мунайзаттын үлүшү 1,5-2%, ошого ылайык жаратылыш газынын үлүшү 0,5% га барабар болот. Жалпы республикадагы мунайды кайра иштетүүдөн алынуучу продукциялардан, облустагы мунайды кайра иштетүүчү ишканалар тарабынан, жагылуучу мазуттун 99%, 98% дизелдик отундун, автоунаалардын бензинин-87% зы өндүрүлөт.

Жалпы республика боюнча керектелүүчү газ, мунай жана мунайды кайра иштетүүдөн алынуучу продукциялардан, Жалал Абад облусунан казып алынган энергетикалык ресурстардын салыштырма салмагы же жалпы керектөөдөн мунайдын-55% , жаратылыш газынын-4,5%, дизелдик отундун -25%, автоунаа бензинин-28%, жагылуучу мазуттун-35%, Жалал Абад регионунан өндүрүлөт.

Облустагы жылуулук –энергетикалык комплекстин ушул секторунун абалы (ишинин натыйжалуулугу, ресурстук жана өндүрүштүк потенциялды пайдалануу)- белгилүү деңгээлде республиканын жылуулук –энергетикалык балансынын курамын түзүүгө, б.а. бул өтө керектүү делген отун ресурстарына болгон суроо талаптарды жабууга, транспорттун, өнөр жайдын, айыл чарбасынын, социалдык сферадагы обьекттердин туруктуу иштешине жетишүүгө жана калктын күн санап өсүп бараткан суроо-талаптарын, керектөөлөрүн камсыз кылууга өз таасирин тийгизет.

Бирок мунайгаз тармагынын абалы бүгүнкү күндө өтө татаал боюнча кала берүүдө, анткени мунай менен газ чыккан жерлерде запастардын табихый түгөнүшү жүз берүүдө, казып алууда моралдык жана физикалык жактан эскирген технологиялык жабдуулар колдонулууда, запастык бөлүктөр, станок-терметкичтер, трубалардын насостору жетишпейт. Ишкананын мунайгаз казуучу ишканаларды техникалык жактан кайра куралдандырууга, мунайгаздын запасын дагы көбүрөөк казып алууга жетишүү үчүн геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө инвестиция тартууга мүмкүнчүлүктөрү өтө чектелген, эгер ушулар баардыгы оң жагынан чечилгенде экономиканын бул сектору финансы жагынан оңолмок, мунай жана газды сатып алуунун көлөмү көбөйөт эле.Азыркы мезгилдеги чалгындалган ресурстук потенциялы өтө чектелүү;

Республикабызда мунайгаз чыгуучу жайлар негизинен Фергана мунайгаз бассейнинен казып алынат, эгерде 2011-жылы чийки мунай казып алуу Кыргызстан боюнча 90,3 миң тонна болсо а.и. 75,0 миң тоннасы, газ Кыргызстан боюнча 26,5 млн.$м^3$ болсо анын баары Жалал Абад облусунун аймагынан казылып алынды. Бирок Республиканын чийки мунайга болгон

керектөөсү 1,5 млн тоннаны түзсө, керектөөнүн 6 % зын, газга болгон керектөөсү 750 млн.м$^3$ түзсө, керектөөнүн 3,3 % зын гана камсыз кыла алабыз. Кыргыз Республикасында келечекте мунай жана газдын запасы бар деп изилденген жалпы аянт 22,3 миң.км$^2$ түзсө а.и. 5 миң км$^2$ жакшы изилденген Фергана өрөөнүнө а.и.Жалал Абад облусунун аймагына туура келет.

Фергана өрөөнүн аймагында мунайгаздын 51% запасы изилденген жана өздөштүрүлгөн. Бул жерде мунай менен газдын болжол менен 145 тен 260 млн. т. чейин запасы бар. Казылып алынып жаткандан бери бул жерден 01.01.2011-жылга чейин 11,4 млн.т. жакын мунай, 7,4 млрд.м$^3$ жакын газ казылып алынды.

Негизинен бул жерде мунайды казып алуу, издөө, геологиялык-чалгындоо иштерин “Кыргызнефтегаз” Акционердик коому жүргүзөт. Мындан сырткары Мамлекеттик геология жана минералдык ресурстар боюнча агенттиги, ”Кадима Петролеум”, ”КНГ Гидрокарбонс”, Жибек Гидрокарбонс”, ”Тестоник”, ”Таргет-Уан”, Россиянын “Газпром” ишканасы жана башка биргелешкен ишканалар, инвестициялык компаниялар жүргүзүшөт.

Кыргыз Республикасы керектүү болгон мунай продуктыларынын жана чийки мунайдын 90 % импорт кылып чет өлкөлөрдөн алып келет. Аларды өндүрүү үчүн ар жылы 100-120 млн. Америка доллары сарпталат. Республиканын мунайгаз казып алуучу тармагынын алдында мүмкүн болушунча мунай продуктыларын импорттону кыскартуу ошону менен республиканын сырттан келүүчү мунай продуктыларына болгон көз карандылыгын азайтуу маселеси турат.

“Кыргызнефтегаз” акционердик коомунун балансында өнөр жай категориясындагы мунайдын 89,5 млн. т. (а.и. 11,4 млн.т. алына турган), газдын 4,9 млрд.м$^3$ калдык запасына ээ болгон 15 кен чыккан жери турат.

“Кыргызнефтегаз” АКу азыркы мезгилде 7 мунай кени чыккан жерди иштетет анын ичинен бешөөсү Жалал Абад облусунун, экөөсү Баткен облусунун аймагында жайланышып казылып алынуучу запасы 11481,0 миң.т. мунайды түзөт. Бул кен казып алуучу жайлар 50-жылдарда ачылган, акыркысы

(Бешкент Тогап) 1974-жылда ачылып, иштетүүнүн акыркы стадиясында турат. Жер астындагы пласттык басымдын, мунайдын запасынын жана скважиналардын фондунун катардан чыгуу аркылуу санынын азайышынын эсебинен скважиналарда чыккан дебиттин көлөмү азайып, жалпы казылып алынып жаткан мунайзаттын көлөмү жыл сайын төмөндөп бара жатат. Эгерде 1990-жылы бир скважинанын орточо бир күндүк дебити (казылып алынган мунайдын көлөмү) 1,0 т. түзүп, 472 иштеп жаткан скважиналар боло турган болсо, азыркы күндө бир скважинанын орточо бир күндүк дебити 0,6 т. түзөт жана иштеп жаткан скважиналардын саны 320 барабар болуп калды. Казылып алынып жаткан мунайзаттын динамикасы көрсөтүп тургандай 1991-жылы 142 миң. т. мунай казылып алынса 1993- жылы 87 миң .т. чейин түшүп кетти. 1993-1997- жылдары мунай казып алуунун деңгээли 85-87 миң т. түзүп бир аз турукташууга жетишилди. Анткени ушул жылдары америкалык фирма "Ацтек-Талас", андан кийин Канадалык "Кыргойл" фирмасынын инвестицияларын тартууга туура келди. Мунай казып алуунун жолдорун интенсификациялоо аркылуу (пласттарды суу менен жаруу) жалпысы 30 миң т.мунай кошумча казып алынып турду бирок, интенсивдештирүүнүн айрым методдорун көп кайталап колдонгондуктан күтүлгөн натыйжа бербестен ар жылы жалпы скважиналардан казылып алынуучу мунайдын табихый дебити 5 миң т. азайып бара жатат.

Ушундай кырдаалда мунай казып алуунун көлөмүн көбөйтүүнүн бирден бир жолу пайдалануучу скважиналарды жетиштүү санда көбөйтүү болуп саналат, албетте бул үчүн кошумча инвестиция керек. Азыркы мезгилде 2500 метр терендикте мунай казуучу үч бургулоочу станок, 5000 метр терендикте мунай казуучу беш бургулоочу станок бар. Станоктор норматив боюнча 7-8 жыл кызмат кылыш керек болсо азыр 14-15 жыл кызмат кылып коюшту. Ар жылы кошумча бургулоо жүргүзүү үчүн 210 млн сомдон каражат керек болот, алар бургулоого кеткен кошумча каражаттар, бургулоо станокторуна жана мунай өнөр жайына керектүү жаңы жабдууларды алууга жумшалат. Ушул каражаттардын ордун толтуруу үчүн акыркы жылдары кытайлык ОсОО "И

Ян Индастари Компани" ,ЗАО "Тен И" компаниялары кошумча скважиналарды айрыкча жердин тереңинде горизонталдык казуу жолдорун өздөштүрүп кошумча 13-15 миң т. мунай казып алууга жетишкенин кошсок болот. Россиялык АО "Газпром " ишканасынын эсебинен ири көлөмдөгү инвестицияларды тартуу боюнча эки өлкөнүн ортосундагы түзүлүп жаткан келишимдерге таянып Жалал Абад облусунда мунай казуунун көлөмү жакынкы жылдарда 190 миң т. жетет деген ишеничти айтса болот.

Кыргызстанда газдын кени чыккан жерлер да бар. АО "Кыргызнефтегаз" ишканасы менен мындай кен чыккан жерлер 1960-1986-жылдарда ачылып, пайдалануунун акыркы стадияларында турушат. Эң көп газ казып алуу 1973-жылы камсыздалып 394 млн.м$^3$ түзгөн. Ошол мезгилден бери газ казып алуунун көлөмү, жер алдындагы запастын, пластагы басымдын азайышынан, жыл сайын азайып 2000-жылы 32,2 млн.м$^3$ газ алынса, 2012- жылы 28,5 млн м$^3$ түзүп олтурат. (таблица 3.3)

**Таблица 3,3- Мунайзат жана газ продукцияларын Кыргызстанда жана Жалал Абад облусунда өндүрүлүшү.**

| | | 2000 | 2001 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Чийки мунай миң.т | Республика | 77,1 | 75,5 | 70,9 | 68,5 | 71,0 | 77,3 | 82,8 | 78.9 |
| | Жал-Абад | 77,1 | 75,5 | 70,9 | 68,5 | 71,0 | 77,3 | 67.6 | 68.9 |
| Жаратылыш газы млн. м 3 | Республика | 32,2 | 32,8 | 19,4 | 15,0 | 17,4 | 15,4 | 22,8 | 28.5 |
| | Жал-Абад | 32,2 | 32,8 | 19,4 | 15,0 | 17,4 | 15,4 | 22,8 | 28.5 |
| Бензин ,миң.т. | Республика | 61,9 | 47,8 | 9,8 | 13,6 | 12,8 | 9,9 | 15,3 | 10.5 |
| | Жал-Абад | 53,1 | 43,7 | 8,5 | 11,4 | 11,2 | 8,4 | 11,1 | 9.8 |
| Дизель майы, миң. т | Республика | 34,0 | 43,4 | 31,3 | 51,5 | 59,9 | 47,9 | 38,1 | 30.5 |
| | Жал-Абад | 34,0 | 43,4 | 31,3 | 51,5 | 59,9 | 47,9 | 37,7 | 30.5 |
| Мазут , миң. т | Республика | 44,9 | 39,8 | 42,1 | 55,5 | 58,9 | 39,0 | 43,7 | 39.2 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жал-Абад | 44,9 | 39,8 | 42,1 | 55,5 | 58,9 | 39,0 | 43,7 | 39.1 |

Маалымат булагы: УСК жыйнактар, ”Промышленность КР за 2007-2011“, ”КР анын региондору”.

Статистика көрсөткөндөй акыркы жылдары Республиканын мунайзат жана газ продукцияларын өндүрүү боюнча көлөмдөрү (таблица 3.3) Жалал Абад облусу менен бирдей болуп калды бул деген сөз Кыргызстандагы бул баалуу заттарды кайра иштетүү, өндүрүү негизинен Жалал Абад облусундагы ишканалар аркылуу жүргүзүлөт дегенди билдирет.

Азыркы мезгилдеги өлкөбүздөгү мунай продуктуларына болгон керектөөлөрдү өзүбүздөн чыккан мунайдан алынган продуктылар; бензин -10-12 %, дизелдик май-29-30 %, жана мазут менен- 60% га чейин гана камсыздай алабыз.

Эгерде Россияда, бир скважинадан суткасына 4-5 т. чийки мунай алынса ал скважинаны рентабелдүү эмес деп жаап коюшат, ал эми бизде орточо суткалык дебити 0,6 т. болсо иштетип жатабыз. Бизде көлөмү анчалык көп эмес мунайзат казылып алынганы менен аны казып алуу, скважиналарды кармоо, пайдаланууга өтө көп каражат талап кылынат же ар жылы ушул максатка 30,0 млн сомдон кем эмес сумма сарпталат.

Скважиналык жабдууларга жана атайын материалдарга болгон баанын өсүшүнөн 117 скважина токтоп жана дагы 100-110 кайрадан оңдолуу стадиясында турат. Эскилиги жеткен жабдуулар, эскирген мунай жүгүрүүчү түтүктөр жана сакталуучу сыйымдуулуктарды колдонуп алынган мунайды кайра иштетүүнүн натыйжалуулугу өтө төмөн болору, мунайды кайра иштетүү өнөр жайында мурдатан белгилүү жана бул проблема биздин облусубуздун бул тармагында көптөн бери пайда болуп келе жатат.

Мунун баары өлкөбүздүн күйүүчү майлоочу майларга болгон керектөөсүн камсыз кылууга терс таасирин тийгизет, импорт катары сатып алганга күн санап күйүүчү майларга болгон дүйнөлүк баанын өсүшү, биздин экономикалык жактан жардылыгыбыз жол бербейт. Азыркы учурда чийки

мунайдын бир баррелинин баасы 140-160 америка долларына барабар болуп калды. Дүйнөлүк эксперттер чийки мунайга болгон баа чексиз болуп өсө бериши мүмкүн эмес, бирок азыркы учурда анын төмөндөшү же турукташына жүйөлүү себептер жок болуп жатат деп эсептешет.

Азыркы учурда Кыргыз рыногу Россиялык ОсОО "Газпром нефт Азия" ишканасы аркылуу сапаттуу жана салыштырмалуу арзан мунайзат продуктыларын алышып, чекене соода жүргүзүүгө туруктуу запас менен камсыз болууда. Бирок мунайзат продуктыларына болгон сатуу баасы өсө берет, эртедир кечтир дүйнөлүк баага барып теңелет. Күйүүчү майларга болгон баанын дүйнөлүк баага теңелиши ишкана мекемелердин жана үй-бүлөлөрдүн бюджетине өтө катуу сокку урат. Дүйнөлүк баа жакынкы күндөрдө биздин республикага да келет, көп керектөөчүлөрдүн буга финансалык жактан мүмкүнчүлүгү жетпейт, ал эми бул өз кезегинде өндүрүштүн натыйжалуулугуна, жалпы өлкөнүн экономикасына терс таасирин тийгизет. Күйүүчү майлар боюнча Кыргызстан Россиядан толук көз каранды анткени, күйүүчү майлардын 90 % Россиядан ташылып келинүүдө.

Мына ушундай кырдаалда, ушундай абалдан чыгуунун эң жакшы жолу- жер астындагы мунайдын жана газдын болгон запасын ишке түшүрүү үчүн аракет кылуу керек. Ал максатты ишке ашыруу үчүн "Кыргызнефтегаз" АКун толук активи менен жана мунайгаз чыккан жерлерди Россиянын Газпромунун инвестициялык милдеттенмесин алып туруп аларга өткөрүп берүү маселесин тез арада толук чечүү керек. Бул өз кезегинде мунайзат продукцияларын жана газды өндүрүүнү көбөйтөт, республикабыздын башка өлкөлөрдөн күйүүчү майларга болгон көз карандылыгын азайтат.

Казып алынуучу мунай менен газдын көлөмүн көбөйтүү үчүн издөө- чалгындоо иштерин жургүзүү зарыл. Бул багытта ЗАО "Текстоник" ишканасы чалгындоо иштерин жүргүзүүдө, өздөру тапкан мунай кенинен биринчи скважинаны ишке салуу мүмкүнчүлүгу да берилген. Мындан сырткары Россиянын "Газпрому" менен Кыргыз Өкмөтүнүн ортосунда геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү боюнча биргелешкен ишкана түзүү жөнүндө

2007-жылдын 14 майында келишим түзүлгон. Бул максатта чалгындоо иштерин аткаруу үчүн эки инвестициялык участоктор белгиленген эле, алар Кугарт жана Восточный Майлусуу-4. Алардын максаты бул жерде канчалык деңгээлде мунайдын газдын запасы бар аныктоо жана аларды ачып ишке киргизүү. Айтылган келишимдер ишке ашып калса өлкөбүздүн экономикасына калкына керектүү мунай жана газ менен камсыз кылууга турукташтырылган шарттар түзүлөр эле. Ал эми бизде негизги казуучулар болуп ”Кыргызнефтегаз” АКу, ЗАО “Ансбанг” (Кытай) ж.б. жогоруда аталган ишканалар эсептелишет.

”Кыргызнефтегаз” АКу Баткен районунун Кадамжай районундагы мурун Өзбекстан пайдаланып келген Северный Риштан, Сарыкамыш, Чаур-Яркутан кен чыккан жерлердеги скважиналарды калыбына келтирүү үчүн да иштерди жүргүзүштү. Бул кымбатка турган калыбына келтирүү иштерин жүргузүүнүн негизги себептери кайрадан иштеткенде канча продукцияларды алабыз, кендин запасы канча, ошону билүү болуп саналат. Эгерде калыбына келтирүү иштери оң натыйжа берсе мунайдын запасы көбүрөөк аныкталса, келечекте ошол жерден чыккан мунайды Жалал Абад облусуна ташыбай Баткен облусунда кайра иштетүү маселесин кошо чечүү зарыл.

Жалал Абад шаарында жайгашкан мунайды кайра иштетүүчү биргелешкен “Кыргыз Петролеум Компани” заводу бир жылда 500 миң т. сырьену кайра иштетүүгө ыңгайланышкан кубаттуулуктагы ишкана болуп саналат, бирок өлкөдө казылган мунайды жана ташылып келген газконденсатын кошуп эсепке алганда кубаттуулугунун 16 % гана пайдаланууда. Өлкөнүн 2010-жылга чейинки өнүгүү программасында ”Кыргызнефтегаз” АКунда бир жылда мунай казып алууну 226 миң тоннага жеткирүү пландаштырылган эле тилекке каршы, бул ойлор азырынча ишке ашпай келе жатат.

Мунайды кайра иштетүүчү биргелешкен “Кыргыз Петролеум Компани” заводу ”Кыргызнефтегаз” АКунун балансына өткөндүктөн анын өндурүшүн андан ары улап, мунайды тереңдетилген кайра иштетүүчү комплексти, 92 маркасындагы бензинди чыгаруучу, мазутту кайра иштетүүчү установканы

инвесторлордун эсебинен куруунун мүмкүнчүлүктөрү бар, ошол эле мезгилде завод Жалал Абад шаары үчүн экологиялык жактан зыян алып келе турган абалдан чыгаруу проектисин кошуп, жогорудагы проекттердин үстүнөн иштөөгө облустук бийликтин , Республикалык бийликтин, ”Кыргызнефтегаз” АКунун алдында бир топ милдеттер турат.

Өзбекстан өлкөсүнөн алынган көгүлтүр от үчүн Кыргызстан дайыма карыз болуп келүүдө. Акыркы жылдары карыз 18,0 млн АКШ долларына чейин чыкты, бул негизинен 100 млн сомдук бюджеттик, 200 млн сомдон ашык элдин төлөбөгөн карыздын эсебинен болууда.

Ушундай кылып, газ турундөгү жылуулук өнөр жайынын экономикалык –финансалык көрсөткүчтөрүнө назар салып көрөлү; 2010-жылы 2000-жылга салыштырмалуу продукцияны сатуудан түшкөн сумма (выручка) 1,4 млрд.сомдон 3,28 млрд. сомго же 2,3 эсеге өстү ошол эле мезгилде сатылган продукциянын өздүк наркы 1,2 млрд.сомдон 3,3 млрд.сомго жетип 2,7 эсеге же өздүк нарктын суммасынын темпи, сатуудан түшкөн акчанын суммасына караганда 0,4 эсеге ылдам өсүп жатат.

Кыргызстандагы газ түрүндөгү жылуулукту өндүргөн жана бөлүштүргөн ишканалардын же бул комплекстин рентабелдүүлүгү жыл сайын төмөндөп олтуруп 22,7% дан 2007-жылы 1,4% га түшүп , 2008-жылдан бери зыян тартып иштеп жатышат, бул комлексте кеңейтилген кайра өндүрүү болмок турсун комплекс дотацияда туруу коркунучуна ээ болуп жатат. Акыркы жылы эле Кыргыз Өкмөтү алынып келинген баа менен сатылган баанын айрымасына эле 96,7 млн сом төлөгөн. 2011-жылы эле Кыргызстанда айрыкча түштүк аймакта 10,3 млн. м3 газ жоготуу болгон же 18% ти түзгөн, бул негизинен газопроводдун эскилигинен жана адамдык фактордун эсебинен болуп жатат. (таблица 3.4)

**Таблица 3,4- Кыргызстандагы газ түрүндөгү жылуулукту өндүргөн жана бөлүштүргөн ишканалардын финансы- экономикалык көрсөткүчтөрү.**

| | 2000 | 2002 | 2006 | 2007 | 2008 | 2010 | 2011 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Продукцияны сатуудан түшкөн акчанын суммасы млн.сом | 1444,5 | 1599,6 | 2251,6 | 3069,8 | 4404,0 | 3282,4 | 4269,5 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Сатылган продукциянын өздүк наркы жалпысы,млн.сом | 1177,0 | 1554,6 | 2127,9 | 3027,0 | 4442,0 | 3311,0 | 4246,0 |
| Таза киреше млн.сом | 267,5 | 45,0 | 34,9 | 25,3 | -128,2 | -121,9 | 23,5 |
| Рентабелдүүлүк,% | 22,7 | 2,8 | 5,8 | 1,4 | - | - | 0,6 |
| Дебитордук карыздар, млн.сом | 460,9 | 767,1 | 1203,6 | 1309,6 | 1447,1 | 744,6 | 607,2 |
| Кредитордук карыздар,млн.сом | 584,5 | 700,0 | 1198,2 | 1200,8 | 1543,0 | 1750,3 | 1446,5 |
| Учурдагы карызды жоюу коеф-ти (коеф.ликвидности) (дебит. карыздын кредитордук карызга катышы)2006-ж карата | - | - | 1,00 | 1,09 | 0,94 | 0,43 | 0,42 |

Маалымат булагы: УСК статистикалык жыйнак. “ Ишканалардын финансылык абалы 2007-2011”

Абалдан чыгуунун негизги жолу, Россиянын “Газпром” ишканасы менен иштөө керек, себеби биздин өлкөгө негизги газ сатуучу Өзбекстан өлкөсү 1000 кубометр газды 220 Америка долларына чейин бизге сатып жатышат. Дүйнөлүк баага көтөрүшү мүмкүн. ”Газпром” Өзбекстандан 1000 кубометр газды 200 Америка долларына чейин алууга маакулдашышты. Ал эми Европа өлкөлөрүндө 1000 кубометр газдын баасы 400-415 америка долларына барабар. Бул маселенин чечүүнүн бирден бир жолу өзүбүздөн чыккан газдын көлөмүн көбөйтүү керек,же “Газпром” ишканасы менен инвестиция аркылуу иштеш керек.

Ушундай кылып, Республиканын сырье чарбасындагы, айрыкча түштүк мунайгаз комплексиндеги ачык айкын билинген терс процесстер-бул республикабыздагы түзүлгөн терең экономикалык кризистин негизги башаттарынын, бөлүктөрүнүн бири. Ушул абалдан өзүбүздүн ресурстар, финансалык каражаттар менен чыгуу мүмкүн эмес, ошол үчүн да чет элдик капиталды, технологияны жана тажырыйбаларды бир сөз айтканда инвестицияны пайдалануу зарылчылыгы келип чыгат. Биздин оюбузча региондун аймагында болгондуктан газ жана мунай жаатындагы проблемаларды чечүүдөн облустук бийлик четте калбашы керек.

## 3.2 Инвестициялык ишмердүүлүктү активдештирүү шартында агро өнөр жай өндүрүшүн жана туризмди жакшыртуунун жолдору.

Жалал Абад облусу Кыргыз Республикасынын эң чоң айыл чарба региондорунун катарына кирет. Облус Республика боюнча айыл чарбадан өндүрүлгөн дүң продукциянын 18 % га жакынын өндүрүп, бул көрсөткүч боюнча 2-орунда турат. Облустун регионалдык дүң продукциясынын 30 % дан ашыгын айыл чарбасы ээлейт.

Облус мурунтан эле республиканын дыйканчылыгы өнүккөн региону катары бааланып келген, реформа мезгилинде жана анын жыйынтыгы менен деле негизинен мурунку адистешкен айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү сактап калды. Облус пахта өндүрүү боюнча республикада алдыңкы орундарда турат, мындан сырткары тамеки, жашылча, жемиш, бахча өсүмдүкторүн жана мал чарба продукцияларын өндүрөт. Ушул багыттан алганда да облуста жерди натыйжалуу пайдаланууга чоң көңүл бөлүнөт демек, облуста жүргүзүлгөн пландуу экономиканы бузуу, рыноктук мамилелерге өтүү, жер реформасын жүргүзүүнүн жыйынтыгы, жерди, техниканы, мал чарбасын таратуу канчалык натыйжалуу пайдаланууга шарт түздү, ушул критерийден реформа баалanууга тийиш. Акыркы 20 жылдагы жер реформасынан кийин облуста базар экономикасына ыңгайлашкан, атаандашууга жөндөмдүү айыл чарба продукцияларынын өндүрүүгө, экспортко жарактуу продукцияларды көбөйтүүгө багыт алган, менчиктин жана чарба жүргүзүүнүн түрдүү формаларын пайдаланган, принципиалдуу жаңы, экономикалык – уюштуруучулук негизи бар айыл чарбасы калыптанды. Реформанын башталышында айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү көлөмүнүн төмөндөгөнүнө карабастан 1997-жылдан баштап өндүрүш бир аз көтөрүлүп, тармактагы кризис жоюлуп баратат. Буга негизинен жерди кайра бөлүштүрүү, жердин ээсин таап берүү, инвестицияларды кредиттерди тартуу, айылдагы рыноктук институттарды ар тараптан колдоо себеп болууда. Акыркы жыйырма жылдагы маалыматтар, айыл чарба өндүрүшүндөгү өндүрүштүк ресурстарды

пайдалануу, иштетүүдө, жеке менчик, майда каражатуу секторго көбүрөөк ооганынан кабар берет.

Облуста 1990-жылдын башында 89 колхоз, совхоздор, чарбалар аралык бирикмелер приватташтырылып, жоюлуп таркатылган. Приватташтыруу процесси чарбалардын кайра түзүүсүнө гана алып келбестен алардын ар кандай менчикке бөлүнүп кетүүсүнө да түрткү берди. Ушуга байланыштуу чарбалардын структурасы дагы өзгөрдү. (таблица 3.5)

**Таблица 3.5 - Жалал-Абад облусунун айыл чарбасындагы чарба субъектилеринин структурасы жана саны**.

| Чарбалар | 1991ж. | 1995ж. | 2000ж. | 2005-ж. | 2007-ж. | 2012-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Чарба субъект. бардыгы,бирдик | 310 | 2395 | 8464 | 76127 | 83328 | 86563 |
| анын ичинен: | | | | | | |
| Мамлекеттик (токой чарба ) | 42 | 3 | 15 | 21 | 34 | 30 |
| Салыштырма салмагы, % | 13,5 | 0,1 | 0,2 | 0,03 | 0,04 | 0,03 |
| Коллективдик (жамааттык) | 49 | 165 | 52 | 409 | 374 | 124 |
| Салыштырма салмагы, % | 15,8 | 6,9 | 0,6 | 0,5 | 0,4 | 0,1 |
| Дыйкан фермер чарбалары | 219 | 2227 | 8397 | 75697 | 82920 | 86408 |
| Салыштырма салмагы, % | 70,7 | 93,0 | 99,2 | 99,4 | 99,5 | 99,8 |

Маалымат булагы: Жалал-Абад областтык статистика башкармасынын блютени.

2012- жылы Жалал Абад облусунун айыл чарбасында 86563 чарба жүргүзүүчү субьекттер болуп а.и. токой чарбаларын кошкондо 30 чарба мамлекеттик ,колективдик менчиктегилер 124, дыйкан фермер чарбалар 86408 болуп, же 99,9 % жеке менчик ээлери түзүп олтурат. Ушул маалыматтар эле Жалал Абад облусунда жер жана агрардык реформа болуп өткөнүн жана артка кайтпас мүнөзгө ээ болгонунан кабар берет.

Жүргүзүлүп жаткан реформанын эң өзөгү, бул жерди жеке менчикке берүү жана анын Конституциялык бекитилиши болду (1998ж.). Облустагы

бардык айдоо аянттан (166,6миң га), 127,6 миң га (82,1%) фермер дыйкан чарбалардын менчигинде, 6,4 миң га (3,8%) коллективдик жана мамлекеттик чарбалардын карамагында, 28 миң га (7,7%) атуулдардын огород катары жеке пайдалануусунда турат.

Бирок бул жерде өтө маанилүү бир нерсеге токтоло кетели, жүргүзүлүп жаткан жер бөлүштүрүү системасына ылайык 127,6 миң га жер 84,5 миң дыйкан жана фермер чарбасына туш келүүдө. Ошондо бир фермер же дыйкан чарбасына 1,5 гадан жер туура келүүдө. Ушул жерден өзүбүзгө бир прагматикалык суроо берип көрөлүчү: ушундай бир үзүм жерде товар өндурүп, пайда алып иштеген айыл чарба өндурүшүн жүргүзүүгө болобу? Албетте, жок деген жооп болот. Демек, мунун өзү Кыргызстанда а.и. Жалал- Абад облусунун айыл чарбасында болгону чарба жүргүзүүнүн классикалык формасы болгон натуралдык чарба өндүрүшү калыптанды дегенди гана билдирет. Бул жерде бир дыйкан чарбасы, ага туура келген айдоо аянты дегенде, көп учурда бир үй бүлөнү, алар бириккен үй чарбасын, алардын мүчөлөрүнө үлүш катары бөлүнгөн айдоо аянтынын суммасын түшүнүүгө болот.

Бул көрсөткүч облустун райондорунда ар кандай (таблица 3.6), анткени ар бир райондо, ар бир айыл округунда агрардык жер реформасы башталганда канча гектар айдоо аянттары болсо, ошол көлөмдөн бир адамга үлүш катары чыгарышкан жана бир үй бүлөнүн үлүшү аныкталган. Үлүшкө тийген айдоо аянты жогору болгон райондордун калкы башкаларга салыштырмалуу иш менен көбүрөөк камсыз болушат, жашоо деңгээли башкалардан жогору турушат, башкасын айтпаганда да керектүү азык оокатты өздөрүнөн камсыздап алышат, базардан сатып алышпайт. Реформа башталганда эле Кыргызстандын калкына бирдей шарттар түзүлбөстөн, теңсиздикке жол ачылган. Бул ошол мезгилдеги реформанын эч ойлонулбаган, акырына чейин такталбаган методикаларынын бири болгон, мисалы 5-6 миң адам жашаган тоо арасындагы айрым айыл округдарында бир адамга 0,2 соткадан же ага да жетпеген айдоо аянттары бөлүнгөн, кошуп келгенде 10 жашоочусу бар үй бүлөдө болгону 2

сотка айдоо аянты болуп бир дыйкан чарбасы катары эсептелип калууда. Бул үй бүлөлөр натуралдык чарбанын денгээлине да жетишпейт. Бөлүнгөн үлүш жерине үй салып алгандар, көп жылдык бак тигип огород катары колдонгондор, өзү каалагандай сатып (үлүш жерди сатуу рыногу али калыптана элек) документалдуу каттатпай кетип калгандар андан көп. Ошол жерлер үлүшкө берилген жер катары өлкөбүздүн айдоо аянттары катары эсепте болгон менен айдоо аянты катары мурунку пландуу экономикадагыдай пайдаланылбай, жок дегенде ошондогудай пайда келтирбей калууда. Бул реформанын эң ойлонулбаган алсыз жери. Буларды кооперативдерге бириктирип пайдаланууга да, агротехникалык алдыңкы ыкмаларды колдонуп пайдаланууга да мүмкүн эмес.

Мындай көрүнүштүн бир себеби – бул айдоо аянттардын бир чарбага туура келе турган айдоо аянтынын аздыгы. Мисалы 2012-жылдын 1-январына карата облус боюнча 1,5 гектар туура келет, ал эми кээ бир райондордо Базар-Коргон, Аксы райондорунда мындан да аз. (таблица 3.6)

**Таблица 3.6-Жалал-Абад облусунун район, шаарларындагы бир дыйкан (фермер) чарбасына тийген айдоо жер үлүшүнүн өлчөмдөрү**

(2012 жылдын 1-январына карата).

| Райондор жана шаарлардын аталышы. | Дыйкан(фермер) чарбал. саны | Алардын менчигин. айдоо аянттары, га | Бир дыйкан (фермер) чарбасына тийген айдоо жер үлүшүнүн өлчөмү, га. |
|---|---|---|---|
| Облус боюнча: | 86408 | 127676 | 1,5 |
| Аксы | 15080 | 16296 | 1,1 |
| Ала-Бука | 7063 | 15961 | 2,3 |
| Базар-Коргон | 11820 | 15228 | 1,3 |
| Ноокен | 9078 | 14208 | 1,6 |
| Сузак | 22464 | 33540 | 1,5 |
| Тогуз-Торо | 3673 | 8675 | 2,4 |
| Токтогул | 11132 | 15763 | 1,3 |
| Чаткал | 2931 | 5890 | 2,0 |
| Жалал-Абад | 1536 | 1032 | 0,7 |
| Кара-Көл | 191 | 215 | 1,1 |
| Майлуу-Суу | 124 | 63 | 0,5 |
| Таш-Көмүр | 316 | 805 | 2,5 |

Маалымат булагы: Автордун эсептөөсү

Ошол эле мезгилде айдоо аянтын, ага иштеген техниканы, сууну натыйжалуу пайдалануу, агротехникалык илимдин жетишкендиктерин

натыйжалуу колдонуу үчүн ирилешкен чарбалардын артыкчылыгын күндөлүк практика көрсөтүп жатат. Бирок ошондой кооперативдерди, ирилешкен чарбаларды түзүүнүн рыноктук жолдорун али эч ким сунуш кыла элек, бул багытта мамлекет реформаны натыйжалуу аяктоонун жолун издеген жок, анын ордуна мамлекеттин ушул процесске тиешеси бар кызмат адамдарынын компетентсиздигинен фермерлерди механикалык түрдө бириктирип кооперативдерди түзүүгө аракет жасашууда. Акыркы жылдары мамлекеттик органдардын кийлигишүүсү менен айыл чарба кооперативдеринин саны өстү, үлүшү бар дыйкандар аз сандагы аренда акы үчүн жерлерин кооперативдерге берип алардан арзыбаган акчалай же натуралай акы алып кедейчиликте жашап келишет. Көп кооперативдер тарап кетишүүдө, айрымдар тароо алдында турушат. Бул реформанын артка кетүүсү болууда, ошондуктан 20-жылдык жер жана агрардык реформа туңгуюкка барып такалды, ордунда айланууда десе туура болот.


Биздин шартта бир фермер же дыйкан чарбасы 30-50 га айдоо жери болсо өндүргөн айыл чарба продукциясын базарга сатууга, соода кылууга, алмаштырууга, чыгаша кирешесин салыштырууга б.а. товардык айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алат. Андай болгондо Жалал Абад облусунда 127,6 миң га айдоо аянтына 3165 эле фермер керек болот, калган 80,0 миң фермер кайда барышы керек. Бүгүн мамлекет дагы, коомчулук, окумуштуулар ушул маселени чечүүнүн жолун издешибиз керек.

Демек, Кыргызстандын агрардык саясаты жердин экинчи рыногун түзүү жана өнүктүрүүгө, фермер-товар өндүрүүчүлөрдүн жаңы катмарын калыптандырууга багытталышы керек, бул ишти эртеңкиге калтырбай баштоо керек, себеби 20-жылдык реформанын 1-этабы бүттү ал жерге болгон менчиктин түрүн өзгөртүү менен чектелди, негизги өзөгүн гана рыноктун шартына шайкеш келтирди. Эми Кыргызстанда көп жылдар бою калыптанган айыл калкынын жашоо укладын, образын, менталитетин өзгөртүү, эмгекти бөлүштүрүү, адистештирүү керек экендигин, жер да сатыла тургандыгын, ким натыйжалуу иштетсе колдон колго өтө тургандыгын, мыйзамдар аркылуу

жолго салуу маселеси күн тартибинде турат. Мындан ары ар кандай социалдык колдоолор, декларативдик лозунгалар аркылуу айыл чарбасын, айыл калкын көтөрө да, колдой да албай тургандыгыбызды турмуш ырастап жатат.

Айыл чарбасынын негизги ресурстарынын бири бул жайыттар (жайлоолор)жана табыхый чөп чабынды аянттар экендиги ким кимге, мал киндиктүү Кыргызстанга, кыргыз элине түшүндурүүнүн кажети жок, булар кыргыз элинин улуттук байлыгы, алар өлкөнүн жалпы аянтынын 50 %, айыл чарбасына пайдалуу жерлердин 90 % ээлейт. Жалал Абад облусунда жайыттар жана чөп чабынды аянттар чарба жүргүзүүчү субьекттер ортосунда төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн. (сүрөт 3.1)

**Сүрөт 3.1. - Жалал Абад облус боюнча жайыттын жана чөп чабынды аянттардын чарбакер субьекттердин ортосунда бөлүнүшү (миң га) 2012 ж.**




Маалымат булагы : Автордун түзгөн диаграммасы.

Айдоо аянттарды пайдаланууга караганда жайыттарды жайлоолорду пайдалануунун өзүнө гана таандык өзгөчөлүгү бар. Диаграммада көрүнгөндөй

жайыттын 1,35 % гана фермерлерге бөлүнгөн же бир фермерге 0,27 га жайыт туура келүүдө, бул бир караганда парадокс сыяктуу, себеби жайыт логика боюнча фермерлерге берилиши керек эле, бирок бул жерде жайытты пайдаланууда өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү бар экендигин жана бир топ чечилбеген маселелер бар экендигин эске алышыбыз туура болот. Айдоо аянттарын ченеп тиешелүү адамга бөлүп бере алсаң, жайыт, жайлоолорду фермерлерге бөлүп берүү, аларды менчик катары тосуп, коруп пайдалануу маселеси "непрактичный" же турмушта дароо колдоно койчу маселе эмес. Ошондуктан да жайыттарды жайкы жайлоолорду айыл округунун масштабында бөлүштүрүп, жалпы ошол айыл өкмөттүн элинин күчү менен жакшыртуу, кошумча чөп үрөндөрүн себүү, жолдорун оңдоо сыяктуу "ремонттук" иштерин жүргүзүү максатка ылайыктуу болмокчу. Бул багытта түзүлгөн жайыт комитеттеринин ишин жандантуу зарыл. Көп жылдан бери жайыттар интенсивдүү (айрым жерлерде варвардык) жол менен пайдалангандыктан, эч кандай жакшыртуу, рационалдуу пайдалануу боюнча иштер жүргүзүлбөгөндүктөн, азыр көп жайыттар деградация болуп ири капиталдык салымдарды талап кылууда. Буга өкмөттүк деңгээлде программа кабыл алып ишти баштабаса, жайыттардан ажырап калуу коркунучу сакталууда.

Айыл жериндеги көп укладдуулуктун пайда болушу, чарбакер субьекттердин структурасындагы жана жерди пайдаланаудагы өзгөрүүлөр реформанын алгачкы 5-6-жылынан кийин айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө, негизинен жеке сектордун эсебинен бир аз өсүшүнө алып келди. Айыл чарбасындагы көп укладдуулук, рыноктун шартындагы суроо талап менен өндүрүштүн шайкеш келбегендиги, ар түрдүү себептерге байланыштуу.

Биздин оюбузча региондо жана республикада рынок механизми башкача айтканда суроо талаптардын керек боло турган катыштары ушул күнгө чейин жолго коюла элек.

Жогоруда айтылган кемчилдиктер кандайдыр бир деңгээлде айдоо аянттардын структурасы оптималдуу эмес экендигин дагы билдирет. (табл. 3.7)

**Таблица 3.7-Жалал-Абад облусунун чарбаларында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн себилген аянттары, гектар**

| Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн аталышы. | 1991-ж. | | 2000-ж. | | 2010-ж. | | 2012-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | гектар | Жалпы себилген аянттан салыш-тырма салмагы, % | гектар | Жалпы себил аянттан салыш-тырма салмагы, % | гектар | Жалпы себилген аянттан салыш-тырма салмагы, % | гектар | Жалпы себил аянттан салыш-тырма салмагы, % |
| Бардык себилген аянт, гектар. | 136259 | 100 | 165326 | 100 | 142898 | 100 | 143602 | 100 |
| Дан жана дан буурчактуулар, бардыгы. | 60435 | 44,4 | 80601 | 48,8 | 68839 | 48,2 | 58120 | 40,5 |
| анын ичинен: Буудай | 23514 | 38,9 | 63639 | 79,0 | 39393 | 57,2 | 15367 | 10,7 |
| Пахта | 15529 | 11,4 | 22766 | 13,8 | 14553 | 10,2 | 16994 | 11,8 |
| Тамеки | 5365 | 3,9 | 4548 | 2,7 | 301 | 0,2 | 208 | 0,1 |
| Май өсүмдүктөрү | 65 | 0,1 | 19860 | 12,0 | 23044 | 16,1 | 24019 | 16,7 |
| Картошка | 805 | 0,6 | 5637 | 3,4 | 7431 | 5,2 | 8001 | 5,6 |
| Жашылча | 1947 | 1,4 | 7249 | 4,4 | 9103 | 6,4 | 9879 | 6,9 |
| Бакча | 565 | 0,4 | 1058 | 0,6 | 3501 | 2,4 | 3916 | 2,7 |
| Тоют өсүмдүктөрү | 51548 | 37,8 | 23597 | 14,3 | 16107 | 11,3 | 22472 | 15,6 |

Маалымат булагы: .КРнын Улутстаткомунун маалыматы боюнча

Айдоо аянттарынын структурасын көз жүгүртүп анализ жасаганыбызда, ал али жеткилең эмес, калыптана элек экендиги, рыноктун приоритеттерин эске албагандыгы, рынокту анализдөө, болжолдоо жолу менен келечегин эске алуу жүргүзүлбөгөндүгү көрүнүп турат. Бул маалыматтар облуста айыл чарба министрлиги менен бирдикте маркетинг жүргүзулбөй тургандыгы, фермер дыйкан чарбаларга кайсы айыл чарба өсүмдүгүн себүү керек, азыркы мезгилге кайсыл айыл чарба өсүмдүктөрү райондоштурулган, экономикалык жактан пайдалуу экендиги сунуш кылынбай тургандыгынан кабар берет. Фермерлер билбегендиктен, тобокелчиликке салып өзүнүн зыянын сезип турса да, башкалар айдаган сепкен айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тигил же бул түрүн себе беришет. Көрүнүп тургандай (таблица 3.7 караңыз) айдоо аянтынын элүү пайызга жакыны дан эгиндерин себүүгө пайдаланылган бул цифра акыркы 20

жылда негизинен өзгөрүлгөн эмес. Дыйкандар, өлкөгө системасы жок (бир жылы көп, бир жылы аз, табылганына жараша) импортко жана гумжардамга келип жаткан дандын жана ундун эсебинен дан эгиндеринен жогорку пайда алууга мүмкүн эмес экендигин билип турса да дан эгиндерин себишет. Импортко көбүрөөк дан эгиндер келип калса буудайдын бир кг 7-8 сом болуп зыян тартып калышат. Ал тургай мамлекет дыйкандардан колдоо катары мамлекеттик резервке буудай сатып алабыз деп убадасын аткарбай башка өлкөлөрдөн сатып алган же гумжардамдын эсебинен мамрезервдин кампасын дан менен  толтурган мезгилдер болууда. Ошого карабастан дыйкандар дан эгиндери чыгашаны аз талап кылган өсүмдүктөр катары аларды себе беришет, ал эми жогорку технологияны, чыгашаны көп  талап кылган техникалык өсүмдүктөр улам аз себилүүдө. Алардын үрөнү, аларды тейлегенге, иштеткенге, жыйнаганга, атайын техниканын жоктугу, аларды сактоо- ташуунун проблемалары -баары кошумча каражатты талап кылат. Ошондуктан кирешелүү делген, техникалык өсүмдүктөр (10,2%), жашылча (6,4%),  бахча (2,4%) өсүмдүктөрү 2010-жылы  жалпы структурада аз орунду ээлеп, облуста экстенсивдүү жерди иштетүү жүрүп жатканынан кабар берет. Пахтага болгон баанын дүйнөлүк рынокто төмөндөп кетиши, тамекинин баасынын акыркы жылдарда туруктуу болбой өйдө төмөн болушу бул өсүмдүктөрдү өстүрүп жаткан дыйкандарды гарантиялуу баасы болбогондон кийин экпей коюуга алып келди жана структурада булар 4-5% га томөндөп кетти. Ошол эле мезгилде жашылча бахчанын үлүшүнүн өсүшүн анализ кылып көрөлү: агротехникалык ыкмаларды колдонуу жана бул өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн кол күчү көп талап кылынгандыктан биздин бир дыйканга туура келген 1,5-2 га үлүш жер, жашылча бакча өндүргөн бир дыйканды  үй бүлөсү менен сезондо толук иш менен камсыз кыла алат жана ошол үй бүлогө жетиштүү түрдө таза киреше алып келет. Ошондуктан дыйкандар улам барган сайын үй бүлөлүк үлүш жерине, өтүмдүү жана кымбат, ошол мезгилде түшүмдүү болгон калемпирлердин, помидордун пияздын, дарбыздын, коондун түрдүү сортторун өстүрүп,  негизинен ордунан сатууга үлгүрүшүүдө. Ал эми тоо этектериндеги

жаан менен түшүм берген айдоо аянттарына аз чыгым талап кылган май өсүмдүгүн айдоо басымдуулук кылып, натыйжада май өсүмдүктөрүн айдоо структурада 15 % га чейин көтөрүлдү.

Айдоо аянттарынын курамында тоют өсүмдүктөрүн айдоо колхоз совхоздор бар үчүн 1991 жылы структуранын 37,8 % на чейин ээлесе, 2010-жылдары 11,3% га чейин төмөндөп кеткен себеби, калк өзүнүн малына негизинен чөп чабынды аянттардан тоют даярдап суулуу айдоо аянттарына башка өсүмдүктөрдү себе башташкан, ошол эле мезгилде малдын башы да тез кыскара баштаган. Эми 20 жылдан кийин мал чарбасында мурункудай малды жыл бою байлап, бордоп семиртүү, байлап, сүт саап алуу сыяктуу интенсивдүү технологиялар кире элек, эгер кирсе тоют өсүмдүктөрүн өстүрүүнү кобөйтүү, аларды которуштуруп айдоо системасына кошуулар колго алынат эле.

Биздин оюбузча дан эгиндерин, айрыкча буудайды себүүнү азайтуунун, башка пайда алып келүүчү культураларды эгүүгө аянт бошотуунун жолун табуу керек, себеби бизде өскөн буудайларда клейковина аз болгондуктан буудайды кайра иштетүү кыйынга турат, нан жана нан азыктарын чыгаруу үчүн көп учурда башка өлкөлөрдөн импорт алып жатабыз. Ошол эле мезгилде Кыргызстан башка мамлекеттерден арзан эгин алуунун көп жылдык, туруктуу келишимдерин түзсө дыйканга дан эгиндеринин аянтын кыскартууга жол ачылат эле.

Айдоо аянттарынын структурасындагы бардык категориядагы чарбалар боюнча өзгөрүүлөр айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүнө жана темпине өз таасирин тийгизет (табл 3.8).

**Таблица 3.8-Жалал-Абад облусунун айыл чарбасынын өнүгүшүнүн 1991-2012-жылдардагы негизги көрсөткүчтөрү.**

| Көрсөткүчтөр | 1991-ж. | 2000-ж. | 2005-ж. | 2010-ж. | 2012-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасынын дүң продукциясынын наркы, млн. сом. | | | | | |
| Учурдагы баада | 5 | 6273,2 | 9691,1 | 21451,7 | 31202,7 |
| Салыштырма баада (2010 ж.) | 13706,4 | 13675,0 | 16165,1 | 21451,7 | 27800,1 |
| талаачылык | 7415,2 | 7398,2 | 8745,3 | 11602,4 | 15723,2 |
| мал чарбасы | 6071,9 | 6058,0 | 7161,1 | 9495,1 | 11941,5 |
| башка продукц | 219,3 | 218,8 | 258,7 | 354,2 | 135,5 |
| Өндүрүлдү, миң тонна. | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Дан (тазаланган салмакта) | 140,8 | 214,7 | 193,4 | 239,3 | 236,1 |
| Пахта (зачеттук салмакта) | 40,6 | 58,4 | 79,8 | 42,2 | 50,4 |
| Тамеки (зачеттук салмакта) | 8,2 | 10,5 | 0,7 | 0,7 | 0,4 |
| Картошка | 5,9 | 62,2 | 80,9 | 104,2 | 111,8 |
| Жашылча | 26,7 | 112,1 | 111,5 | 202,5 | 225,1 |
| Бакча | 4,4 | 18,8 | 17,2 | 84,2 | 95,2 |
| Мөмө-жемиш | 2,2 | 26,1 | 22,8 | 39,9 | 43,6 |
| Жүзүм | 6,2 | 6,2 | 1,8 | 0,5 | 1,2 |
| Эт жалпысы | 34,5 | 24,3 | 24,7 | 25,7 | 27,3 |
| А.и. уй эти | 20,8 | 14,7 | 12,3 | 16,5 | 16,1 |
| кой-эчки эти | 8,4 | 5,9 | 7,6 | 6,8 | 7,8 |
| жылкы эти | 3,3 | 2,3 | 3,1 | 1,8 | 1,9 |
| чочко эти | 0,8 | 0,2 | 0,2 | 0,1 | 0,02 |
| Чийки сүт | 175,2 | 175,9 | 203,5 | 272,2 | 279,0 |
| Бир уйдан сүт, кг. | 2483 | 1989 | 2052 | 1961 | 1942 |
| Жүн,(физикалык салмакта миң т.). | 5,2 | 1,7 | 1,6 | 1,8 | 1,9 |
| Бир койдон жүн, кг. | 3,1 | 3,2 | 3,1 | 2,3 | 2,1 |
| Жумуртка, миң даана. | 53,1 | 22,6 | 32,5 | 43,6 | 47,5 |
| Бир мекиянда жумуртка, даана | 197 | 82 | 81 | 83 | 79 |

Маалымат булагы: Жалал-Абад областтык статистика башкармалыгынын блютендери.

Областын айыл чарбасынын дүң продукциясы бардык чарбалардын түрү боюнча алганда 2010-жылы 1991-жылга салыштырмалуу (бүт жылдардын дүң продукциясы салыштырууга туура болсун үчүн 2010-жылдын баасына которулду, автордун эсептөөсүндө) 57% га, анын ичинде талаачылыктын дүң продукциясы 55% га, мал чарбасынын продукциясы 57% га өскөн. Бул негизинен жогоруда белгилегендей калктын биринчи кезекте өзүнүн, натуралдык чарбанын керектөөсүн канааттандырууга болгон аракети картошканын, жашылча, бахча, мөмө жемиштин жана дандын дүң жыйымынын өсүшү менен түшүндүрүлөт, мал чарбасында болсо дүң продукциянын өсүшү негизинен чийки сүттүн көлөмүнүн өсүшүнөн келип чыгууда. Ошол эле мезгилде жогорудагы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн (культуралардын) дүң түшүмүнүн көбөйүшүнүн бирден бир себеби бул айдоо аянттарынын

кеңейишинин эсебинен болду, анткени тоют өсүмдүктөрүнүн аянты 35,0 миң га чейин азайып олтурат.

1991-жылга салыштырмалуу ири мүйүздүү малдын саны 1996-жылы (эң азайган жыл) 18% ке же 34,4 миң , майда жандыктын саны 60 % га 910,0 миң , чочколор 7 эсе же 16,9 миң башка чейин кыскарган. 1999-жылдан баштап малдын башы өсө баштап 2012-жылы ири мүйүздүү малдын башы 259 миңди түзүп 34,4 % га өстү калган түрлөрү боюнча ошол деңгээлге жакындап келе жатат. Мал чарбасында интенсивдүү өнүгүү технологияларын колдонмоюнча ири көлөмдөгү этти, сүттү, терини өндүрүү мүмкүн эмес. Жалал Абад облусунун айыл чарбасынын экономикасын өнүктүрүүнүн эң перспективдүү тармагы болуп пахтачылык жана тамекичилик деп эсептесе болот, анткени бул тармактарга керек болгон негизги жер, эмгек ресурстары, тажырыйба жана билим топтолгон. Акыркы жылдарды эске албаганда реформадан кийин пахтаны өстүрүү 2005-жылдарда 80,0 миң тоннага чейин жетти (табл.3.9).Жалал-Абад областы республикадагы ири пахта өстүрүүчү аймак болуп саналат.

**Таблица 3.9- 2010-жылы республиканын пахта өстүрүүчү областтарында пахта сырьесун өндүрүү.**

| Областтардын аталышы. | Пахта өндүрүү, тн. | Жалпы көлөмгө карата салыштырма үлүшү, %. |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 74040 | 100,0 |
| Баткен | 206,6 | 0,30 |
| Жалал-Абад | 42240,3 | 57,1 |
| Ош | 31593,1 | 42,6 |

Маалымат булагы: УСКнын жыйнагы “КР жана региондору-2011”

Акыркы жылдардагы пахтанын баасынын коммерциялык түзүмдөр тарабынан негизсиз төмөндөтүп жибериши бул тармактын рентабелдүүлүгүн төмөндөтүп, бул тармактын баа факторунан өтө көз каранды экендигин далилдеп турат. Кырдаалдын парадоксалдуулугу, агрардык рыноктун ушул баалуу сегментинде, мамлекеттик бааны жөнгө салуу жок экендигинде же баа

жана бажы саясатынын мүчүлүштугүндө же жоктугунда турат. Бул тармакта тийиштүү бааны орнотуу толугу менен коммерциялык структуралардын карамагына берилип калган.

Экинчи жагынан азыркы мезгилде ушул өндүрүлгон пахтанын 1-2 % гана (ФНМ, Мата),облуста жип болуп иштетилгенге же даяр продукция чыгарууга пайдаланылат анткени айланма каражаттын жоктугунан жана башка ар кандай себептер менен мурун курулган пахтадан кездеме токуучу фабрикалар, заводдор иштебей турушат же талкаланып кеткен. Мамлекет инвесторлорду таап пахтадан кездеме токуучу жана тазаланган пахтадан даяр продукция чыгаруучуу фабрикаларды колго алса биздин пахта өндүрүүчүлөр негизсиз коммерциялык структуралардан көз каранды болбойт эле жана бул тармак бир топ туруктуу жана пайдалуу болуп калар эле. Пахтадан кездеме токуучу жана токулган кездемеден даяр продукция чыгаруучуу фабрикаларды куруп даяр продукцияларды экспортко чыгаруу чоң суммадагы акча каражатынын түшүшүн шарттайт эле. Бул багытта өзүнүн пахта буласынан даяр кездемелерди жасап сатууну колго алган кошуна Туркменистан өлкөсүнүн тажырыйбасы (жынсылык материалдар сапаты боюнча америкадан калышпайт) мактоого жана тууроого татыктуу, алар жакында пахта кездемелеринен даяр продукцияларды чыгаруу боюнча 2012-жылы дүйнөдөгү эң алдыңкы технология менен куралданган дагы бир ишкананы ачышты. Миллиондогон долларлар келип түшүп жатат. Импортко келген даяр кездемелерден ар кандай бүтүлүү буюмдарды (айрыкча эркектердин костюм шымдарын) тигүү боюнча биздин текстил өнөр жайыбыз азыр, мурунку КМШ өлкөлөрүндө алдыңкы орундарда турат. Эгерде өзүбүздүн пахтадан даярдалып жасалган кездемелерден (экологиялык жактан таза) даяр кийим тигүүгө жетишип, экспортко чыгара алсак өлкөбүздүн, анын ичинде облусубуздун экономикасына кызылдай гана киреше кирери көрүнүп турат, бирок бул багытта келген инвесторлор аз болууда. Биздин оюбузча инвесторлорду күтүп олтура бербестен өлкөбүздө түзүлгөн өнүгүү фондунун эсебинен биринчи кезекте пахтадан даярдалган кездеме токуучу ишканаларды курууну өкмөт өзү

колго алуусу керек. Бул өзүнчө чоң класстер катары бир нече тармакты өзүнүн артынан тартып өнүктүрүп кетер эле.

Пахтаны 1,5-2 гектар жери бар дыйкан чарбалар аркылуу айдап сээп, өстүрүү жакшы натыйжаларды бербейт, анткени пахта көп жактуу, комплекстүү агротехникалык иштетүүлөрдү талап кылган өсүмдүк, эгерде пахтаны ирилештирилген, адистешкен чарбаларда өстүрсө оң натыйжаларды берет болчу, бул багытта да мамлекет тарабынан мыйзамдар менен бекемделген, уюштуруу-экономикалык маселелерди чечүү керек болууда. Облуста эң көп кездешкен айдоо жерин пайдалануунун абалы төмөндөгүдөй: Мисалы: 10 га аянтта 1 гектардан 10 үй бүлөнүн үлүш жери болсо ар ким ар башка культураны айдаса, ортолорунда 10 окарык тартылат да 0,5 га ошого эле чыгып кетет, ар культураны айдап себүү мөөнөту ар башка болгондуктан ал жерди айдап себуу үчүн бир трактор 10 жолу бул талаага кирип чыгат ж.б, бул натыйжа бербей жатат.

Облустагы ири пахта өстүрүүчү кооперативдер, дыйкан чарбалардын тажырыйбалары алардын пахта өстүрүүдө экономикасынын пайдалуулугун жана натыйжалуулугун көрсөтүп жатат (таблица 3.10), эгерде кооперативдер укуктук нормалык принциптерди, өз ыктыярдуулукту сактоо менен түзүлсө. Бул деген сөз айрыкча пахтаны өстүрүүдө кооперацияны пайдалануу, ирилештирилген дыйкан чарбаларды (чет өлкөлөрдөгү фермерлердин прототибине окшогон) өнүктүрүү керек дегенди билдирет, анткени жер ж.б ресурстарды толук жана натыйжалуу пайдаланууга шарт түзүлөт.

**Таблица 3.10- Жалал-Абад облусунун ири чарбалык субьектилеринин өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугу.**

| Чарбалардын аталышы | Себүү аянты, га | Буудай | | | Пахта | | | Экономикалык натыйжалуулугу, миң сом. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Себилген аянт, га. | Түшүмдүүлүк, ц/га. | Дүң жыйым, цент. | Себ аянт ,га. | Түшүм-к ц/га. | Дүң жыйым,центнер | Дүң киреше | Өздүк наркы | Тазакир Рен-к % |
| А. Юнусов үрөөн-лүк | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| айыл чарба кооперативи (Сузак) | 184 | 49 | 22,0 | 1077 | 113 | 17,7 | 2005 | 7925,1 | 5079,6 | 2846,1 56% |
| Б. Алыкулов айыл чарба өндүрүштүк кооперативи (Б Коргон) | 495 | 245 | 20,0 | 4900 | 223 | 18,2 | 4052 | 18655, 0 | 11251, 0 | 7404,0 65,8%; |
| “Кенч” өндүрүштүк кооперативи (Ноокен) | 163 | 135 | 34,2 | 4617 | 23 | 19,0 | 437 | 8036 | 4684,9 | 3351,1 71% |
| “Ак алтын” үрөнчүлүк д/чарбасы (Ноокен) | 153 | 25 | 35,1 | 877 | 128 | 31,4 | 4013 | 15720 | 8465,0 | 7255 85% |
| Ноокен а/ч кооперативи | 105 | 25 | 36,0 | 900 | 80 | 31,3 | 2502 | 10295,2 | 6300 | 3995,2 63% |

Маалымат булагы: автордун статистикалык маалыматтарга таянып түзгөн эсеби.

Тандоо жолу менен облустагы ири чарбалардын экономикалык жактан көрсөткүчтөрүн анализ кылып көргөнүбүздө ири чарбалар негизинен жогорку экономикалык көрсөткүчтөргө ээ экенин таблица көрсөтүп турат (таблица 3.10) .Бул жерде биз эсептөө жолу менен ири чарбалар эккен дан эгиндери менен пахтанын гана пайдалуулугун, натыйжалуулугун көргөзгүбүз келди. Ноокен районунда ири чарбалар (“Ак алтын”,”Ноокен”) талаачылык менен иш жүргүзсө, айдоо жеринин 75-80% пахта айдоого арнашат, анткени алар пахта өстүрүүгө адистешип калышкан. Ошол эле мезгилде бул чарбалардын айдоо аянты менен камсыз болушу орточо облустагы бир чарбадан 50-60 эсеге көп. 2010-жыл начар жыл болгонуна карабастан бул ири чарбалардын рентабелдүүлүгү катар номерине жараша 56; 65,8; 71; 85; 63% ды түзүп олтурат. Бул көрсөткүчтөр өтө жогорку көрсөткүчтөр, алар негизинен пахтаны өстүрүүнүн интенсивдүү жолун пайдалануу аркылуу жетишилгенин танууга болбойт. Албетте бул жерде башкалар колдонулбаган агротехникалык эрежелер, кол күчүн жана материалдык ресурстарды үнөмдөөгө таасир берген механизация колдонулду деп айтсак өтө туура болот. Эгерде техниканын жаңы

жетишкендиктери болсо, бул культураларды өстүрүү мындан да натыйжалуураак болмок.

Демек чарбаларды ирилештирүү, тигил же бул культураны өстүрүүгө адистештирүү облустун айыл чарбасын көтөрүүнүн бир булагы экенин турмуш ырастагансып турат.

Жогоруда айтылгандан тышкары айыл чарбасын өнүктүрүүдө этаптарга бөлүү зарылчылыгы келип чыгат. Мунун себеби айыл чарбадагы натыйжалуулук- чарбалык жолдордун абалы, жаратылыштын, аба-ырайынын, жерлердин түшүмдүүлүгүнө, алардын географиялык жайгалышына ж.б. ушул сыяктуу факторлор менен аныкталат. Экинчиден айыл чарбада болгон процесстер биологиялык процесстерге, агротехникалык ыкмаларга байланыштуу. Булардын баары айыл чарбасынын инвестициялык потенциалы деп айтсак туура болот.

Айыл чарбанын дагы бир өзгөчөлүгү деп айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү жана керектөөчүлөрдүн рыногунда сатуу маселелерин туура чечүүнү атасак болот.Айтылган маселелерди натыйжалуу чечүү убакытты талап кылат демек, айыл чарбасын реформалоонун, рынок шартына өтүүсүнүн өзгөчө иретин түзүп алуу туура болот. Ошондуктан биздин оюбузча биринчи этапта, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү маселелерин иретке келтирүү, айыл чарбадагы чарба субьектеринин уюштуруу формаларынын оптималдуу түрлөрүн табуу жана ошондой эле айыл чарбада жаңы технологияларды киргизүү ж.б. ушул сыяктуу иш чараларды турмушка ашырууну айтсак болот.

Экинчи этапта айыл чарба – кайра иштетүү, соода, керектөө рыногунда, сатуу чынжырында рынок мамилелерин толук киргизүү болуп саналат. Мындай ойдун логикалык мааниси чоң. Себеби айыл чарбадагы продукцияларды чыгаруу жана алардын бир бөлүгүн кайра иштетүү маселелери керектөөчүлөрдүн талабына ылайык болот. Башкача айтканда рыноктогу суроо-талап маселелери улам-улам жогоруда айтылган чынжыр аркылуу айыл

чарбасына сигнал берет дагы, айыл чарбасы рыноктун шартында толук иштей баштайт.

Албетте жогорудагы айтылган этаптарга ылайык айыл чарбасында жана кайра иштетүүдө бир топ уюштуруу маселелерин жана заманбап саясат, иштеп чыгуу концепциясын жана стратегиялык пландарды иштөө да зарыл. Булардын баарын бириктирип айтканда биздин оюбузча төмөнкү иш чараларды турмушка ашыруу керек.

-жеке үлүшү бар кожолуктарды жана майда дыйкан чарбалардын арасында, райондун айыл өкмөтүнүн, акимиаттарынын деңгээлинде кооперациянын принциптерин анын түрдүү моделин, жалпы эле кооперация кыймылын жайылтуу- жерди, техниканы ж.б. ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга жол ачат;

-айыл жеринде арендалык мамилелерди өнүктүрүү, алардын өзгөчөлүгүн толук пайдалануу ;

-дыйкан чарбалардын үлүш жери менен жеке көмөкчү чарбасын интеграция кылуу, аларды алып- сатуу механизмин мыйзамдаштыруу;

- айыл чарба региондорунда айыл чарба сырьелорун кайра иштеткен анча чон эмес кайра иштетүүчү цехтерди ачуу-өндүрүлгөн түшүмдү коромжусуз натыйжалуу иштетет;

-айыл чарбасына адрестүү көп жылдык кызматташтыкка негизделген азык түлүк программасын колдогон эл аралык проекттердин жана Өлкөнүн бюджетинин эсебинен дотация берүүнү жандандыруу, ,айыл өкмөтү, акимият гарантия болуп оңой алып берилип, кайтарылып турушу керек;

-азыркы учурга туура келген менеджмент жана маркетингдин жоктугу бул ишти айыл чарба министрлиги өзү аткаруусу туура болот, мамлекет тарабынан минималдык гарантиялык сатып алуу бааларын белгилөө, ал товар өндүрүчүлөргө 25% кем эмес рентабелдүүлүктү камсыз кылышы керек;

-дүйнөлүк цивилдүү-рыноктук чынжырды өнүктүрүү же өндүрүүчү (фермер)- сатып алуучу (даярдоо системасы) –кайра иштетүүчү – сатуучу -

алуучу ; эгер кайра иштетилбесе өндүргөн азык түлүк продукцияларын дыйкан өзү түздөн түз базарларда сатуусуна шарт түзүү керек, азык түлүк продукцияларын алып саткан ишкерлер, соода кызматкерлерине бекитилген нормативдеги үстөк коюга гана уруксат берилиши керек;

-айыл чарбасындагы финансалык жана акчалай-кредиттик системаны өнүктүрүү, берилген кредит жыл бүтүп тушүм алынгандан кийин кайтарылышы керек. Мал чарбасында контракттын негизинде фермерди түзүп, бир же 5 жылга негизги өндүрүш каражаттары берилип, продукциясы өндүрүлүп сатылгандан кийин алардын суммасын кредит катары же акчалай кайтаруу;

-пландуу экономикадагы инфраструктура толугу менен кыйраган, рыноктук инфраструктура жок, түзүлө элек, фермерлер оор абалда турушат, лизинг кампанияларды, техникалык кооперативдерди, ветсервиз ж.б уюштурса болот;

-окуу-консультациялык кызматтарды өнүктүрүү, маалымат менен камсыз кылуу, жаңы илимий ачылыштарды инновациялык технологиялар жөнүндө маалымат берип туруу;

Бул сунуштар ар бир конкреттүү шартка жараша формасы, маңызы өзгөрүшү мүмкүн бирок колдонулса оң натыйжа берет деген ойдобуз.

**Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү өнөр жайы**

Мындан 20 жыл мурун Жалал Абад облусунун кайра иштетүүчү өнөр жайы- этти, сүттү, мөмө жемишти кайра иштетүүчү, арак , май жана сыр чыгаруучу, ун тартуучу, нан жабуучу жана пахта менен тамекини кайра иштетүүчү атайын адистештирилген ири ишканалардан турган жана облустун өнөр жай продукциясынын чоң бир бөлүгүн берет эле.

Кайра иштетүүчү өнөр жайдын тармактары айыл чарба продукцияларынын сырьелорун алгачкы кайра иштетүүгө жана алгачкы өнөр жайлык кайра иштетүүдөн өткөн сырьелорду кайрадан иштетүүгө багытталган. Алгачкы сырьелорду кайра иштетүүчү өнөр жайга , этти, сүттү, тамекини кайра иштетүү, консервалоо, май сыр жасоочу, ун тартуучу жана вино жасоочу

өндүрүштөр кирет. Аларга тамак аш продукцияларын кайра иштетүүчү өнөр жайдын 70% га жакын көлөмү туура келген. Ал эми алдын ала иштетүүдөн өткөн сырьелорду кайрадан иштетүүгө багытталган кайра иштетүүчү өнөр жайдын тармактарына- нан жана нан азыктарын, макарон жасап чыгаруу, кондитердик, пиво жана алкоголдук эмес ичимдиктерди чыгаруу кирет.

2000-жылдары облуста 50 дөн ашык кайра иштетүүчү өнөр жай ишканасы болсо анын 5 сү тамекини кайра иштетүү, 7 сү нан продукцияларын чыгарган комбинаттар, 5 сүт заводу, 4 арак заводу, кондитердик ишкана, пивзавод, томат пастасын, балдардын диетикалык даяр тамак ашын чыгарган ишканалар бар болчу.

2012-жылы бир да тамекини кайра иштетүүчү жана сүт, май заводдору калбады, пивзавод, томат пастасын, балдардын диетикалык даяр тамак ашын чыгарган ишканалар жоюлуп жок болду. Бирок 17 ден ашык пахтаны кайра иштетүүчү ишканалар пайда болду. Кондитердик, минералдык суу куюучу ишканалар иштеп жатышат. Натыйжада акыркы жылдары ферменттелген тамекини өндүрүү, вино чыгаруу, кондитердик азыктарды чыгаруу азайып кетти. (табл. 3.11)

**Таблица 3.11-Жалал-Абад облусунун кайра иштетуу өнөр жайынын негизги продукцияларын өндүрүү (натуралдык ченемде)**

| Жылдар | 1999ж | 2011ж. | 2012ж. | 2012ж.салыш.1999жылга % |
|---|---|---|---|---|
| Пахта буласы,мин тонна | 16,2 | 12.2 | 11.9 | 73,4 |
| Тамеки,мин тонна | 10,0 | 0 | 0 | 0 |
| Вино, мин дал | 32,0 | 9.5 | 7.7 | 24,0 |
| Арак ж/а ликер, мин дал | 128,0 | 100.0 | 32.5 | 25 |
| Эт, эт азыктары, тонна | 198,0 | 12.5 | 69.9 | 35,3 |
| Нак сүттөн продукциялар, тонна | 493,0 | 58,1 | 41.1 | 8,3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Мөмө жемиш консервалоо,тонн. | 966,0 | 22,6 | 20.7 | 2,1 |
| Кондитердик азыктар,тонна | 1210,0 | 344.0 | 354.1 | 29,2 |
| Нан жана нан продукциялары, миң тонна | 8,4 | 7.5 | 8.0 | 95,2 |
| Ун жана крупаны иштетуу,миң тонна | 26,2 | 72.6 | 78.3 | 298,8 |
| Өсумдук майы,тонна | 2858,0 | 10732.1 | 11229.6 | 392,9 |
| Макарон азыктары,тонна | 174,3 | 4.6 | 128.5 | 73,7 |
| Минералдык суу, миң п/л | 3632,5 | 4050.7 | 4081.6 | 112,4 |
| Алкоголдук эмес ичимдиктер, миң п/л | 6,3 | 729 | 575.4 | 913,3 |

Маалымат булагы : Жалал-Абад областтык статистика башкармасынын блютени.

Акыркы жылдары түздөн түз талаачылык, мал чарбачылыгы менен байланышкан чийки сырьелорду кайра иштетүү төмөндөп кеткен, себеби мунун баары айыл чарбасынын түпкү натыйжасы менен байланышкан. Айыл чарбасында а.и мал чарбасында 2012-жылы 1999-жылга салыштырмалуу сүт, эт өндүрүүнүн көлөмү өскөн, бирок алар коомдук кайра иштетүүгө келбейт анткени, сүт заводдору, эт комбинаттары иштебей калды.Алардын иштебей калышынын негизги себептеринин бири чийки сырье бул ишканаларга келбей калды. Анткени дыйкан фермер чарбалар мал чарба продукциясын натуралдык чарбанын деңгээлинде өндүрүп калышты, биринчи өзүнүн анан коңшу-колоңдун сүткө, этке болгон талабын кайра иштетиле элек, чийки түрүндө канаатандырышат. Ар бир үй бүлө мындан ары май, айран, творогду өздөрү ата бабадан калган ыкма менен жасап пайдаланышууда. Эгерде уйларды бир жерде кармап, байлап, тоюттандырып интенсивдүү жол менен бакса, анда сүт заводуна жыл бою чийки сүт (сырье) барып турар эле да завод үзгүлтүксүз иштемек, эт комбинаттары жөнүндө ушуну айтууга болот. Ал үчун да жогоруда айтылган ирилештирилген фермер чарбаларды түзүүнү колго алуу зарыл болууда. Илимий изилдөөлөргө ылайык бодо малды бордоп семиртип айына 50 баштан этке төгүп тура турган болсо тоют учүн эле 200 га суулуу жер керектелет, орточо бир фермерге (дыйкан чарбага) 1,5 га айдоо аянты туура

келген биздин облуста бул маселе оор, чарбаны интенсивдүү жүргүзүүнүн жолдорун башка облустарга караганда да тезирээк өздөштүрүшүбүз керек, себеби эң майда чарбага биздин облус бөлүнгөн. Реформа башталганда биздин облустун башында радикалдуу реформаторлор келип калышты, менчиктин түрүнө карабай продукция бериш керек деген девизди кармабай, жердин бардыгын жеке менчикке таратабыз, ошентсек эле айыл чарбасы өзүнө өзү дүркүрөп өсүп кетет деген түшүнүктө болушкан. Натыйжада бир башка 4000 литрден сут берип жаткан саан гурттар, бир башы 400-450 кг семиртилген эт багытындагы бодо малды берип жаткан бордоп семиртүүчү комплекстер таш талканы чыгып жок болду. Кытайдын бир улуу жетекчиси социализди реформалап жатып айткан “ак мышык, кара мышык болобу чычкан кармаса болду” деген канаттуу фразасынын (менчиктин кайсы формасы болсо да продукция берсин дегени) мааниси бизде сакталбай жалаң жеке менчикке жеткирип бөлүүнү ишке ашырышкан. Ошол эле мезгилде ири чарбаларды, менчиктин керектүү формаларын (мамлекеттик, коллективдүү, жеке) сактап калган Чүй облусунда бүгүн мал чарба продукциялары толук кайра иштетилип. кайра иштетүү өнөр жайы да өнүгүүнүн жолунда.

Жалал Абад облусунун кайра иштетүү өнөр жайы аркылуу продукцияларды өндүрүүнү карап көрсөк, тармактар боюнча бир кылка эмес, секирмелүү түрдө өнүгүп жатканы байкалат. Мунун негизги себеби биринчиден айыл чарбасынын бир кылка эмес өнүгүшүнө жана ири адистештирилген ишканалардын туруксуз иштеши менен байланыштырууга болот. Бул жөнүндө 3.12 таблица акыркы он эки жылдагы өндүрүүнүн абалын мүнөздөп тургансыйт.

Сузак районунун Ленин айыл округундагы жүзүмдүн вино жасоочу сортторун, плантацияларын жеке үлүшкө бөлүп берүү да ойлонулбаган кадам болуп калган. Анткени адамдар жүзүм плантацияларын айдоо жерине айландырышып, вино чыгарууга керектүү сырьену жок кылып алышты, мурунку вино чыгаруучу чон ишкана каражаттын жоктугунан эскилиги жетип, экинчи жагынан, вино жасоочу жүзүмдүн түшүмү жок болгондуктан запастык

бөлүктөргө сатылып, талкаланып жок болду, бирок ОсОО “Алманбет”, ОсОО “Алай-Кут”, ОАО “Келечек” ишканалары аз аздан болсо да вино чыгарып жатышат. Жүзүм плантацияларын кайрадан өстүрүүнү колго алуу керек.

Эт жана эт азыктарын ондүрүү боюнча өнөр жайы да биздин облуста өнүгүшү өтө татаал, анткени жогоруда айткандай малды байлап бордоп семиртүүнү колго албасак бул иш алга жылбайт. 1990-жылдардагы АО “Азык (Жалал- Абад эт комбинаты), АО “Гүл азык” (Майлуу -Суу эт комбинаты), АО “Алена” ишканалары түп орду менен жок болду. Азыр этти иштетүү сезондуу мүнөзгө ээ болгон жана негизинен жеке менчиктеги кустардык, чакан ишканалар менен жургүзүлүүдө. Малдарды сою негизинен шарты ырасталбаган жайларда, санитардык жана ветеринардык көзөмөл жок жүргүзүлүп жатат.

Облустагы эң өнүккөн тармак болгон тамекини кайра иштетүү тармагы да айыл чарбасында тамекини айдап себүү менен байланышкан, дыйкандар акыркы жылдары тамеки экпей коюшту, демек бул тармак да көпкө чейин алгылыктуу иштей албайт. Мурунку чоң АО “Аюуб Булак”, АО “Сары алтын”,” Ала Бука ТФЗ” ишканаларынан эчтеке калган эмес.

Облустун кайра иштетүү өнөр жайынын негизги тармагы болуп ун жана крупа чыгаруу, комбикорма даярдоо, нан жана нан азыктарын чыгаруу болуп саналат. Бул тармакта продукция өндурүү акыркы 10 жылда 3 эсеге жакын өстү, анткени рыноктун шартында ири ишканалар кичинекей ишканаларга салыштырмалуу конкуренцияга туруштук бере албай калган жагдайлар да кездешүүдө М: навайканалар. Ошого карабастан ОСОО “Дан Юг”,ОсОО “Мариям” ишканасы облуста өндүрүлгөн ундун 2010-жылы 49-50% өндүрүүгө жетишти калганы калктын өндүрүштүк иш аракеттеринин (пром деятельн населения- ПДН) эсебинен жетишилүүдө. Бул тармак облустун калкынын керектөөсүнүн тегерегинде же суроо талаптын деңгээлинен өйдө көтөрүлө албайт, анткени бул тармактан биз экспорт кыла албайбыз, тескерисинче жалаң импортко келген буудайдын эсебиненен нан жана нан азыктарын даярдайбыз, себеби өзүбүздүн буудай клейковинасы төмөн болуп өнөр-жайлык кайра иштетүүгө көп туура келе бербейт.

Облустагы негизги өнөр жайлык продукция болуп пахта эсептелет. 2010-жылы облустагы 17 пахтаны кайра иштетүүчү ишканадан 15 ишкана пахтаны кайра иштетүү боюнча иш жүргүзүшүп 11,6 миң тонна таза буласын алышты. Бул пахтаны кайра иштетүүчү ишканалардын өндүрүштүк кубаттуулугу 5-10 % ке гана пайдаланды дегенди билдирет. Алардын ичинен 2010-жылы ОсОО “Limitekc”-2,2 миң тонна, ОсОО”Белхлоппром”-2,4 миң тонна пахта буласын алып башкаларга салыштырмалуу көбүрөөк продукция өндүрүштү. Жогоруда белгилегендей пахтаны өстүрүүнү көбөйтпөсөк бул ишканалар да банкротко учурашы күтүлүүдө, анткени биздин эсептөөлөр боюнча облустун аймагындагы пахтаны кайра иштетүүчү ишканалардын жалпы кубаттуулугу 500 миң тоннадан ашык пахта буласын иштеп чыгууга ыңгайлашкан. Изилдөөлөрүбүздүн жогорку саптарында айтылгандай пахтаны кайра иштетип, пахта буласын (25 миң тонна) экспортко чыгарып гана тим болбостон даяр кездеме, даяр продукция чыгарып экспорттоого жетишишибиз керек бул арзан, өздүк сырьего негизделген текстил өнөр жайын калыбына келтирүү дегенди билдирет. Текстил (жеңил) өнөр жайынын өнүгүшү облустун кайра иштетүү өнөр жайын алдыга сүйрөй турган негизги класстер болуп калышын изилдөөлөр көрсөтүүдө.

Иштебей токтоп турган «Анар» ишканасынын (Кочкората шаары) өндүрүштүк базасында болгон ЖЧК «Эмгек берекеси» (Ноокен району) «Консалтинг» фирмасы (Австрия) менен биргеликте текстиль фабрикасын курушкан, ага 60,0 млн. сомдук инвестиция жумшалган. Аталган ишкана колдонууга берилиши менен 600 киши ишке орношуп, өндүрүштүн көлөмү 100,0 млн. сомду түзгөн. Өндүрүштү кеңейтип толук кубаттуулукта иштетсе 6 млн. метр кездеме чыгарылат, ал үчүн текстилдик фабрикага 1,5 млн. АКШ доллар талап кылынат, ал ишкананын өздүк каражатынан алынышы керек эле маселе толук чечилбей келүүдө. Ушундай эле өндүрүштү кеңейтүүчү ишканалар: «Лиматекс» (Ноокен району) жип чыгаруучу, атайын кийим тигүүчү «Майлуусуу тигүү фабрикасы» (Майлуусуу шаары), Жалал- Абад шаарындагы ОАО “Мата” жана башкалар бар. Облустун 2014-жылга чейинки

өнүгүү стратегиясында өстүрүлгөн пахта сырьесун толук кайрадан иштетүүгө жетишүү т.а. даяр продукцияга - жип, кездеме, тигилген буюм түрүнө чейин жеткирүү болжолдонгон. Ошондо, андан түшкөн кирешенин жалпы суммасы 2,5 млрд. сомдон ашары эсептелген.

Тамак ашты кайра иштетүүчү тармактардан алкоголдук эмес ичимдиктерди өндүрүү (231 эсе) жана минералдык сууларды (107,2%) куюп сатууну баса белгилеп койсо болот, анткени бул эки тармак тең туруктуу, динамикалуу өнүгүү менен бара жатышат (таблица 3.12). Бул тармактарда менчик инвестициянын эсебинен өсүп жаткан республикадагы минералдык суунун 70-75%, алкоголдук эмес ичимдиктердин 30-35%, чыгарган ОАО "Келечек" ишканасын, андан кийинки ОАО "Нур" ишканасын жана бир нече чакан ишканаларды кошууга болот.

Облус Республиканын жашылча өндүрүүсүнүн 15-20 % зын өндүрөт жана айдоо аянтынын 6-7 % зын жашылча аянтын ээлейт. Рыноктук кайра түзүүлөр бул тармакка жакшы жагынан таасир этти жана рынокто жашылча, коон дарбыз өңдүрүү көбөйгөнүн жогор жакта белгилегенбиз. Бирок ушул продукцияларды кайра иштетүү, консервациялоочу өнөр жайы мурунку мезгилден өтө төмөндөп кетти жана жокко эсе болуп калды. Анткени өлкөбүздүн калкы, негизинен консервацияланган жашылча, мөмө жемиштерге болгон керектөөсүн өздөрү даярдап алуу менен канааттандырып жатышат, анткени бул сатып алганга караганда кыйла арзан жана берекелүү болот. Жашылча, мөмө жемиштерди кайра иштетип чет өлкөлөргө чыгарса өтө жакшы болмок, бирок бул маселе бир топ жүйөлүү себептер менен ишке ашпай жатат. Биринчиден биздеги жашылча, мөмө жемишти өндүрүү, сактоо, ташуу, сатуудагы азыркы калыптанган система эле орточо бир жылдык тушүмдүн 40-50% зын жоготууга алып келет экен жана керектөө рыногунун азыркы талаптарына жооп бербейт. Экинчиден бизде чыгарылган жашылча жемиштен консервацияланган продукция товардык түрү боюнча импорттук товарларга атаандаша албайт, бирок аш болумдуулугу, табитке жагымдуулугу, экологиялык жактан тазалыгы боюнча алардан калышпайт, ашса ашып түшөт.

Ошондуктан өзүбүз өндүргөн натуралдык таза жашылча, жемиштен улуттук консервалоочу тармакты кайра бутуна тургузуу, өнүктүрүү, модернизациялоо (жаңы технология) ал үчүн инвестиция тартуу канчалык актуалдуу экенин турмуш көрсөтүүдө.

Мөмө жемиштен кайра иштетилип чыгарылган продукциялардын ассортименти колдонулуп жүргөн техникалык-нормативдик документтерге ылайык өтө эле көп, бирок биздин облустун ишканалары тарабынан 2000-жылдары 8 аталыштагы продукция чыгарганбыз. Ошондо иштеп турган АО “Жүзүм –Шарап”, ОсОО “Жийде”, ОсОО “Байлык”, ОсОО “Калача”, ПК “Рахманжан”, ГПП “Мүрөк”, АО “Жибек -Жолу” ишканалары эскирген жабдуулары, чектелген ассортименти, продукциянын тышкы келбетинин рынокко атаандаша албагандыгы, айланма каражаттын жоктугунан 2010-жылга бир сомдук да продукция бере алышпады, болгону бир чакан ишкана 2,5 тонна консерваланган продукция жасалды деп статистикалык учеттон өткөргөн.

Жашылча жемишти кайра иштетүүчү өнөр жайдын тармагын көтөрүү, аны атаандашууга жөндөмдүү кылуу, негизинен экспортко багытталган продукцияларды чыгаруу үчүн, үч өз алдынча факторлорду түзүп бириктирүү керек болууда;

- эн биринчи бул жогорку сапаттагы көрсөткүчтөрү бар жана керектөөчүлөрдүн табитине туура келген жагымдуу, таза айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү технологияны колдонуу;

-экинчиден өндүрүлгөн продукцияны каптоодо керектөөчүгө бардык тараптан колдонууга ыңгайлуулугун камсыз кылуу керек (дизиайн,сыйымдуулугу, сактоого, пайдаланууга ыңгайлуулугу) ;

-үчүнчүдөн өндүрүү технологиясы эң алдыңкы болуп, ресурстарды үнөмдүү пайдаланууга ыңгайланышы керек, канчалык товардын өзүнө турган наркы төмөн болсо, ошончолук өндүрүлгөн дүң баасы, кийин сатуу баасы да төмөн болот жана дүйнөлүк рынокто атаандашуучулукка туруштук бере алат.

Облустагы консерва жасоочу өндүрүшкө аймактагы жапайы өскөн сырьелордон (чычырканак, ит мурун, долоно, айбан сары ж.б.) мөмө жемиштен

жасалган жаңы консервалар катары, өзүнө таандык биологиялык сапаттарын жана курамындагы баалуу компоненттерин сактоо менен даярдаса чоң кошумча болор эле.

Жыйынтыктап айтканда Жалал Абад облусунун мөмө жемиштерин, жер жемиштерин кайра иштетип сырткы рынокко алып чыгуу төмөндөгү приоритеттүү багыттарды сактоо менен камсыз кылса болот;

-кургатылган мөмө жемиштер, жер жемиштер, жапайы жемиштер;

-аш болумдуу сапаттары жогорулатылган консерваланган жана пастерленген продукцияларды чыгаруу;

Жалал Абад облусунда айыл чарба сырьелорун кайра иштетүү жана даяр продукцияларды чыгарууда, адистештирилген ири ишканалардын катарында кичи ишканалардын, мини цехтердин, жеке ишкерлердин орду чоң (табл. 3.12).

**Таблица 3.12-Тамак аш өнөр жай тармагында иштеп жаткан кичи ишканалардын жана ишкерлердин саны.2012 ж.**

| Цехтин, кичи ишкананын аталыштары | саны |
|---|---|
| Кичи тегирмендер | 405 |
| Өсүмдүк майын чыгаруучу цехтер | 267 |
| Навайканалар | 221 |
| Суу,алкоголдук эмес ичимдик цехтер | 44 |
| Макарон чыгаруучу цехтер | 15 |
| Акжубаздар (күрүч актоо) | 43 |
| Балмуздак чыгаруучу цехтер | 42 |

Маалымат булак : Автордун изилдөөсү.

Жогорудагы кичи ишканалар тарабынан күрүч актоонун 100 % зы, өсүмдүк майын өндүрүүнүн 95-99% зы, нан жабуунун 95% зы, алкоголдук эмес ичимдиктерди өндүрүүнүн 59% зы, кондитердик азыктардын 50% зы, минералдык суулардын 18 % зы ж.б айыл чарба сырьелорун кайра иштетүү жүргүзүлүүдө. Бирок булардын саны 2000-жылдарга салыштырмалуу кыскарды. Эгерде 2000-жылы булардын жалпы саны 1400 гө жетсе (козу карындай эле жайнаган) 2010-жылы катталганы 1037 болуп 370 ке азайган, анын ичинен да 20-30 % зы ар кандай себептер менен иштебей турушат,

себеби атаандашуучулуктун принциптерине ылайык улам натыйжалуу иштегени, керектөөчүлөрдүн талабына жооп бергени калып, алардын сапаты жакшырып, масштабы чоңоюп бара жатат. Ошол эле мезгилде майжубаз, акжубаздар айыл жеринде көбүрөөк колдонулуп, шаардыктар колго тартылганга караганда импортко келе баштаган арзан тамак аш товарларына көнүл бура баштаашты.

Сөзүбүздүн акырында айтарыбыз. айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагындагы негизги проблема - айыл чарбасында өндүрүлгөн продукциянын жалпы көлөмүнүн 30,0 пайызына жакыны гана кайра иштетүүгө дуушар болот. Ошондуктан облустун өнүгүү стратегиясында бул көрсөткүчтү 60,0 пайызга жеткирүү, сырье эмес, даяр продукцияны экспортко чыгаруу белгиленген. Ал үчүн кайра иштетүү өнөр жайынын өнүгүшүнө ыңгайлуу жагдайларды түзүү керек алар:

-тармакка инвестицияны активдүү тартуу;

-ишканалардын финансалык абалын жандандырууга таасир этүү;

-бүткөн технологиялык цикли бар (айыл чарба сырьесун сатып алгандан даяр продукция чыгарганга чейин) өндүруштүн интегралдык (бир нече майдалардын суммасы) системасын киргизүү;

-ишканаларды сырье менен өз убагында сапатуу камсыз кылуу, ошол эле убакта ар бир ишкананын менчик сырьелук базасын түзгөнгө жардамдашуу;

-айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөр менен кайра иштетүүчулөрдүн ортосундагы айыл чарба продукцияларын коюу боюнча келиіпестиктерди жоюу;

-ата журттун товар өндүрүүчүлөрүн ар жактан колдоо көрсөтүү, аларды колдогон саясатты жүргүзүү;

-өндүрүлгөн продукцияны рыноктун талабына ылайык экспортко жөнөтүү механизмин иштеп чыгуу керек;

**Туризм жөнүндө**

Облуста туризмди жана туризм жаатында кызматташууну өнүктүрүү үчүн чоң келечектер бар, анткени биздеги бай жана кооз жаратылыш ресурстары, кол

менен жасап койгондой тоолуу, табихый пейзаж көп өлкөлөрдө жок. Жалал Абад облустунда курорттук, жаратылыштын дарылык касиеттерин пайдалануу жана касиетүү жерлерге сыйынуу сыяктуу туризмдин түрлөрү өнүккөн. Облустагы туризмдин негизи Советтер Союзу ири держава, бир мамлекет болуп турганда (1970-1985 жылдар) түзүлгөн. Ошол мезгилде Кыргызстандын түштүгүндөгү кооз жаратылыш климатын көрсөтүү үчүн, бир нече союздук маанидеги турбазалар түзүлгөн эле, ал турбазаларда жөө, атчан туристик маршруттар түзүлүп Союздун ар бурчунан, айрыкча Сибирь аймагынан пландуу түрдө туристтер агылып келе баштаган, мындан сырткары коңшулаш Өзбекстандан Ала- Бука районундагы Сафед- Булаң мазарына, Чаткалдагы Ыдырыс пайгамбардын жайына, Базар- Коргон районунун Арстанбап -Ата, Актайлак -Ата күмбөздөрүнө сыйынууга келген туристтердин саны эң жогорку точкасына жеткен эле, же туристтик индустрия Кыргызстанда дүркүрөп өнүгүү башатында болчу. Облустун аймагында ошол мезгилде түзүлгөн, кийин эгемендүүлүк алганда сакталып калган (көбү талкаланып кетти) төмөндөгү туристтик комплекстер бар.

“Арстанбап- Ата” туристтик базасы 1974-жылы түзүлгөн, деңиз деңгээлинен 1700 метр бийиктикте турат, Жалал- Абад шаарынан 85 км алыстыкта жайгашкан. Туристтик база жаңгак жана мөмөлүү токойдун курчоосунан орун алган жана 300 орунга эсептелген.

“Арстанбап” пансионаты - ден соолукту оңдоочу, курорт тибиндеги пансионат. 1980-жылы негизделген. Жалал- Абад шаарынан 70 км алыстыкта жайгашкан, деңиз деңгээлинен 1400-1500 метр бийиктикте турат. 500 эс алуучуга плпандаштырылган. Ден соолукту оңдоочу борбор “Азия Треккинг” 1998-жылы негизделген. Деңиз дээңгээлинен 1900-2000 метр бийиктикте жаңгак токоюнун ортосунан орун алган, кабыл алуу кубаттуулугу 240 орунду түзөт.

“Жалал- Абад” санаторий-курорту 1887-жылы негизделген, деңиз дэңгээлинен 975 м бийиктикте турат. Курортту мисте жана башка токой тилкелери курчап турат. Дарылоо каражаттары: -жер түбүнөн чыккан ысык

суулар, торфтук ылай алар бөйрөк, тери оорууларын, кыймылдоо, таянуу органдарын, нерв системасын, ашказан оорууларын, алдын алуу, дарылоо боюнча теңдешсиз касиетке ээ.

"Шах-Фазилдин күмбөзү" кирпичтен курулган үстү тегерек, купол, мечит түрүндөгү 11-12 кылымдарга тандык, бийиктиги 15-16 метр келген имарат. Исламды Орто Азияга жайылтуу үчүн келишип ушул жерде ислам дини үчүн өлүмдү кабыл алышкан 2700 дөн ашык араб жоокерлеринин мүрзөсүнө алардын урматына тургузулган. Эл аралык мааниге ээ, ислам динине сыйынуучулар үчүн чоң мааниси бар. Ала- Бука районунун Сафед- Булан кыштагында жайгашкан. Мындан сырткары тарыхый-архитектуралык мааниси бар ошол эле мезгилде сыйынуучуларды кабыл алатурган 15-17 кылымдарга таандык Ыдырыс пайгамбардын," Арстанбап- Атанын күмбөздөрүн, Тогуз - Торо районундагы уникалдуу таштарга тартылган сүрөттөр жана жазуулары бар "Саймалуу таш" тарыхый эстелигин кошууга болот. Облустун аймагында кол тийбеген жаратылышы бар 3 жаратылыш коругу бар жана алардын ичинде Сары- Челек коругу ЮНЕСКОнун учетунда турат. Туристтерди өзүнө тарткан, мындай кооз жерлер, тарыхый эстеликтер облусубуздун аймагында өтө көп, аларды төмөнкү 3.13 таблица аркылуу берсе болот.

**Таблица 3.13-Жалал – Абад облусунун туристтик мекемелери жөнүндө маалымат 01.01.2012 ж..**

| Туристик мекемелер | Жайгашкан жери | 2001 ж | | 2011 ж | | Туристтик мекемелер дин түрү (тип) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | адамдар саны | киреше миң.сом | адамдар саны | киреше миң.сом | |
| Пансионат «Арстанбап» | Базар-Корг. району | 1420 | 2280,0 | 5300 | 3800,0 | Стационардуу көп күндүк |
| Турбаза «Арстанбап» | Базар-Корг. району | 2469 | 469,0 | 7864 | 1710,3 | Стационардуу көп күндүк |
| «Нефтяник» эс алуу зонасы | Базар-Корг. району | 2000 | 40,0 | - | - | Сезондуу (иштебейт) |
| Турбаза «Сары-Челек» | Аксы р-ну | 253 | 11,0 | 30 | 3,0 | Сезондуу толук иш-т |
| «Сары-Челек» эс алуу зонасы | Аксы району | 705 | 19,26 | 7250 | 280,3 | Стационардуу кыска мөөнөттүү |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| «Кашка-Суу» эс алуу зонасы | Аксы району | 260 | 4,89 | 140 | 14,0 | Стационардуу кыска мөөнөттүү |
| «Жалал-Абад» санаториясы | Джалал-Абад ш. | 2434 | 11965,0 | 2576 | 19089,0 | Стационардуу жыл бою |
| Акбалтыркан эс алуу зонасы | Ала-Бука району | 110 | 1,95 | - | - | жоюлган |
| Кыргызконуш эс алуу зонасы | Ала-Бука району | 40 | 3,15 | - | - | жоюлган |
| Келечек» турборбору | Токтогул району | 1950 | 20,05 | - | - | Убактылуу иштебейт |
| Суусактагыч эс алуу борбор | Кара-Көл ш. | 880 | 36,5 | 4205 | 1580,5 | Стационардуу кыска мөөнөттүү |
| Облус б/нча | | 12521 | 14851,2 | 27365 | 26477,1 | |

Маалымат булак : Жалал-Абад областтык статистика башкармасы.

Таблицада көрүнүп тургандай 2001- жылга салыштырмалуу “Арстанбап” пансионатында, “Арстанбап” турбазасында келген туристердин саны 2 эседен ашыкча көбөйгөн, бирок булардын саны союз тарай электе келип кеткен туристтердин санынан өтө эле аздык кылат. Бирок бул комплекстердин материалдык техникалык базалары эски, иштеген мезгили сезондуу гана мүнөзгө ээ. Негизги көрсөткөн кызматынан башка (жайгаштыруу,тамактандыруу, транспорттук жана экскурсиялык кызмат көрсөтүүдөн) башка кошумча кызмат көрсөтүүлөр жокко эсе, болбосом туристтик инфраструктуралары өнүккөн өлкөлөрдө кошумча кызмат корсөтүүдөн жалпы туризмдин көрсөткөн кызматынын 50 % на чейин акчалай киреше түзөт. Ири туристтик комплекс катары эсептелген “Жалал Абад” санаториясы негизинен 2001-жылкы деңгээлде эс алуучуларды кабыл алган, же он жыл бою бир калыпта иштеген менен, ири өзгөрүүлөр болгон эмес, бир агымда (поток) 80-100 адам келип эс алып дарыланышкан, бул өтө эле аз, санаторий союздун мезгилинде бир кабыл алганда 250 адамдан жогору кабыл алууга жетишкен. Материалдык техникалык

базасын, айрыкча дарылоо комплексинин жабдууларын кайрадан карап чыгуу керек, көп иштер мурун автоматташтырылган болсо азыр кол күчү менен ишке ашырылат. Эч ким туризмге коңул бурбагандыктан, Кыргызстанга башка өлкөлөрдөн туристтер келбегендиктен бир нече эс алуу борборлору жоюлуп тарап кеткен, иштебей калган. Ак-Балтыркан», «Кайнама –Кыргыз- конушу» эс алуу зоналары, Келечек» туристтик борбору,” Сары- Челек” туристтик базалары иштебей калышкан же жоюлуп кетиши өтө өкүнүчтүү. Ошого карабастан облусубуздун бардык райондорунда жайкысын кооз капчыгайларга, шар аккан суунун бойлорунда, жайлоолордо боз үйлөр тигилип дем алыш күндөрү эс алууга келген туристтерди күтүү, айрыкча бээнин жаңы саалган сүтү менен дарылоо аркылуу кызмат көрсөтүү күч алууда, бирок булардын баарын өз аймагында учетко алып туристтик кызмат көрсөтүү катары статистикалык байкоо жүргүзүп, статистикалык отчетун берген айыл өкмөттөрү жокко эсе болууда. Буларды уюштурган ишкерлер патент менен иштеп,салыгын гана төгүү менен чектелишет, ушундай ишкерлерден туристик кызмат көрсөтүүнүн статистикалык учетун алуу мүмкүн болбой жатат, алардан учет алуу боюнча методология иштеп чыгуу зарыл болууда.

Туризм - өзүнө кызмат көрсөтүүнүн мүмкүн болгон көп түрлөрүн камтыган тармак болуп эсептелинет; мейманканаларда, ресторандарда,кемпингдерде, пансионаттарда квалификациялуу тейлөөдөн тартып, медициналык, спорттук жана куткаруучулук кызмат көрсөтүүгө чейин тартылат. Биздеги туристтик ишканаларда өтө тар, бир беткей эле кызматтын түрлөрү көрсөтүлөт, натыйжада туристтик мекмелердин акчалай кирешеси аз жана чектелүү гана болот. Мунун өзү облуста туристтик ишканалардын кирешесин көбөйтүүнүн чоң мүмкүнчүлүктөрү бар экендигинен кабар берип турат. Ошондой тармактардын бири элдик

уздардын, чеберлердин улуттук жана декоративдик искусствонун товарларын өндүрүүсүн жана сатуусун айтууга болот. Облуста бул тармакта жүздөн ашуун усталар, чеберлер, уздар бар, алар ар кандай улуттук сувенирлерди кийизден, жыгачтан, күмүштөн, териден жасашат. Мындан сырткары улуттук кийимдерди, ат жабдыктарды, музыкалык аспаптарды, турмуш тиричиликке колдонулган идиш аяк, буюм бучкактарды жасап сатышат. Чындыгында туризм тармагы өнүксө, биздин жашообуздагы бардык тармактарга таасирин тийгизет, аларда кошумча жумуш ордун түзүүгө, кошумча кесипке ээ болууга шарт түзөт.

Туристтик кызмат көрсөтүүдө аныктоочу көрсөткүч бул туристтерди жайгаштыруу,жаткырууга түзүлгөн шарт болуп эсептелинет. Аларга мейманканалар, хотелдер, пансионаттар, туристтик базалар, кемпингдер, боз үйлөр ж.б кирет. 2001-жылга салыштырмалуу 2011-жылы мейманкалардан түшкөн кирешенин суммасы 10 жылда 2,2 эсе өскөнү менен, азыркы бар мейманканалар жана башка эс алуучу жайлар Жалал-Абад облусуна келген потенциалдуу туристтер үчүн аздык кылат жана алардын эл аралык стандартка ылайык, заманбап тейлөөсунүн деңгээли төмөн бойдон калууда.

Турист катары келген эс алуучуну, таанып билүү туризмин өнүктүрбөй туруп толук кандуу эс алды деп айтууга болбойт. Облусту таанып билдирүү үчүн музейлердин ролу жогору, облуста 8 ден ашык музейлер бар. Музейлер да рыноктун шартына ыңгайлашып өздөрүнө болгон суроо талаптарды өстүрүү керек. Ал үчун облустагы музейлерди дүйнөлүк музейлердин деңгээлине келтирүү зарылдыгы чыгат. Музейлерди тартипке келтирүү боюнча мамлекеттик масштабда программалык иш алып барууга убакыт жетти. Айрыкча Сары- Челек коругундагы фауна жана флорасын чагылдырган музей, белгилүү адамдардын өмүрүн чагылдырган музейлер туристтер үчүн өтө кызыктуу болор эле.

Облуста тоолорго, кооз жерлерге, жаратылыштын койнунда түнөө менен, экскурсия - саякат жасоо туризмин өнүктүрүү керек, ал үчүн союз мезгилинде башталган Сулайман Тоо -Арстапбап Ата- Сары –Челек- Беш-

Аралды байланыштырган жөө туризмдин маршруттарын калыптандыруу зарыл. Тоолорго экскурсия жасоо туризми өтө деле оор эмес, кымбатка турган жасалгалоону деле көп талап кылбайт. Өтө чоң эмес алачыктар (хижина), чатырлардын лагерчесин куруп, топ топ (группа) болгон туристерди кошуна өлкөлөрдөн чакыруу же, мурунку туристтик базаларды жандандыруу жана ал базага келип жайгашып анан облустун али цивилизациянын запкысын тарта элек, булгана элек ландшафты бар, экологиялык жактан таза жаратылышын кыдырып көрүүгө болот. Ушул жерде эле, кыргыз элинин улуттук этнографиясы менен, мурунку көчмөн турмуштун маданияты менен тааныштырууга болот. Алыскы жана жакынкы чет өлкөдөн келгендерди биздин элибиз менен оозмо ооз сүйлөшкөнгө кызыкканы, каада салттар менен таанышканы, улуттук оюндарга, үйлөнүү үлпөттөрүн көргөнү кызыктырат. Облусубуздун аймагында, илгеркилерден калган көптөгөн тарыхый жана маданий эстеликтер, алгачкы коомдо адамдар жашаган үңкүрлөр, таштардагы, аскалардагы уникалдуу руналык жазуулар, сүрөттөр бар. Экскурциялык, саякат жасоо жана таанып билүү туризмине ушулардын баарын кошуп, саны азыраак (аз station) бирок кымбат акча төлөгөн туристтерди тартуу өз натыйжасын берүүдө. Улуу Жибек жолунун изи менен жүрүштөрдү, экскурсиаларды да уюштурса болот. Жогоруда объектилерин атап кеткен ыйык жерлерге сыйынуу туризми да бизде өтө өнүгөт эле, ал үчүн мамлекеттер аралык, айрыкча коңшу Өзбекстан менен чек арадан эркин өтүү, достук маселесин чечүү негизги фактор болуп калууда.

“Жалал Абад облусунун комплекстүү өнүгүүнүн негиздери” деген китепте (86) облустун аймагында 7 туристтик зонага бөлүүнү сунуш кылышкан, биздин изилдөөбүздө облусту потенциялдуу 5 туристтик зонага бөлүп, шарттуу белгилер менен картага тушүрүп, жарнама катары жайылтуу керек экендигин сунуш кылар элек.

1.Сафед Булан зонасы. **Биз бул зонаны Падыша Ата-Сафед Булан зонасы деп атоону туура көрдүк.** Кошуна Өзбекстан менен чек ара маселеси чечилбегендиктен бул тарыхый эстеликке Кыргызстандан, башка өлкөлөрдөн

баргандар Аксы району менен айланып барууга туура келет, Кербен шаарынан 25-30 км алыстыкта жайгашкан. Ушул жолдо эле Падыша- Ата күмбөзү жана Падыша- Ата коругу жайланышкан, Кербен шаарынан 20 км алыстыкта турат. Демек бул зонага баргандар бир жумалык график түзүп барса толугу менен ошол зонаны көрүп чыгууга болот. Ал эми Сафед -Булан мазары Өзбекстан менен чектешип 2-3 км алыстыкта турат, эгер чек ара маселеси чечилсе жума күндөрү эле Өзбекстандан 400-500 сыйынуучулар чыгышат эле, атеизм өнүгүп турган союз мезгилинде бул жерге мындан да көп сыйынуучулар келишкен. Азыркы күндө Сафед -Булан мазарына Араб өлкөлөрүнөн инвесторлор кызыгып жатышат.

2.**Сары Челек зонасы** . Биз бул зонанын аталышы менен маакулбуз. Бул зонада Чаткал кырка тоолорунун түштүк этектеринде , Кой -Ата суусунун суу алыш бассейнинде Сары- Челек коругу жайланышкан. Коруктун дал ортосунда жүрөгү катары –дүйнөдөгү табихый көлдөрдүн эң сулуусу Сары -Челек көлү орун алган. Сары -Челек көлү менен катар күн чыгыш жагында Чаткал тоолорунун арасында дагы бир кооз Каракамыш көлү жайгашкан. Сары- Челек коругунун, Каракамыш көлүнүн, кооз жаратылышын жөө саякат аркылуу көрсөтүү максатында Сары- Челек турбазасы түзүлгон эле. Азыр ошол турбазаны кайра жандандыруу; жөө, атчан, мергенчилик, таанып билүү ж.б туризмдин түрлөрүн өнүктүрүү маселеси күн тартибинде турат. Ошондой эле эс алуучуларды кабыл алуучу үй бүлөлүк туризмди (жеке ишкерлер) да өнүктүрсө болот.

3.Жогорудугы китепте Арстанбап зонасы жана “Кызыл Үңкүр” зонасы эки зонага болунүп калган биздин оюбузча бул эки зонаны кошуп **“Арстанбап-Кызыл- Үңкүр”** деп атасак туура болчудай, анткени 70 км Жалал Абаддан Арстанбапка барып, 15-20 км калган Кызыл Үнкүргө барып келүү оңой болот. Тоого чыгуу, саякат жасоо туризмин өнүктүрүү үчүн тоолор, жаратылыш объектилери, маршруттары да окшош болушат. Арстанбап турбазасын база кылып алып Кызыл -Үңкүрдүн үңкүрлөрүн, Кара- Көл, Кең- Көл көлдөрүн, шаркыратмаларын, Арстанбаптын чоң, кичине

шаркыратмаларын жөө маршрут менен кыдырып, тоолордо түнөп көрүүгө болот.

4. **Көк- Арт-Саймалуу Таш зонасы**. Кара- Алма өрөөнү жаңгак-мөмөлүү токой боюнча Фергана тоо кыркаларынын түштүк батыш этегиндеги эң кооз жерлердин бири деп эсептелинет. Ал эми Көк- Арт өрөөнүндөгү Курманбек баатырдын күмбөзү, өрөөндүн башында деңиз денгээлинен 3000 метр бийиктикте Саймалуу -Таш он миңдеген таштарга жазылган жазуулардын жыйындысы же галареясы орун алган. Саймалуу -Таш административдик бөлүнүү боюнча Тогуз- Торо районуна караганы менен туристтерге барып көргөнгө Көк- Арт өрөөнү менен барганы өтө ыңгайлуу жана жагымдуу болот. Жөө туризмдин базасын Кара- Алма жаңгак токоюнда жайгаштырып экскурсиянын бир маршрутун Калмак- Кырчын аркылуу Саймалуу- Ташка барып келе турган кылып түзсө көп туристтерди өзүнө тартар эле. Бул маршруттарды иштеп чыгып интернет аркылуу өнүккөн капиталисттик өлкөлөргө таратуу өз натыйжасын берет деп ишенсе болот.

5. **Шамшыкал -Чычкан зонасы**. Токтогул району аркылуу Бишкек – Ош жолунун эң кооз, эң маанилүү бөлүгү өтөт. Бул район транзиттик туризмди өнүктүрүүгө эң маанилүү. Ошол эле мезгилде Шамшыкал Атага сыйынуу Чычкан капчыгайынын ичинде эс алуучуларды, айрыкча чакан топ болгон чет элдиктерди кабыл алуу, бээнин сүтү менен дарылоо, балдардын эс алуу лагерлеринин, Токтогул суу сактагычынын жээгиндеги эс алуу жайларынын иштей башташы, бул жерде чоң мүмкүнчүлүктөр бар экенинен кабар берет.

Жалал -Абад облусунун рекреациондук комплексин келечекте өнүктүрүү үчүн Жалал Абад курортун союз мезгилиндегидей эл аралык куррорттук-туристтик бирикмеге айландыруу керек. Мындай бирикменин курамына туристтик комплекстен сырткары, ылай, ысык суу менен дарылануучу, үй бүлөлүк эс алуучу санаторий жана пансионаттарды кошууга болот. Туристтик комплекс бирдиктүү административдик-чарбалык звеного ээ болушу керек, эс алуу жана көнүл ачуучу жайлары бар жана сууну, электр,

жылуулук энергиясы менен камсыз болуучу бирдиктүү системага ээ болушу шарт. Мындай комплекстер жыл бою, натыйжалуу, толук кандуу иштей алышат. Бул курорттун дарылык касиетин алыскы жакынкы, чет өлкөлөргө жайылтуу туристтердин көп келишине шарт түзөт, бир сөз менен айтканда Жалал -Абад курортунун келечеги али алдыда.

Жалал- Абад облусунда туризмди өнүктүрүүнүн бир нече комплекстүү проблемалары бар, эгер ушуларды чече алсак облустун экономикасынын бир приоритеттүү тармагы дүркүрөп өнугүп кетер эле, алар;

Биринчи- туристтер келе турган өлкөлөр менен түз аба байланышынын жоктугу, эл аралык авиатранспорт жок болсо, туризм жок деп койсо болот. Ошол эле мезгилде курорттук комплекстер дүйнөлүк туризм боюнча рынокто атаандашууга жөндөмдүү болушу жана ал жөнүндө жарнамалар чет өлкөлөрдө жеткиликтүү болушу керек. Дүйнөлүк аба жолдору аркылуу ташуудагы атаандашуучулук, туризм рыногундагы атаандашуучулук менен тыгыз байланышкан, түз аба байланышы болбосо өтө өнүккөн туризм дагы ордунан жыла албай калат.

Экинчи –мейманканалар, алар сервировка боюнча эл аралык стандартка туура келбейт, категориясы жок.

Үчүнчү –начар жарнама, туристтик информация кызматтарынын жоктугу. Туристке керек болгон бардык информация жеткиликтүү, так, пайдалуу болушу керек.

Төртүнчү -потенциалдуу инвесторлорду тартуу үчүн бизнес-сфераны өнүктүрүү керек. Эл аралык эксперттерди катыштырып кайсыл туризмдин түрү облуска пайдалуу, кайсы кызматтар менен айкалыштырса болот, аларды өнүктүрүүнүн жолдору, тартибин аныктоо керек жана аны туризмди онүктүрүү боюнча көрсөтмө курал, столдук китепче катары колдонуу туура болот.

Бешинчи -туризмди мындан ары өнүктүрүүгө инвестиция керектелет. Бул багытта Казакстан, Россия өлкөлөрү алыскы чет өлкөлөрдөн

инвесторлорду табуу керек. Улуу Жибек жолун жандандыруу максатында Кытай, Индия мамлекеттери менен иш алып барса туура болор эле.

Жалал Абад облусу туристтик регион катары –туризм тармагын дайыма өстүрүп, өнүктүрүп, анын атаандашуучулук жөндөмдүүлүгүн арттыруунун үстүндө иш алып барышы күн тартибинде турат.

## 3.3 Кыргыз Республикасынын инвестициялык саясатынын алкагында Жалал-Абад облусунун өнүгүүсүнүн кээ бир багыттары.

Азыркы мезгилдеги Кыргызстанда түзүлгөн социалдык- экономикалык абал, өлкөдө социалдык-экономикалык потенциалдын бардык тутумун (эмгек ресурстарынын сапатын жогорулатуу, калктын экономикалык активдүүлүгүн арттыруу, турмуш шартын жакшыртуу, өндүрүштүн натыйжалуулугун көтөрүү, транспорттук, рыноктук инфраструктураны өнүктүрүү ж.б) натыйжалуу пайдалануу аркылуу, экономикалык өсүүнү камсыз кылган активдүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүнү алдыга коюп жатат. Ушуга байланыштуу биринчи кезекте, регионалдык экономикалык саясатты жүргүзүүчү мамлекеттик институттардын орду жана ролу жөнүндө маселени карап, тактап алышыбыз керек [12]. Мындай анализди өнүккөн чет элдик мамлекеттердин жана кошуна Россиянын мисалында алардын тарыхый эволюциялык өнүгүүсүндө жүргүзгөн регионалдык саясаттарынын түрлөрүн изилдеп олтуруп, алардын өнүгүүсүндөгү негизги тенденцияларды, жетишкендиктерин жана кемчиликтерин аныктап, аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыкса болот. Себеби Кыргызстанда регионалдык саясат али калыптана элек жана илимий жактан колдоо ала элек. Ошондуктан өнүккөн регионалдык саясаты бар өлкөлөрдөн үлгү алууга туура келет.

Алардагы регионалдык саясаттын эволюциясын окуп үйрөнүп олтуруп регионалдык саясатты аныктоонун 2 жолу жана анын эки деңгээли бар экендигин белгилесе болот. Биринчиси-бул жалпы мамлекеттик деңгээлден жүргүзүлгөн регионалдык саясат, экинчиси - жергиликтүү бийликтер

жүргүзүүчү социалдык-экономикалык саясат болуп эсептелинет. Традиция боюнча көбүрөөк көңүл жалпы мамлекет жүргүзгөн регионалдык саясатка бөлүнөт, ошондуктан сөздү ушул багытта баштоо туура болот.

Союз мезгилинде өзүнчө регион болуп жүргөн Кыргызстан союз таркагандан кийин өз алдынча болгон 7 регионго же 7 облуска бөлүндү, мунун баары- экономикалык иш аракеттер жана тышкы соода либерализация болгон экономикалык реформанын натыйжасы болду десек жаңылышбайбыз. Рыноктук экономикага өткөнүбүз менен советтик мезгилге таандык болгон эски "ооруулар", көбүнчө дотацияда олтурган кичинекей Кыргызстандын ичинде эле көрүнө баштады. Региондор ортосундагы калктын жашоо денгээли, өндүрүштүн өнүгүшү, маданий өнүгүүдөгү айрымачылыктар күч алып, турмуш бетине калкып чыгып, Кыргыз Өкмөтүнүн алдына бир топ көйгөйлүү маселелерди жарата алды.

Бирок региондор ортосундагы маселелерди чечүү үчүн жаңы концепцияны, өлкөнүн регионалдык саясатынынын иш чараларын иштеп чыгуу Кыргыз Өкмөтү тарабынан өзүн өзү актай албай турган көп убакытка созулду. Ал гана эмес региондордун социалдык-экономикалык потенциялын анализ кылган 2- бапта көрүнгөндөй 20 жыл реформадан кийин деле региондор ортосундагы чечүүнү талап кылган курч айрымачылыктар бар экендигин анализ көрсөтүп турат.

Бул проблемаларды чечүү үчүн биринчи кезекте мамлекеттин регионалдык саясатынын принципиалдуу багыттарын аныктаган укуктук нормативдик акт керек болот. Кыргызстан көп мамлекеттик саясатты жүргүзүүдө кошуна Россия мамлекетине окшошууга, алардан көп нерсени алууга аракет жасайт. Регионалдык саясатты өнүктүрүү Россия үчүн аба менен суудай керек, анткени алардагы региондор мурунтан калыптанган, алардын ортосундагы чечүүнү талап кылган көйгөйлүү маселелер рыноктук экономикага өткөндөн кийин ого бетер күч алган. Ошондуктан да Россия Федерациясынын Указы менен 1996-жылдын 3-июнунда № 803 "Мамлекеттик регионалдык саясаттын негизги жоболору" деген маанилүү

документ кабыл алынган. Ал эми ушул учурда Кыргыз Республикасында мамлекеттик регионалдык саясат али актуалдуулугун, маанилүүлүгүн ала элек болчу, натыйжада мындай укуктук документ кабыл алынган эмес. Ушунун өзү Кыргызстанда коңшулаш Казакстанга же Россияга салыштырмалуу деңгээлде мамлекеттик регионалдык саясат жок экендигинен кабар берип тургансыйт. Чындыгында Кыргызстанды, өтө чоң аянттары, шаарлары бар- региондордон б.а. административдик-аймактык субъекттери болгон - облустардан, республикалардан турган Россия Федерациясына салыштырып болбойт аларга туура келген өсүүнүн жаңы теорияларынын сунуштары көп учурда бизге туура келбейт. Ошол эле мезгилде биздин тарыхый жана маданий өзгөчөлүгүбүздү, социалдык абалыбызды эске алган өзүбүздүн регионалдык саясат болушу керек. Изилдөөлөрүбүздүн башында 1-главада биз, Кыргызстан үчүн регион деп административдик аймактык бөлүүлөрдөгү 7 облустарды жана эки шаарды (социалдык-экономикалык комплекс катары) түшүнүүгө аракет кылганбыз. Мындан ары да Өлкөбүздө мамлекеттик регионалдык саясаттын концепциясын толуктап иштеп чыкканда (2012-2020-жылдарга) региондор дегенде азыркы облустарды түшүнүү парадигмасын негиз кылып алып аларды өнүктүрүүнүн жолдорун белгилесе туура болот.

Кыргызстанда Баткен облусун түзүү да өз мезгилинде туура чечилген мамлекеттик регионалдык саясат деп айтсак болот, себеби биринчи эле чек ара маселесинин туура чечилишине шарт түздү, экинчи элдин жашоо турмушундагы айрымачылыктар азайды, жашоо жакшырды, маданият тармагындагы айрымачылыктар жоюлду, жогорку окуу жайлары бар, инфраструктурасы өнүккөн Баткен шаары өсүп чыкты. Башка облустардын өнүгүүсүнүн азыркы абалы жөнүндө ушуну айтууга болот, демек Кыргызстанда кандай административдик-аймактык реформа болсо да облус деген структура калышы керек.

Региондорду өнүктүрүү, регионалдык мамлекеттик саясат жөнүндө маселе алгач ирет Кыргызстандын “2001-жылы кабыл алынган Кыргыз

Республикасынын 2010-жылга чейинки Комплекстүү өнүгүүсүнүн негиздери" деген Президенттин Указы менен бекитилген жалпы өнүгүү стратегиясында "региондордун өнүгүүдөгү ролу жана катышуусу" деген бөлүм болуп камтылган. Президенттин 31 март 2009-жылдагы УП №183 Указы менен бекитилген "Өлкөнүн 2009-2011 жылдарга өнүгүү стратегиясы жөнүндө" документте биринчи жолу: "Бүгүнкү күндө өнүгүү деңгээли жана потенциалы боюнча региондор төмөндөгүдөй классификацияга ээ; салыштырмалуу өнүккөндөр-Бишкек ш., Ыссык- Көл, Чүй, Жалал- Абад, Ош облустары, начар өнүккөндөрү - Нарын, Талас жана Баткен облустары" [10] деп айтылган.

Ушул стратегияда келтирилгендей азыркы мезгилде да региондордун баардыгына таандык приоритеттерин, өнүгүү принциптерин аныктаган мамлекеттин бирдиктүү саясат жок. Натыйжада республика боюнча региондордун өнүгүүсүн жеткиликтүү координация кылган, ийгиликтүү иштеген региондорду баалаган механизм өнүккөн эмес, региондордун ортосунда өз ара кооперация маселеси начар өнуккөн. Азыркы учурда да региондор менен тармактык министерстволордун ортосунда стратегиялык өнүгүү планын өз ара маакулдашуу, дал келиштирүүчүлүк механизми иштелип чыкпаган. Региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн иретке келтирүү боюнча борбордук жана жергиликтүү аткаруу бийликтеринин функцияларын так жана таасирлүү чектөө боюнча маселе аягына чейин чыга элек. Региондордун көпчүлүк полномочиелери (бийлиги) тиешелүү нормативдик-укуктук жактан бекитилбеген, натыйжада регионалдык өнүгүүдөгү кийинкиге калтырууга мүмкүн болбогон, зарыл маселелерди чечүүдө тоскоол болууда. Бул айтылган маселелер 2009-жылкы өнүгүү стратегиясында камтылып бирок аягына чыкпай калган эле. 2010-жылдын апрелинен кийин келген коалициялык өкмөт да регионалдык саясатты жакшыртуу боюнча бир аз иштерди жүргүзө алды. 2011-жылдын жайында өкмөттүн жетекчилиги тарабынан 2009-жылы иштелип чыккан концепцияга караганда региондорду өнүктүрүү боюнча жаңы концепция

иштеп чыгуу керектигин, мурунку концепция декларативдүү болуп калганын айткан эле жана аны иштеп чыгуу боюнча ведомостволор аралык комиссия түзүлгөн болчу. Натыйжада КР өкмөтүнүн 2012-2014- орто мөөнөттөгү өнүгүү программасы иштелип чыкты жана ал Жогорку Кеңештин 23-декабрь 2011-жылдагы №1451-V токтому менен бекитилип "Туруктуулук жана татыктуу жашоо" деп аталды, ошол документте "Кыргызстандын региондорун өнүктүрүү" деген бөлүм киргизилген.

Программада регионалдык өнүгүүдөгү негизги проблемалардын бири- "Региондордун өнүгүүсүнүн ортосундагы диспропорция (теңсиздик) коомдогу социалдык чыңалууга, эмгек миграциясынын өсүшүнө алып келди, өлкөбүздүн экономикалык өсүшүнө тоскоол болууда..." деп айтылган.

Туура, региондордун өнүгүүсүнүн ортосундагы диспропорциянын пайда болушуна алып келген объективдүү факторлор биринчи, жаратылыш -климаттык шарттардын айрымачылыгы, экинчиден, жаратылыш ресурстарынын, кен байлыктарынын ар түрдүү жайгашышы, үчүнчүдөн демографиялык мүнөздөмөлөрдүн, эмгек ресурстарынын потенциялындагы айрымачылыктар менен түшүндүрүлөт. Бирок ошол эле мезгилде диспропорциянын пайда болушуна чечүүчү таасир көрсөткөн бул региондордун комплесктүү өнүгүүсүнө багыт берген, колдогон, шарт түзгөн алардын аймагындагы социалдык-экономикалык потенциалды жана мүмкүнчүлүктөрдү натыйжалуу пайдалануу, алардын финансалык жана энергетикалык ресурстарды пайдаланууга бирдей шартта жетишин камсыз кылган мамлекеттик регионалдык саясаттын, концепциянын жоктугу деп айтсак туура болот.

КР өкмөтүнүн 2012-2014- орто мөөнөттөгү өнүгүү программасы да мурункудай эле декларативдик мүнөзгө ээ болуп калды, анткени, ушул программада "региондордун комплекстүү өнүгүүсү боюнча регионалдык концепцияны иштеп чыгуу керек" деген резолюциялык билдирүү жарыяланды да, андан ары бул маселе да токтоп калды. Бул жерде концепцияны иштеп чыгуу керек деп атайын өкмөттүн бир токтомун кабыл

албай эле, региондордун комплекстүү өнүгүүсү боюнча регионалдык концепцияны иштеп чыгып, элдин кароосуна, Жогорку Кеңешке сунуш кылууга кантип болбосун, бул маселе экономикалык реформа болгон 20 жылдан ашык Кыргыз Өкмөтүнүн алдына коюлуп келе жаткан негизги проблемалардын бири, бирок, Кыргыз өкмөтүндөгү мурункунун ишин кийинкиси улап кетүү (преемственность) жумушунун жоктугу ушундай кемчиликтерге алып келүүдө б.а регионалдык концепция алиге дейре иштелип чыга элек.

Программанын региондорду өнүктүрүү бөлүкчөсүн, Кыргыз Өкмөтүнүн көз караштарын анализ кылып олтуруп региондорду өнүктүрүүнүн негизги багыттарына кошумча өз сунушубузду айтсак туура болчудай;

Программада -“Акырындап алардын (региондордун) финансалык өз алдынчалыгын күч алтуу” керек деп белгиленген. Биздин оюбузча бул эч кандай нормативдик укуктук база менен коштолбой, өкмөттүн финансы жаатында жүргүзүп жаткан саясаты менен байланышпай эле жазылган фраза десе болот. Бул документ 2011-жыл декабрда кабыл алынып жатса 2012-жылга эки деңгээлдеги бюджет болуп, облустар канча салык чогултат, кайсы салыктарды өздөрүндө калтырат, кайсыл салыкка женилдик бере алат, жакшы иштешсе экономикасы өнүксө канча облуска кошумча киреше алат, мындай рычагдар алынып салынып, облустун финансалык өз алдынчалыгы жокко чыгып олтурат. Облустук мамлекеттик администрация өзү республикалык бюджетке карап калды. Бул жерде региондордун (облустардын) кандай финансалык өз алдынчалыгы жөнүндө сөз болот. Бул багытта Россия Федерациясынын региондорунун ортосундагы финансалык өз алдынчалыгын күч алткан, саясатынын макетин колдонууга алса болот.

- “Ар бир региондо жашаган калктын экологиялык коопсуздугун сактоо”; деп жазылган. Бул жерде регион эч нерсе жасай албайт кичинекей сумма болсо да республикалык бюджетти карап олтурууга туура келет.

- “Региондордогу калктын жашоо деңгээлин жана сапатын экономиканы

көтөрүү аркылуу жогорулатууну камсыз кылуу”; Муну инвестициялык проекттерди региондор аркылуу тактап бөлүп жазып чыкмайынча бул жалпыланган декларативдик фраза боюнча калып турат.

Ошол эле мезгилде программада жазылган региондордун инвестициялык жагымдулугун көтөрүү үчүн ири инвесторлорго салык жагынан жеңилдик берүү, региондорду адистештирүү, ар бир облустун өнүгүү планын түздүрүү, региондордун жетекчилерине иштеген ишинин натыйжасы боюнча баалоо (бул боюнча биздин 2 –баптагы региондордун социалдык-экономикалык кубуттуулугун баалагандагы, аныктагандагы индикаторлор, көрсөткүчтөрдү колдонсо өтө жакшы болор эле) сыяктуу иш чаралардын каралышын туура деп эсептейбиз, эгер алар турмушка ашса региондордун өнүгүүсүнө шарт түзөр эле. **Тезирээк Кыргызстанда КР өкмөтүнүн 2012-2014- орто мөөнөттөгү “Туруктуулук жана татыктуу жашоо”,”2013-2017-жылдардын мезгилине КР туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы” деген программаларда каралган регионалдык өнүгүү концепциясын иштеп чыгуу керек.**

Кыргызстанда регионалдык өнүгүү концепциясын жогоруда айткандай башка стратегиялык программалар менен байланыштырып, өлкөнүн негизги өнүгүү максатына шайкеш келтирүү керек. Бизде бул маселе али чечиле элек.

Теориялык жактан регион дегенде кайсы аймактык-административдик системанын түзүмүн субъект кылып алабыз бул дагы илимий жактан аныкталып, укуктук жактан бекитилиши абзел. ”Күчтүү региондор-күчтүү мамлекет” дегенде карапайым калктан тартып, чиновникке чейин аймактык-административдик системанын бир түзүмүн (бир субъектисин) регион деп түшүнүк алганы, административдик, финансалык, экономикалык, социалдык ж.б. саясатты так жүргүзүүгө шарт түзөт. Ал эми азыр жүргүзүлүп жаткан “Кыргыз Республикасындагы административдик аймактык реформанын концепциясы жөнүндөгү” Кыргыз Өкмөтүнүн 23-март 2012-жылдагы №198 токтому, иштелип чыга турган регионалдык саясаттын концепциясынын бир

бөлүкчөсү гана болуп калат, бул концепцияга да кошумча алымчаларды киргизүү керек ал үчүн жарандык коомду, окмуштууларды, адистерди, региондордун өкүлчулүгүн кошуп бирдиктүү бир концепцияны иштеп чыгуу зарылчылыгы алдыда турат.

Мамлекеттин регионалдык саясатын иштеп чыгууда жогоруда айтылгандай коңшу өлкөлөрдүн (Россия,Казакстан) ошондой эле аянты, калкынын саны ж.б мүнөздөмөлөрү биздин мамлекетке окшогон жакынкы, алыскы чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын изилдеп үйрөнүү туура болот. Бул багытта мамлекеттик регионалдык саясаты бир топ өнүккөн Россия федерациясын изилдеп Кыргызстандын регионалдык саясатына салыштырып көрөлү.

